М. СУЛТАНБАЕВ

АЛГЕБРА

ЖАНА АНАЛИЗДИН БАШТАЛЫШЫ БОЮНЧА МААЛЫМДАМА

МАСЕЛЕ-МИСАЛДАР ЧЫГАРЫЛЫШТАРЫ МЕНЕН



$$\int_a^b f(x)dx = F(x)\Big|_a^b = F(b) - F(a)$$

УДК: 33
ББК: 22,1 Кырг.
С – 49.

Рецензенттер:
Е. Е. Син – педагогика илимдеринин доктору, профессор
А. Б. Байзаков – физико-математика илимдеринин доктору, профессор

КББАнын окуучутуулар кеңешинин 2017-жылдын 29-июнь № 5 жыйынынын токтомунда бекитилген

Султанбаев Маданбек
С – 49 Алгебра. Маалымдама. 11-класс. – Б.: 2017. – 288 б.

ISBN 978-9967-27-114-0

Бул китеп мектеп окуучуларына, студенттерге жана жаш математика мугалимдерине "Алгебра жана анализдин башталышын" өз алдынча окуп үйронүүчүлөргө колдонмо катары арналат.

Китепте бүтүрүүчүлөр үчүн экзамендерге даярданууда, жалпы республикалык тестирлөөгө даярданууда абдан зарыл материалдар, башкача айтканда теориялык билимди практика жүзүндо аткара билүүгө карата ар түрдүү деңгээлдеги маселе-мисалдарды чыгаруу усулдары берилди.

ISBN 978-9967-27-114-0

Кириш сөз

Кымбаттуу окуучулар!

Бул маалымдама китеп, жалпы билим берүүчү мектептердин математика курсунун программалык материалдарынын негизинде «Алгебра жана анализдин башталышы» боюнча 11-класстарга түзүлдү.

Китептеги теориялык материалдар, көнүгүүлөр үчүн берилген маселе-мисалдар, «жөнөкөйдөн татаалга» принциби боюнча түзүлүп чыкты. Тактап айтканда баштапкы функцияны табу эрежелери, аныкталбаган интегралды табу эрежелери, көрсөткүчтүү жана логарифмалык функциялардын аныктамалары жана касиеттери кыскача түрдө баяндалып, ар түрдүү деңгээлдеги маселе-мисалдар чыгарылыштары менен сунушталды. Ойлонууну талап кылган стандарттык эмес ыкмалар менен чыгарылуучу көнүгүүлөр да кошулду.

Силердин бүтүрүүчү класс экендигиңер эске алынып, маалымдама китепке тиркеме катары 5–11-класстын математика боюнча көнүгүүлөрү камтылган тесттик тапшырмалар чыгарылыштары менен берилди.

Бул китеп силерге бүтүрүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырууга, жалпы республикалык тестирлөөгө мыкты даярданууга, китеп менен өз алдынча иштеп, билимиңерди өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт деген чоң үмүттөмүн.

Силерге илим-билим жолунда ак жол, албан-албан ийгиликтерди каалайм.

Автор.

Китеп боюнча ойлорду жана сын-пикирлерди «Кут-Билим сабак» гезитине бериңиздер.

Байланыш телефон: 0554 44 06 28.

I бөлүм.

Баштапкы функция жана интеграл.

1.1 Баштапкы функция. Аныкталбаган интеграл.

Аныктама.

Эгерде берилген (a, b) *интервалындагы ар кандай* x *чекити үчүн* $f(x)$ *функциясынын мааниси* $F(x)$ *функциясынын туундусунун маанисине барабар*

б.а. $F'(x) = f(x)$ *болсо, анда* $F(x)$ *функциясы* $f(x)$ *функциясынын* (a, b) *интервалындагы баштапкы функциясы деп аталат.*

1-мисал. $F(x) = \frac{x^6}{3}$ *функциясы* $f(x) = 2x^5$ *функциясы үчүн баштапкы функция болушун далилдегиле.*

Чыгаруу: $F(x) = \frac{x^6}{3}$ *функциясы* $(-\infty; +\infty)$ *интервалында аныкталган, анын ушул аралыктагы туундусун табабыз.*

$F'(x) = \left(\frac{x^6}{3}\right)' = 6 \cdot \frac{1}{3} \cdot x^5 = 2x^5$ *демек,* $(-\infty; +\infty)$ *интервалында* $F(x)$ *функциясы* $f(x)$ *функциясынын баштапкы функциясы болот. Ошондой эле* $F(x) = \frac{x^6}{3} + 5$ *функциясы да* $f(x) = 2x^5$ *функциясынын баштапкы функциясы болот. Анткени* $x \in (-\infty; +\infty)$ *үчүн*

$$F'(x) = \left(\frac{x^6}{3} + 5\right) = 2x^5 = f(x)$$

Ошентип ар кандай турактуу сандын туундусу $c' = 0$ *болгондуктан* $F(x) + c = \frac{x^6}{3} + c$ *функциясы да* $f(x)$ *функциясынын баштапкы функциясы болот.*

Демек $f(x) = 2x^5$ *функциясынын баштапкы функциясы чексиз көп.*

2-мисал. $F(x) = sinx + 7$ *функциясы* $(-\infty; +\infty)$ *аралыгында* $f(x) = cosx$ *функциясынын баштапкы функция болушун көрсөткүлө:*

Чыгаруу: $F(x) = (sinx + 7)' = (sinx)' + 7' = cosx = f(x)$.

Баштапкы функциялар болгон $y = sinx$,

$y = sinx + 0{,}5$ $y = sinx + 1$ *функцияларынын графиктери Оу огун тик бойлото паралель жылдыруудан алынат.(1-сүрөт)*



1-сүрөт

Төмөнкү эки теоремада баштапкы функциялардын негизги касиеттери баяндалат.

Теорема 1. *(функциянын турактуулук белгиси)*

Эгерде кандайдыр бир $(a; b)$*аралыгында* $F'(x) = 0$ *болсо, анда F функциясы* $(a; b)$ *аралыгында турактуу чоңдук болот.*

Теорема 2. *Эгерде* $f(x)$ *функциясы* $(a; b)$ *аралыгында аныкталган болсо, анда анын каалагандай баштапкы функциясын*

$$F(x) + C$$

түрүндө жазууга болот, мында $F(x)$ *функциясы* $f(x)$ *функциясынын* $(a; b)$ *аралыгындагы баштапкы функцияларынын бири,* $C -$ *каалагандай турактуу сан.*

Эскертүү: Теоремалар далилдөөсүз берилет. Кээ бир функциялардын баштапкы функцияларынын таблицасы.

f функциясы	k (турактуу)	x^n $n \in Z$, $n \neq 1$	$\frac{1}{\sqrt{x}}$	$sinx$	$cosx$	$\frac{1}{cos^2x}$	$\frac{1}{sin^2x}$
f функциясынын баштапкы функциялары.	$kx + c$	$\frac{x^{n+1}}{n+1} + c$	$2\sqrt{x} + c$	$-cosx + c$	$sinx + c$	$tgx + c$	$-ctgx + c$

Функциянын баштапкы функциялары төмөндөгүдөй үч эреже боюнча табылат.

1-эреже. *Эгер f үчүн баштапкы функция F болсо, ал эми g үчүн баштапкы функция G болсо, анда $f + g$ үчүн $F + G$ баштапкы функция болот.*

2-эреже. *Эгер f үчүн F функциясы баштапкы, ал эми k туруктуу чоңдук болсо, анда kf үчүн KF функциясы баштапкы функция болот.*

3-эреже. *$f(x)$ функциясы үчүн $F(x)$ баштапкы функциясы болуп, жана $k \neq 0$, b туруктуу чоңдуктар болсо, анда $\frac{1}{k}F(kx+b)$ функциясы $f(kx+b)$ функциясынын баштапкы функциясы болот.*

3-мисал. $f(x)$ функциясы үчүн баштапкы функциялардын жалпы түрүн тапкыла.

а) $f(x) = x^5 + 4;$ в) $f(x) = sin^2\frac{x}{2} - cos^2\frac{x}{2};$

б) $f(x) = \frac{1}{\sqrt{x}} - 2;$ г) $f(x) = 3 + tg^2x.$

Чыгаруу:

а) $f\ (x) = x^5 + 4$, x^5 *нин баштапкысы* $\frac{x^{5+1}}{5+1} = \frac{x^6}{6}$,

4 түн баштапкысы $4x$ *болот.*

Демек, 1-эреже боюнча $F(x) = \frac{x^6}{6} + 4x + c$ *болот.*

таблицадагы туруктуу сандын, x^n нын баштапкы функцияларын табуу эрежесин пайдаланабыз.

2-теореманы колдонобуз.

Чыгаруу: б) $f(x) = \frac{1}{\sqrt{x}} - 2;$ *таблицаны пайдаланабыз*

$F(x) = 2\sqrt{x} + 2x + c;$

Чыгаруу

Чыгаруу: в) $f(x) = sin^2\frac{x}{2} - cos^2\frac{x}{2};$

$cos^2 \propto - sin^2 \propto = cos2 \propto$ *формуласын колдонуп,*

$sin^2\frac{x}{2} - cos^2\frac{x}{2}$ *туюнтмасын жөнөкөйлөтүп алабыз.* $sin^2\frac{x}{2} - cos^2\frac{x}{2} = -\left(cos^2\frac{x}{2} - sin^2\frac{x}{2}\right) = -cos\,x.$

Демек, $f(x) = -cos\,x$, *таблианы пайдаланып*

$F(x) = sin\,x + c$ *баштапкы функцияны табабыз.*

Чыгаруу: г) $f(x) = tg^2x + 3;$

$1 + tg^2x = \frac{1}{cos^2x}$ *формуласын колдонобуз.*

$3 + tg^2x = 2 + 1 + tg^2x = 2 + \frac{1}{cos^2 x}$

Демек, $f(x) = 2 + \frac{1}{cos^2 x}$, *таблицаны колдонобуз*

$F(x) = 2x + tgx + c$ *болот.*

4 – мисал. Төмөнкү функциялар үчүн баштапкы функциялардын жалпы түрүн тапкыла:

а) $f(x) = x^5 - 8x^3 + 6x - 5$; *в)* $f(x) = (3x-5)^5$;

б) $f(x) = -\frac{3}{x^5} + \frac{2}{sin^2(2x-1)}$; *г)* $f(x) = \frac{2}{(2-3x)^4}$

Чыгаруу:

а) $F(x) = \frac{x^6}{6} - 8 \cdot \frac{x^4}{4} + 6 \cdot \frac{x^2}{2} - 5x + c = \frac{x^6}{6} - 2x^4 + 3x^2 - 5x + c$;

Чыгаруу: б) $F(x) = -3 \cdot \frac{x^{-5+1}}{-5+1} + 2 \cdot \frac{1}{2}\left(-ctg(2x-1)\right) + c =$

$$= -3 \cdot \frac{x^{-5+1}}{-5+1} - ctg(2x-1) = \frac{3x^{-4}}{4} - ctg(2x-1) + c$$

Чыгаруу: в) $F(x) = \frac{1}{3}\frac{(3x-5)^6}{6} + c = \frac{(3x-5)^6}{6} + c$

Чыгаруу: г) $F(x) = 2 \cdot \left(\frac{(2-3x)^{-4+1}}{-4+1} = 2 \cdot \left(\frac{-1}{3}\right) \cdot \frac{(2-3x)^{-3}}{-3} =\right.$

$$= -\frac{2}{9(2-3x)^3} + c.$$

Аныктама.

Берилген $f(x)$ *функциясынын баштапкы функциясынын жыйындысы* $f(x)$ *функциясынын аныкталбаган интегралы деп аталат. Ал төмөндөй белгиленет.*

$\int f(x)dx.$ *«*$f(x)$ *функциясынын аныкталбаган интегралы» – деп окулат.*

Мында; $\int$ *– символу интеграл белгиси,* $f(x)$ *– интеграл астындагы функция,* $f(x)dx$ *интеграл астындагы туюнтма,* x *– интегралдоонун өзгөрмөсү.*

Эгерде $F(x)$ *функциясы* $f(x)$ *функциясынын баштапкы функциясы болсо, анда 2 – теореманын негизинде*

$\int f(x)dx = F(x) + C$ *болот, мында* C *- турактуу сан.*

Аныкталбаган интегралды табуунун эрежелери.

1. $\int kf(x)dx = k \cdot \int f(x)dx.$
2. $\int [f_1(x) + f_2(x)]dx = \int f_1(x)dx + \int f_2(x)dx.$
3. $\int f(kx+b)dx = \frac{1}{k}F(kx+b) + C$ *мында* k *- турактуу сан.*

Функциялардын аныкталбаган интегралын табууда, баштапкы функцияларды табуу таблицасын же төмөндөгүдөй интегралдоо формулаларын колдонобуз.

Интегралдоонун негизги таблицалары

Аныкталбаган интеграл.	*Себеби.*
1. $\int 0dx = C$	$C' = 0,$
2. $\int adx = ax + C,$	$(ax + C)' = a,$
3. $\int x^n dx = \frac{x^{n+1}}{n+1} + C,$	$\left(\frac{x^{n+1}}{n+1} + C\right)' = x^n,$
4. $\int sinxdx = -cosx + C,$	$(-cosx + C)' = sinx$
5. $\int sin(kx+b)dx = -\frac{1}{k}cos(kx+b) + C$	$\left(-\frac{1}{k}cos(kx+b)\right)' = sin(kx+b)$
6. $\int cosxdx = sinx + C.$	$(sinx + C)' = cosx.$
7. $\int cos(kx+b)dx = \frac{1}{k}sin(kx+b) + C.$	$\left(\frac{1}{к} sin(kx + в)\right)' = cos(kx + в)$
8. $\int \frac{1}{cos^2x} \cdot dx = tgx + C,$	$(tgx + C)' = \frac{1}{cos^2x},$
9. $\int \frac{dx}{sin^2x} = -ctgx + C$	$(-ctgx + C)' = \frac{1}{sin^2x},$
10. $\int \frac{dx}{\sqrt{1-x^2}} = arc\sin x + C$	$(arc\sin x + C)' = \frac{1}{\sqrt{1-x^2}},$
11. $\int \frac{dx}{\sqrt{a^2-x^2}} = arc\sin\frac{x}{a} + C$	$\left(-arc\cos\frac{x}{a} + C\right)' = \frac{1}{\sqrt{a^2-x^2}}$ $\lvert x\rvert < \lvert a\rvert,$
12. $\int \frac{dx}{1+x^2} = arc\,tgx + C,$	$(arc\,tgx + C)' = \frac{1}{1+x^2},$

13. $\int \frac{dx}{x^2+a^2} = \frac{1}{a} \cdot arc\,tg\frac{x}{a} + C = -arcctg\frac{x}{a} + C,$	
14. $\int \frac{1}{\sqrt{x}}dx = 2\sqrt{x} + C$	$(2\sqrt{x} + C)' = \frac{1}{\sqrt{x}}.$

Бул формулалар интеграл астындагы фукнкциялар чексизге айланбаган чекиттер үчүн гана туура.

5-мисал. Төмөнкү интегралдарды тапкла.

а) $\int x^{10}dx;$

б) $\int(3x^2 + 7)dx;$

в) $\int(x^5 + 3x^4 - 5x^3 + 2x + 7)($

г) $\int\left(\frac{2}{sin^2x} + \frac{5}{\sqrt{1-x^2}}\right)dx;$

д) $\int 2x^2\sqrt{x}dx;$

е) $\int\left(cosx + \frac{1}{cos^2x}\right)dx$

ж) $\int\left(sinx + \frac{1}{\sqrt{1+x^2}}\right)dx$

з) $\int cos\left(3x + \frac{\pi}{4}\right)dx$

и) $\int sin\,(5x + 2)dx;$

к) $\int \frac{3dx}{(4x-5)^5}.$

Чыгаруу: Мисалдарды чыгарууда баштапкы функцияларды табуунун үч эрежесин, интегралдоо таблицасын, аныкталбаган интегралдын үч касиетин пайдаланабыз.

а) $\int x^{10}dx = \frac{x^{10+1}}{10+1} + C = \frac{x^{11}}{11} + C;$	*3 – таблица пайдаланылды.*
б) $\int(3x^2 + 7)dx = \int 3x^2dx +$ $+ \int 7dx = 3 \cdot \frac{x^3}{3} + 7x + C =$ $= x^3 + 7x + C;$	*Интегралдоонун 2-3- касиети, 2-3- формулалары пайдаланылды*
в) $\int(x^5 + 3x^4 - 5x^3 + 2x + 7)dx =$ $= \int x^5dx + \int 3x^4dx + \int 5x^3dx +$ $+ \int 2xdx + \int 7dx =$ $= \frac{x^6}{6} + 3 \cdot \frac{x^5}{5} - 5 \cdot \frac{x^4}{4} + 2 \cdot \frac{x^2}{2} + 7x + C =$ $= \frac{x^6}{6} + \frac{3x^5}{5} - \frac{5x^4}{4} + x^2 + 7x + C;$	*Интегралдоонун 2-3- касиети, интегралдоонун 2– 3 - формулалары пайдаланылды*
г) $\int\left(\frac{2}{sin^2x} + \frac{5}{\sqrt{1-x^2}}\right)dx = \int\frac{2}{sin^2x}dx +$ $+ \int\frac{5}{\sqrt{1-x^2}}dx = 2\int\frac{1}{sin^2x} \cdot dx +$ $+5\int\frac{1}{\sqrt{1-x^2}}dx = 2 \cdot (-ctgx) +$ $+5arcsinx + C = -2ctgx +$ $+5arcsinx + C;$	*интегралдоонун 2-3-касиети, интегралдоонун 9-10-формулалары пайдаланылды.*

д) $\int 2x^2\sqrt{x}dx = 2\int x^{2\frac{1}{2}}dx = 2\cdot\frac{x^{2\frac{1}{2}+1}}{2\frac{1}{2}+1} +$ $+C = 2\cdot\frac{x^{\frac{7}{2}}}{\frac{7}{2}} + C = \frac{4x^{3\frac{1}{2}}}{7} + C = \frac{4x^3\sqrt{x}}{7} + C;$	*Рационал көрсөт-күчтүү даражанын касиеттери, Интегралдоонун 3-касиети, Интегралдоонун 3-формуласы пайдаланылды.*
е) $\int\left(cosx + \frac{1}{cos^2x}\right)dx = \int cosx\,dx +$ $+\int\frac{1}{cos^2x}dx = sinx + tgx + C;$	*6-формула, 8-формула пайдаланылды.*
ж) $\int\left(sinx + \frac{1}{\sqrt{1+x^2}}\right)dx = \int sinx\,dx +$ $+\int\frac{1}{\sqrt{1+x^2}}dx = -cosx + arc\,tgx + C;$	*4-формула, 12-формула пайдаланылды.*
з) $\int cos\left(3x + \frac{\pi}{4}\right)dx =$ $= \frac{1}{3}sin\left(3x + \frac{\pi}{4}\right) + C;$	*баштапкы функцияны табуунун 3-эрежеси, 6-формула пайдаланылды.*
и) $\int sin(5x+2)dx =$ $= -\frac{1}{5}cos(5x+2) + C;$	*3-эреже, 4-5-формула пайдаланылды.*
к) $\int\frac{3dx}{(4x-5)^5} = 3\int(4x-5)^{-5}dx = 3\cdot$ $\cdot\frac{1}{4}\cdot\frac{(4x-5)^{-5+1}}{-5+1} + C = \frac{3}{4}\cdot\frac{(4x-5)^{-4}}{-4} + C =$ $= -\frac{3}{16(-4x-5)^4} + C;$	*Рационал көрсөт-күчтүү даражанын касиеттери, Интегралдоонун 3-касиети, Интегралдоонун 3-формуласы пайдаланылды.*

1.1. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар.

1. Берилген аралыкта f функциясы үчүн F функциясы баштапкы функция болобу?

а) $F(x) = x^{10} + 3,\quad f(x) = 10x^9,\quad x\epsilon(-\infty; +\infty)$

б) $F(x) = x^{-6} + 2x,\quad f(x) = -6x^{-7} + 2,\quad x\epsilon(-\infty; +\infty)$

в) $F(x) = 3 + sinx,\quad f(x) = cosx,\quad x\epsilon(-\infty; +\infty)$

г) $F(x) = tgx - 4,\quad f(x) = \frac{1}{cos^2x}\quad x\epsilon\left(-\frac{\pi}{2}; \frac{\pi}{2}\right).$

2. f функциясынын баштапкы функцияларынын жалпы түрүн тапкыла:

а) $f(x) = 3x^2 + x - 5$; *д)* $f(x) = \frac{1}{cos^2 x} + x^3$;

б) $f(x) = (sin\frac{x}{2} - cos\frac{x}{2})^2$; *е)* $f(x) = \frac{3}{\sqrt{x}} - 2x^{-4}$;

в) $f(x) = -8x^3 + \frac{5}{x^3} + 3x^2 - 9$; *ж)* $f(x) = \frac{2}{1+4x^2} - \frac{3}{\sqrt{1-9x^2}}$;

г) $f(x) = \frac{4}{cos^2 x} + \frac{3}{1+x^2} - \frac{5}{\sqrt{1-x^2}}$; *з)* $f(x) = 4cos2x + 6x + \frac{4}{x}$.

3. Түз сызык боюнча кыймылда болгон чекиттин ылдамдыгы $\vartheta(t) = t^2 + 2t - 1$ формуласы аркылуу берилген. Эгерде чекит убакыттын баштапкы моментинде $(t = 0)$ координаттык башталышта болсо, анда анын координатасынын убакыт t дан болгон көз карандылыгынын формуласын жазгыла.

4. Түз сызыктуу кыймылдагы чекиттин ылдамдануусу $a(t) = 12t^2 + 4$. Эгерде анын ылдамдыгы $t = 1$ моментинде 10м/с, ал эми координатасы 12 болсо, анда чекиттин кыймылынын законун тапкыла.

5. Төмөнкү аныкталбаган интегралдарды тапкыла:

а) $\int 9dx$; з) $\int (5x^4 - 2x^2 + 7)\, dx$;

б) $\int 5x\ dx$; и) $\int \frac{7x^6+3}{x^4} dx$;

в) $\int x^2 dx$; к) $\int (3x - 5)^{10} dx$;

г) $\int \frac{1}{\sqrt{x}} dx$; л) $\int \frac{7}{cos^2(4x+1)} \cdot dx$;

д) $\int 3cosx\ dx$; м) $\int \left(\frac{2}{sin^2 x} + \frac{3}{\sqrt{1-x^2}}\right) dx$;

е) $\int \frac{1}{sin^2 x} dx$; н) $\int 2x\sqrt{x}\, dx$;

ж) $\int sin\left(5x + \frac{\pi}{3}\right) dx$; о) $\int \left(\frac{1}{(3x-1)^4} + \frac{4}{\sqrt[3]{x}}\right) dx$.

6. Түз сызыктуу кыймылдагы чекиттин ылдамдануусу $a(t)$га барабар. Эгерде $t = t_0$ болгондо чекиттин координатасы x_0 го, ал эми ылдамдыгы φ_0 гө барабар болсо, анда чекиттин кыймылынын законун тапкыла:

$$a(t) = 8t + 8,\ \ t_0 = 0,\ \ x_0 = 6,\ \ \varphi_0 = 3.$$

7. Массасы m болгон материалдык чекит Ох огун бойлото багытталган күчтүн аракети астында ушул ок боюнча кыймылга келет. Бул күч убакыттын t моментинде F(t) га барабар. Эгерде t=t₀ болгондо ылдамдык ϑ_0 гө, ал эми координатасы x_0 гө барабар болсо, $x(t)$нын t убакыттан болгон көз карандылыгынын формуласын тапкыла.

($F(t)$ – ньютон, t – секунда, ϑ – м/с, m – кг)

$F(t) = 21t; \quad t_0 = \pi, \ \vartheta_0 = 2, \ x_0 = 3, \quad m=7.$

8. f тин F, баштапкы функциякциясыны графиги M чекити аркылуу, F_2 баштапкы функциясынын графиги N чекити аркылуу өтөт. Бул баштапкы функциялардын айырмасы эмнеге барабар?

Эгерде: $f(x) = 3x^2 - 2x + 4$, $M(-1;1)$, $N(0;3)$ болсо, F_1 жана F_2 функцияларынын кайсынысынын графиги жогору жайгашкан?

1.2. Аныкталган интеграл.
Ийри сызыктуу трапециянын аянты.

Берилген $[a;b]$ кесиндисинде үзгүлтүксүз жана белгисин өзгөртпөгөн $y = f(x)$ функциясы берилсин. Ушул функциянын графиги менен, $[a;b]$ кесиндиси жана $x = a$, $x = b$ түз сызыктары менен чектелген фигураны ийри сызыктуу трапеция дейбиз.

Ушул трапециянын аянтын табуу талап кылынсын.



2-сүрөт

Бул трапециянын аянтын табуу үчүн $[a;b]$ *сегментин* $x_k(k = 0;\ 1,\ 2, 3 \dots n)$ *чекиттери менен* n *бөлүккө бөлөбүз. Мында* $a = x_0,\ b = x_n$.

Бөлүү чекиттерине Ox *огуна перпендикуляр түздөрдү жүргүзүп, аларды функциянын графиги менен кесилишкенче созобуз. Анда ийри сызыктуу трапеция* n *бөлүккө бөлүнөт. Ар бир* $[x_{k-1};\ x_k]$ *сегментинин каалаган* C_k *'элементи үчүн* $(C_k; f(C_k))$ *чекитинен* Ox *огуна жарыш түз сызык жүргүзсөк* $x_k - x_{k-1}$ *кесиндиси,* $y = 0$ *жана* $y = f(C_k)$ *элементи үчүн түздөрү менен чектелген* B_k *тик бурчтукун алабыз.*

B_k *тик бурчтугунун аянты*

$S_{B_k} = (x_k - x_{k-1}) \cdot f(C_k)$, *эгер* $x_k - x_{k-1} = \Delta x$ *деп алсак, анда*

$S_{B_k} = f(C_k)\Delta x$ *болот. Анда ийри сызыктуу трапециянын аянты*

$$S_{т} = f(c_1) \cdot \Delta x + f(c_2) \cdot \Delta x +''' + f(C_k) \cdot \Delta x = \sum_{k=1}^{n} f(c_k)\Delta x \qquad (1)$$

болот. Мында $\sum$– белгиси сумманы билдирет.

Эгерде $[a; b]$ сегментинин чексиз көп бөлөктөргө болсок, анда $[x_{k-1}; x_k]$ сегментин чексиз кичиреет, башкача айтканда $\Delta x \to 0$ анда (1) сумма биз издеген ийри сызыктуу тропетциянын аянты болот.

$$S_n = lim_{\Delta x \to 0} \sum_{k=1}^{n} f(c_k)\Delta x, \qquad (2)$$

Бул сумма (2) $f(x)$ функциясынын $[a; b\,]$ сегментиндеги интегралдык суммасы деп аталат.

Аныктама.

Эгерде $[a; b\,]$ сегментин бөлүктөргө бөлүүнүн санын (n ди) чексиз чоңойткондо башкача айтканда δ ны чексиз кичирейткенде (2) интегралдык суммасы чектүү J пределине ээ болсо жана ал предел x_k менен C_k $(k = 1,2, \ldots\, n)$ чекиттерин тандоодон көз каранды болбосо, анда J саны $f(x)$ функциясынын $[a; b\,]$ сегментиндеги аныкталган интегралы деп аталат жана ал интеграл.

$\int_a^b f(x)\, dx$ *менен белгиленет.* (3)

Демек, $\int_a^b f\,(x)dx = \lim_{n\to\infty} S_n = \lim_{\delta\to 0} \sum_{k=1}^{n} f(c_k)\,\Delta x = J$ (3)

Аныкталган интеграл төмөндөгүдөй касиеттерге ээ болот.

1^0.*Эгерде $f(x)$ функциясы $[a; b\,]$ кесиндисинде интегралдануучу функция болсо, анда ар кандай турактуу чоңдук $C \in R$ үчүн $\int_a^b c\, f(x)dx = c\int_a^b f(x)\, dx$ болот.*

2^0.*Эгерде $f(x)$ жана $g(x)$ функциялары $[a; b\,]$ кесиндисинде интегралдануучу функция болсо, анда*

$\int_a^b [\varphi(X) + g(X)Dx = \int_a^b \varphi(x)dx + \int_a^b g(x)dx$

барабардыгы аткарылат.

3^0. *Эгерде $\varphi(x)$, $g(x)$ функциялары $[a; b]$ сегментинде интегралдануучу функция болсо жана ар кандай $x \in [a; b\,]$ үчүн $f(x) \le g(x)$ болсо, анда* $\int_a^b f(x)dx \le \int_a^b g(x)\, dx$ *барабарсыздыгы аткарылат.*

4^0.*Эгерде $f(x)$ функциясы $[a; b]$ сегментинде үзгүлтүксүз болсо, анда кандайдыр бир $C \in [a; b]$ үчүн $\int_a^b f(x)dx = f(c) \cdot (b - a)$ барабардыгы аткарылат.*

5^0. *Эгерде* $f(x)$ *функциясы* $[a;b]$ *кесиндисинде интегралдануучу функция болсо, анда ар кандай* $C \in [a;b]$ *үчүн* $\int_a^b f(x)dx = \int_a^c f(x)dx + \int_c^b f(x)\,dx$ *болот, мындан* $\int_a^a f(x) = 0$ *барабардыгы келип чыгат.*

6^0. *Эгерде* $f(x)$ *функциясы* $[a;b]$ *кесиндисинде интегралдануучу функция болсо, анда ал функция* $[a;b]$ *чектелген болот, башкача айтканда ар кандай* $x \in [a;b]$ $|f(x)| \le M$ *барабарсыздыгы аткарылгандай* $0 < M$ *саны табылат.*

1.3. Жогорку предели өзгөрүлмө интеграл жана Ньтон – Лейбництин формуласы.

Эгерде $f(x)$*функциясы* $[a;b]$ *кесиндисинде интегралдануучу функция болсо, анда ар кандай* $x \in [a;b]$ *үчүн берилген функия* $[a;x]$ *кесиндисинде дагы интегралдануучу функция болот, б.а. ар кандай* $x \in [a;b]$ *үчүн* $\int_a^x f(b)dt$ *интегралы аныкталат. Бул интеграл жогорку предели өзгөрүлмө интеграл деп аталат.*

$F(x) = \int_a^x f(t)dt$ *функциясы (4)* $[a;b]$ *сегментинде аныкталат жана ар кандай* $x \in [a;b]$, *үчүн* $F(x) = \left(\int_a^x f(t)dt\right)' = f(x)$ *барабардыгы,* $\int f(t)dt = \int_a^x f(t)dt + C$ *аткарылат.*

Эми аныкталган интегралды эсептөөдө кеңири колдонуучу Ньютон-Лейбництин формуласы менен таанышабыз.

Теорема. Эгерде $f(x)$ *функциясы* $[a;b]$ *сегментинде үзгүлтүксүз функция болсо жана* $F(x)$ *функциясы* $[a;b]$ *сегментинде* $f(x)$ *функциясынын каалагандай баштапкы функциясы болсо, анда*

$$\int_a^b f(x)dx = F(x)\,|_a^b = F(b) - F(a) \quad (4)$$

формуласы орун алат. Бул формула Ньтон – Лейбництин формуласы деп аталат.

1- Мисал: Ньтон – Лейбництин формуласын колдонуп, төмөнкү интегралды.

Эсептегиле:

а) $\int_1^4 6x\,dx$; *г)* $\int_{-1}^2 3x^2\,dx$; *ж)* $\int_0^1 (2x^3 - x + 1)\,dx$;

б) $\int_{10}^{15} dx$; *д)* $\int_0^1 \sqrt[3]{x^2}\,dx$; *з)* $\int_0^{\frac{\pi}{2}} sin5x\,dx$;

в) $\int_3^5 4dx;$ *е)* $\int_{-1}^0 (x^2+2x)dx;$ *и)* $\int_0^{\frac{\pi}{4}} \frac{dx}{\cos^2 x}.$

Чыгаруу: $\int_a^b f(x)dx = F(x)\,|_a^b = F(b) - F(a)$ *формуласын пайдаланабыз.*

а) $\int_1^4 6x\,dx = 6\cdot\frac{x^2}{2}\,|_1^4 = 3x^2\,|_1^4 = 3\cdot 4^2 - 3\cdot 1^2 = 3\cdot 16 - 3 = 45;$

б) $\int_{10}^{15} dx = x\,|_{10}^{15} = 15 - 10 = 5;$

в) $\int_3^5 4dx = 4x\,|_3^5 = 4\cdot 5 - 4\cdot 3 = 20 - 12 = 8;$

г) $\int_{-1}^2 3x^2\,dx = 3\cdot\frac{x^3}{3}\,|_{-1}^2 = x^3\,|_{-1}^2 = 2^3 - (-1)^3 = 8 + 1 = 9;$

д) $\int_0^1 \sqrt[3]{x^2}\,dx = \int_0^1 x^{\frac{2}{3}}\,dx = \frac{x^{\frac{2}{3}+1}}{\frac{2}{3}+1}\,|_0^1 = \frac{3x^{\frac{5}{3}}}{5}\,|_0^1 = \frac{3\cdot 1^{\frac{5}{3}}}{5} - \frac{3\cdot 0^{\frac{5}{3}}}{5} = \frac{3}{5} - 0 = \frac{3}{5};$

е) Аныкталган интегралдардын 1-2 – касиетин пайдаланабыз.

$$\int_{-1}^0 (x^2+2x)dx = \int_{-1}^0 x^2 dx + 2\int_{-1}^0 x\,dx = \frac{x^3}{3}\,|_{-1}^0 + 2\cdot\frac{x^2}{2}\,|_{-1}^0 =$$

$$= \frac{0^3}{3} - \frac{(-1)^3}{3} + 0^2 - (-1)^2 = 0 + \frac{1}{3} + 0 - 1 = -\frac{2}{3};$$

ж) $\int_0^1 (2x^3 - x + 1)dx = \int_0^1 2x^3 - \int_0^1 x\,dx + \int_0^1 dx =$

$$= 2\cdot\frac{x^4}{4}\,|_0^1 - \frac{x^2}{2}\,|_0^1 + x\,|_0^1 = \frac{1^4}{2} - \frac{0^4}{2} - \frac{1^4}{2} + \frac{0^2}{2} + 1 - 0 =$$

$$= \frac{1}{2} - 0 - \frac{1}{2} + 0 + 1 - 0 = 1;$$

з) $\int_0^{\frac{\pi}{2}} \sin 5x\;dx = -\frac{1}{5}\cos 5x\,|_0^{\frac{\pi}{2}} = -\frac{1}{5}\cos 5\cdot\frac{\pi}{2} + \frac{1}{5}\cos 5\cdot 0 =$

$$= -\frac{1}{5}\cos\left(2\pi + \frac{\pi}{2}\right) + \frac{1}{5}\cos 0 = -\frac{1}{5}\cos\frac{\pi}{2} - \frac{1}{5}\cos 0 = -\frac{1}{5}\cdot 0 +$$

$$+ \frac{1}{5}\cdot 1 = \frac{1}{5};$$

и) $\int_0^{\frac{\pi}{4}} \frac{dx}{\cos^2 x} = tg\,x\,|_0^{\frac{\pi}{4}} = tg\frac{\pi}{4} - tg0 = 1 - 0 = 1.$

1.3. Аныкталган интегралдын колдонулушу. Тегиздиктиктеги фигуранын аянты.

Ийри сызыктуу трапециянын аянты

$S = \int_a^b \varphi(x)dx$ *формуласы менен эсептелет.*

1-мисал. Төмөнкү сызыктар менен чектелген фигуралардын аянттарын эсептегиле:

а) $y = x + 2,$ $y = 0,$ $x = 1,$ $x = 4,$

б) $y = x^3,$ $y = 8,$ $x = 1.$

в) $y = x^2 - 4x + 5, \quad y = 5.$

г) $y = 2cosx, \qquad y = 1, \quad x = -\frac{\pi}{3}, \quad x = \frac{\pi}{3}$

Чыгаруу: а)Адегенде сызыктар менен чектелген фигуралардын сүрөттөрүн чийип алабыз. $y = x + 2$,

$y = 0, \quad y = 1, \quad x = 4, \quad y= x + 2$ *функциясынын графигин чиебиз.*

x	*0*	*2*
y	*2*	*4*

y=0 бул, абцисса огу болуп эсептелет. Демек, чиймеде көрсөтүлгөн трапециянын аянтын табабыз.



3 сүрөт

$$\int_1^4 (x+2)dx = \int_1^4 xdx + \int_1^4 2 \cdot dx = \frac{x^2}{2}\,|_1^4 + 2x\,|_1^4 =$$

$= \frac{4^2}{2} - \frac{1^2}{2} + 8 - 2 = 8 - \frac{1}{2} + 6 = 13\frac{1}{2}$ *кв. бирдик.*

Жообу: трапециянын аянты $13\frac{1}{2}$ *кв. бирдик.*

б) Чыгаруу: $y = x^3$, $\qquad y = 8, \quad x = 1$ *сызыктары менен чектелген фигураны чийип алабыз.*

$y = x^3$

y	*0*	*1*	*2*
x	*0*	*1*	*8*



4-сүрөт

Чиймедеги фигуранын аянтын табуу үчүн $x = 1, x = 2,\ y = 0,\ y = 8$ *түз сызыктары менен чектелген тик бурчтуктун аянтынан,* $y = x^3;\ x = 2;\ x = 1$ *сызыктары менен ийри сызыктуу трапециянын аянтын кемитебиз.*

$$S = \int_1^2 8\,dx - \int_1^2 x^3\,dx = 8x\ |_1^2 - \frac{x^4}{4}\ |_1^2 = 8\cdot 2 - 8\cdot 1 - \left(\frac{2^4}{4} - \frac{1^4}{4}\right) =$$

$$= 8 - \left(4 - \frac{1}{4}\right) = 8 - 3\frac{3}{4} =$$

$$4\frac{1}{4}$$

Жообу: $4\frac{1}{4}$ *кв. бирдик.*

в) Чыгаруу: $y = x^2 - 4x + 4 + 1 = (x-2)^2 + 1.$ *демек* $m = 2,\ n = 1$ *параболанын чокусу* $(2; 1)$ *чекити болот. Штрихтелген фигуранын аянтын табуу үчүн* Oy, Ox *октору жана* $y = 5,\ x = 4$ *түз*



5-сүрөт

сызыктары менен чектелген тик бурчтуктун аянтынан, $y = x^2 - 4x + 5$ *параболасынан түзүлгөн ийри сызыктуу трапециянын аянтын кемитип коёбуз.*

$$\int_0^4 5dx - \int_0^4 (x^2 - 4x + 5)dx = 5x\,|_0^4 - \left(\frac{x^3}{3} - 2x^2 + 5x\right)|_0^4 =$$

$$= 5 \cdot 4 - 5 \cdot 0 - \left(\left(\frac{4^3}{3} - 2 \cdot 4^2 + 5 \cdot 4\right) - \left(\frac{0^3}{3} - 2 \cdot 0^2 + 5 \cdot 0\right)\right) =$$

$$= 20 - \left(\frac{64}{3} - 32 + 20\right) = 20 - 9\frac{1}{3} = 10\frac{2}{3} \text{ кв. бирбик.}$$

Жообу: $S = 10\frac{2}{3}$ *кв. бирдик.*

г) Чыгаруу:

$y = 2\cos x$,

$y = 1,\ x = -\frac{\pi}{3}$,

$x = \frac{\pi}{3}$ *ушул сызыктар менен чектелген фигуранын чиймесин чийип алабыз.*



6-сүрөт

$y = 2\cos x$ *тин графиги,* $x = -\frac{\pi}{3};\ x = \frac{\pi}{3}$ *сызыктары менен чектелген ийри сызыктуу трапециянын аянтынын,* $y = 1,\ x = -\frac{\pi}{3},\ x = \frac{\pi}{3}$ *жана* $y = 0$ *сызыктары менен чектелген тик бурчтуктун аянтын кемитсек, штрихтелген фигуранын аянты чыгат.*

$$\int_{-\frac{\pi}{3}}^{\frac{\pi}{3}} 2coxdx - \int_{-\frac{\pi}{3}}^{\frac{\pi}{3}} 1 \cdot dx = 2sinx\,|_{-\frac{\pi}{3}}^{\frac{\pi}{3}} - x\,|_{-\frac{\pi}{3}}^{\frac{\pi}{3}} = 2sin\frac{\pi}{3} -$$

$$-2sin\left(-\frac{\pi}{3}\right) - \frac{\pi}{3} + \left(-\frac{\pi}{3}\right) = 2 \cdot \frac{\sqrt{3}}{2} + 2 \cdot \frac{\sqrt{3}}{2} - \frac{2\pi}{3} = 2\sqrt{3} - \frac{2\pi}{3};$$

Жообу: $2\sqrt{3} - \frac{2\pi}{3}$ *кв. бирдик.*

а) Берилген кесилиш аянты боюнча көлөмдү эсептөө.

Теорема 1. Эгерде аныкталган $S(x)$ *функциясы* $[a; b]$ *сегментинде үзгүлтүксүз болсо, анда берилген нерсенин көлөмү.*

$$V = \int_a^b S(x)\,dx \quad (5)$$

формуласы менен эсептелет. Мында $S(x)$*- мейкиндикте берилген* $x = a$ *жана* $x = b$ *тегиздиктери менен чектелген фигуранын* xOy *тегиздигине перпендикуляр болгон тегиздик менен кесилиш аянты. (7-сүрөт).*



7-сүрөт

б) Жалпак фигуранын айлануусунан пайда болгон нерсенин көлөмү.

Теорема 2. Эгерде мейкиндиктеги нерсе, $x\,O\,y$ *тегиздигиндеги* $y = a$*,* $x = b$ *сызыктары жана* $y = f(x)$ *функциясынын графиги менен чектелген ийри сызыктуу трапециянын* Ox *огунун айланасында айлануусунан пайда болгон нерсе болсо, анда анын көлөмү*

$$V = \pi \int_a^b f^2(x)dx \quad (6)$$

формуласы менен эсептелет.

2-мисал. Тегиздикте $y = x^2 + 2$*,* $y = 0$ *жана* $x = 1$*,* $x = 2$ *сызыктары менен чектелген ийри сызыктуу трапециянын* Ox *огунун*



8-сүрөт

айланасында айлануусунан пайда болгон нерсенин көлөмүн тапкыла.

Чыгаруу: Адегенде мисалда берилгендердин негизинде чийме чийип алабыз.

(6) формуланын пайдаланып, берилген нерсенин көлөмүн табабыз.

$$V = \pi \int_1^2 (x^2 + 2)^2\, dx = \pi \int_1^2 (x^4 + 4x^2 + 4) dx =$$

$$= \pi \left(\frac{x^5}{5} + 4\frac{x^3}{3} + \quad 4x\right) |_1^2 = \pi \left[\left(\frac{2^5}{5} + 4\frac{2^3}{3} + \quad 4 \cdot 2\right) - \left(\frac{1^5}{5} + \right.\right.$$

$$\left.\left. +4\frac{1^3}{3} + \quad 4 \cdot 1\right)\right] = \pi \left(\frac{3^2}{5} + \frac{32}{3} + 8 - \frac{1}{5} - \frac{4}{3} - 4\right) = \pi \frac{293}{15} =$$

$$= 19\frac{8}{15}\pi \text{ куб. бирдик.}$$

Жообу: $V = 19\frac{8}{15}\pi$ *куб.бирдик.*

в) Өзгөрмө күчтүн аткарган жумушу.

Эгерде $F(x)$ *күчүнүн таасири астында материалдык чекит сан огунун багыты боюнча* a *чекитинен* b *чекитине жылса жана* $F(x)$ *функциясы* $[a; b]$ *сегментинде үзгүлтүксүз болсо, анда* $F(x)$ *күчүнүн аткарган жумушу, А жумушу*

$$A = \int_a^b F(x)dx \quad (7)$$

формуласы менен эсептелет.

3-мисал. Эгерде 2Н күч пружинаны 1 см кыска, пружинаны 4 см кысуу үчүн кандай жумуш аткарылат?

Чыгаруу: Пружинаны x ке кысуу үчүн сарпталуучу күч, Гуктун закону боюнча $F = kx$ *формуласы менен эсептелет.*

Мында $k-$ *пропорциялуулук коеффиценти,* k *нын маанисин маселенин шартын пайдаланып табабыз.*

Пружинанын $1\text{см} = 0{,}01\text{м}$ *ге кысуу үчүн 2Н күч сарпталат. Мындан* $0{,}01k = 2$ *'экендиги келип чыгат.*

$$k = 2 : 0{,}01, \;\; k = 200.$$

Анда $F(x) = 200x$ *болот.*

$a = 0,\; b = 4\text{ см} = 0{,}04\text{ м}$ *деп алсак пружинаны кысууда аткарылган жумуш* (7) *формула боюнча эсептелет.*

$$A = \int_0^{0{,}04} F(x)dx = \int_0^{0{,}04} 200x\, dx = 100 \cdot x^2 \,|_0^{0{,}04} =$$

$= 100 \cdot (0{,}04)^2 - 100 \cdot 0{,}0016 = 0{,}16$ *дж.*

Жообу: $A = 0{,}16$ *дж.*

1. 2 - 1.4. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар.

9-14. Төмөнкү аныкталган интегралдарды эсептегиле:

9. *а)* $\int_0^1 x^4 dx$; *б)* $\int_{-2}^4 x dx$; *в)* $\int_0^{\frac{\pi}{3}} sinx dx$; *г)* $\int_0^{\frac{\pi}{4}} \frac{dx}{cos^2 x}$.

10. *а)* $\int_2^4 5dx$; *б)* $\int_1^2 (2x+3)dx$;

в) $\int_{-1}^0 (x^2+2x)dx$; *г)* $\int_0^{\frac{\pi}{9}} cos3xdx$.

11. *а)* $\int_{-2}^5 dx$; *б)* $\int_0^1 \sqrt{1-x}dx$; *в)* $\int_3^8 \frac{dx}{\sqrt{x+1}}$; *г)* $\int_0^{\pi} 3cos\frac{x}{2}dx$.

12. *а)* $\int_{\frac{\pi}{6}}^{\frac{\pi}{4}} \frac{1}{sin^2 x}dx$; *б)* $\int_0^{\frac{\pi}{2}} sin\frac{x}{2}\cdot cos\frac{x}{2}dx$; *в)* $\int_{-\frac{\pi}{2}}^{\frac{\pi}{2}} cos^2\frac{x}{2}dx$.

13. *а)* $\int_0^{\frac{\pi}{2}} sin^2\frac{x}{2}dx$; *б)* $\int_1^2 \frac{dx}{(2x+1)^2}$; *в)* $\int_{-1}^1 (3x^2-4x+5)dx$.

14. . *а)* $\int_0^1 \sqrt[3]{x^2}dx$; *б)* $\int_{\frac{1}{16}}^{\frac{1}{4}} \frac{dx}{\sqrt{x}}$; *в)* $\int_0^{\pi} tg^2 xdx$;

г) $\int_0^2 \frac{dx}{x^2+4}$; *д)* $\int_0^3 \frac{dx}{\sqrt{9-x^2}}$.

15. *Төмөнкү функциялардын туундуларын тапкыла:*

а) $F(x) = \frac{\int_0^x (S+1)dS}{x+1}$; *б)* $F(x) = (sinx)\int_0^x sintdt$.

16-21. Сызыктар менен чектелген фигуранын аянтын эсептегиле:

16. $y = x^2 - 4x + 6, \quad y = x + 2, \ x = 1, \ x = 4$;

17. $y = x^2 + 2, \quad y = 0, \ x = 0, \ x = 2$;

18. $y = 2 - x^3, \quad y = 1, \ x = -1, \ x = 1$;

19. $y = sinx, \quad x = \frac{\pi}{2}, \ x = \pi, \ y = 0$;

20. $y = x^2 - 4x + 4, \ y = 4 - x^2$;

21. $y = cosx, \ y = 0, \ x = -\frac{\pi}{2}, \quad x = \frac{\pi}{2}$.

22-27. Төмөнкү теңдемелер менен берилген сызыктар чектеген фигуралардын Ох огунун айланасында айландыруудан пайда болгон нерсенин көлөмүн тапкыла:

22. $y = x^2 + 1, \ x = 0, \ x = 1, \ y = 0$;

23. $y = \sqrt{x} + 2, \ y = 0, \ x = 1, \ x = 4$;

24. $y = x^2, \ y = x$;

25. $y = x + 2, \ y = 1, \ x = 0, \ x = 2$;

26. $y = 1 - x^2, \ y = 0$;

27. $y = cosx, \ y = 0, \ x = -\frac{\pi}{2}, \quad x = \frac{\pi}{2}$.

II бөлүм. Көрсөткүчтүү жана логарифмикалык функциялар.

2.1. Көрсөткүчтүү функция.

Аныктама.

$y = a^x$ түрүндөгү формула менен берилген функция көрсөткүчтүү функция деп аталат.

Мында $a > 0$ жана $a \neq 1$ болот.

Мисалы: $y = 7^x$, $y = 10^x$, $y = \left(\frac{1}{2}\right)^x$, $y = (0{,}75)^x$.

Көрсөткүчтүү функция төмөнкүдөй касиеттерге ээ болот.

1^0. a^x функциясынын аныкталуу областы бардык чыныгы сандардын R көптүгү.

2^0. a^x функциясынын маанилеринин областы бардык оң сандардын R көптүгү.

3^0. $a > 0$ болгондо a^x функциясы бүткүл сан түз сызыгында өсөт;

$0 < a < 1$ болгон учурда a^x функциясы R көптүгүндө кемийт.

*4^0. **x** жана **y** тин каалагандай анык маанилеринде төмөнкү барабардыктар туура:*

$a^x \cdot a^y = a^{x+y}$; $\frac{a^x}{a^y} = a^{x-y}$; $(a \cdot b)^x = a^x \cdot b^x$; $\left(\frac{a}{b}\right)^x = \frac{a^x}{b^x}$;

$(a^x)^y = a^{xy}$. *Бул формулалар даражалардын негизги касиеттери.*

1-мисал. $y = 3^x$ *жана* $y = \left(\frac{1}{3}\right)^x$ *функциясынын графигин түзгүлө.*

Чыгаруу: Төмөндөгүдөй таблица түзүп алабыз.

x	-2	-1	0	1	2
$y = 3^x$	$\frac{1}{9}$	$\frac{1}{3}$	1	3	9
$y = \left(\frac{1}{3}\right)^x$	9	3	1	$\frac{1}{3}$	$\frac{1}{9}$



9-сүрөт

3-касиетти эске алсак $y = 3^x$ функциясы өсүүчү, $y = \left(\frac{1}{3}\right)^x$ функ-циясы кемүүчү болот. Бул графиктен да көрүнүп турат. Эки функциянын тең графи-ги (0;1) чекитинен өтөт. Демек ар кандай $a > 0$ үчүн x=0 болгондо y=1 болот.

$y = 3^x$ жана $y = \left(\frac{1}{3}\right)^x$ функцияларынын гра-фиктери Ох огуна жогору жайгашкан жана Оу огуна карата симметриялуу.

3-касиеттин негизинде $a > 1$ болгон учурда:

а) $x > 0$ болгондо, $a^x > 1$ болот;

б) $x = 0$ болгондо, $a^x = 1$ болот;

в) $x < 0$ болгондо, $0 < a^x < 1$ болот.



10-сүрөт



11-сүрөт

Эгерде $0 < a < 1$ болсо, анда

а) $x > 0$ болгондо, $0 < a^x < 1$ болот;

б) $x = 0$ болгондо, $a^x = 1$ болот;

в) $x < 0$ *болгондо,* $a^x > 1$ *болот.*

Демек, көрсөткүчтүү функциянын графиги жогорудагы эки учур үчүн төмөндөгүдөй болот. *(10–11-сүрөт).*

2-мисал. $y = 2 \cdot 3^x$ *жана* $y = -2 \cdot 3^x$ *функцияларынын графигин бир эле координаттык тегиздикке чийгиле.*

Чыгаруу: Таблица түзүп алабыз

$y = 2 \cdot 3^x$ *функциясы үчүн*

x	-2	-1	0	1	2
y	$\frac{2}{9}$	$\frac{2}{3}$	2	6	18

$y = -2 \cdot 3^x$ *функциясы үчүн*

x	-2	-1	0	1	2
y	$-\frac{2}{9}$	$-\frac{2}{3}$	-2	-6	-18

Эми таблицалар боюнча графиктерди чийебиз.



12-сүрөт

Демек, $y = 2 \cdot 3^x$ *жана* $y = -2 \cdot 3^x$ *функцияларынын графиктери Ox огуна карата симметриялуу болушат.*



13-сүрөт

3-мисал. Төмөнкү функциялардын касиеттерин санагыла жана алардын графиктерин чийгиле:

а) $y = 5^x$; *б)* $y = 0,3^x$;

в) $y = 0,7^x$; *г)* $y = 1,6^x$.

а) Чыгаруу: $y = 5^x$,

1) Бул функциянын аныкталуу

областы $D(5^x) = R$, бардык чыныгы сандар;

2) 5^x функциясынын маанилеринин областы $E(5^x) = R_+$, бардык оң сандар;

3) $5 > 1$ болгондуктан бул функция өсүүчү.

4) Графигин түзөбүз

x	-1	0	1
y	$\frac{1}{5}$	1	5



14-сүрөт

б) Чыгаруу: $y = 0,3^x$, бул функциянын

1) Аныкталуу областы $D(0,3^x) = R$;

2) Маанилеринин областы $E(0,3^x) = R_+$;

3) $0,3 < 1$ болгондуктан $0,3^x$ функциясы кемүүчү

Эми графигин түзөбүз.

x	-2	-1	0	1	2
y	11,1	3,3	1	0,3	0,09

в) Чыгаруу: $y = 0,7^x$ функциясынын

1) Аныкталуу областы $D(0,7^x) = R$;

2) Маанилеринин областы $E(0,7^x) = R_+$;

3) $0,7 < 1$ болгондуктан $0,7^x$ функциясы кемүүчү

Эми графигин түзөбүз.

x	-2	-1	0	1	2
y	2	1,4	1	0,7	0,49



15-сүрөт

г) Чыгаруу: $y = 1{,}6^x$ *функциясынын*

1) Аныкталуу областы $D(1{,}6^x) = R$;

2) Маанилеринин областы $E(1{,}6^x) = R_+$;

3) $1{,}6 > 1$ *болгондуктан* $1{,}6^x$ *функциясы өсүүчү.*

Эми графигин түзөбүз.

x	*-2*	*-1*	*0*	*1*	*2*	*3*
y	*0,4*	*0,6*	*1*	*1,6*	*2,6*	*4*



16-сүрөт

4-мисал. Функциялардын маанилеринин областын тапкыла.

а) $y = 2 + 3^x$;

б) $y = -\left(\frac{1}{5}\right)^x$;

в) $y = -7^x$;

г) $y = \left(\frac{1}{10}\right)^x - 5$.

а) Чыгаруу: $y = 2 + 3^x$ *функциясынын болжолдуу графигин чийип алабыз. Графикке байкоо жүргүзсөңөр бул функциянын маанилеринин областы* $E(y) = (2; +\infty)$ *болот.*



17-сүрөт

б) Чыгаруу: $y = -\left(\frac{1}{5}\right)^x$ *функциясынын болжолдуу графигин чийебиз. Графикке байкоо жүргүзсөк, функциянын маанилеринин областы* $E(y) = (-\infty; 0)$ *болот.*



18-сүрөт

в) Чыгаруу: $y = -7^x$, *болжолдуу графигин чийебиз. Бул функциянын маанилеринин областы* $E(y) = (-\infty; 0)$ *болот.*



19-сүрөт

г) Чыгаруу: $y = \left(\frac{1}{10}\right)^x - 5$, *болжолдуу график чийебиз. Бул функциянын маанилеринин областы* $E(y) = (-5;\ +\infty)$ *болот.*



20-сүрөт

5-мисал. Сандарды салыштыргыла.

а) $\left(\frac{3}{5}\right)^{\frac{\sqrt{7}}{3}}$ жана 1; *б)* $5^{-\sqrt{14}}$ *жана* $\left(\frac{1}{5}\right)^{1,7}$;

в) $2{,}5^{-\sqrt{2}}$ *жана 1;* *г)* $0{,}5^{\frac{\sqrt{5}}{2}}$ *жана* $0{,}5^{\frac{1}{4}}$.

а) Чыгаруу: $\left(\frac{3}{5}\right)^{\frac{\sqrt{7}}{3}}$ жана 1;

$\frac{3}{5} < 1$ *болгондуктан* $\left(\frac{3}{5}\right)^x$ *функциясы кемүүчү функция болот. 3-касиеттин негизинде* $\left(\frac{3}{5}\right)^{\frac{\sqrt{7}}{3}} < 1$ *болот.*

б) Чыгаруу: $5^{-\sqrt{14}} = \frac{1}{5^{\sqrt{14}}} = \left(\frac{1}{5}\right)^{\sqrt{14}}$ *деп өзгөртүп түзүп алабыз.* $\frac{1}{5} < 1$ *болгондуктан* $\left(\frac{1}{5}\right)^x$ *функциясы 3-касиеттин негизинде кемүүчү болот, анда* $\left(\frac{1}{5}\right)^{\sqrt{14}} < \left(\frac{1}{5}\right)^{1,7}$ *экендиги келип чыгат.*

в) Чыгаруу: $2{,}5^{-\sqrt{2}}$ *жана 1;*

$2{,}5^{-\sqrt{2}} = \frac{1}{2{,}5^{\sqrt{2}}} = \left(\frac{1}{2{,}5}\right)^{\sqrt{2}} = (0{,}4)^{\sqrt{2}}$ *Демек 3-касиет боюнча* $(0{,}4)^{\sqrt{2}} < 1$ *болот.*

г) Чыгаруу: $0{,}5^{\frac{\sqrt{5}}{2}}$ *жана* $0{,}5^{\frac{1}{4}}$ *даражаларынын даража көрсөткүчтөрүн салыштырабыз.*

$\frac{\sqrt{5}}{2} > \frac{1}{4}$, *демек 3-касиет боюнча* $0{,}5^{\frac{\sqrt{5}}{2}} < 0{,}5^{\frac{1}{4}}$ *болот.*

6-мисал. Эсептегиле:

а) $5^{4-2\sqrt{7}} \cdot 25^{\sqrt{7}-1}$; *б)* $\left(2^{\sqrt[6]{32}}\right)^{\sqrt[6]{2}}$;

в) $16^{\sqrt{3}} : 2^{4\sqrt{3}}$; *г)* $\left(3^{1+\sqrt{3}} - 2 \cdot 3^{\sqrt{3}}\right)^{\sqrt{3}}$.

Чыгаруу: Рационал жана иррационал даражалардын касиеттерин жана өзгөртүп түзүүлөрдү пайдаланабыз.

а) $5^{4-2\sqrt{7}} \cdot 25^{\sqrt{7}-1} = 5^{4-2\sqrt{7}} \cdot 5^{2(\sqrt{7}-1)} = 5^{4-2\sqrt{7}+2\sqrt{7}-2} = 5^2 = 25$;

б) $\left(2^{\sqrt[6]{32}}\right)^{\sqrt[6]{2}} = 2^{\sqrt[6]{32\cdot 2}} = 2^{\sqrt[6]{64}} = 2^2 = 4$;

в) $16^{\sqrt{3}} : 2^{4\sqrt{3}} = 2^{4\sqrt{3}} : 2^{4\sqrt{3}} = 1$;

г) $\left(3^{1+\sqrt{3}} - 2 \cdot 3^{\sqrt{3}}\right)^{\sqrt{3}} = \left(3 \cdot 3^{\sqrt{3}} - 2 \cdot 3^{\sqrt{3}}\right)^{\sqrt{3}} = \left(3^{\sqrt{3}}\right)^{\sqrt{3}} = 3^3 = 27$

7-мисал. Төмөнкү көрсөткүчтүү функциялардын аныкталуу областын тапкыла:

а) $\left(\sqrt{3-\sqrt{3}}\right)^x$; *б)* $5^{\sqrt{x-3}}$; *в)* $7^{\sqrt{x^2-4}}$; *г)* $3^{\frac{5}{x-7}}$.

Чыгаруу: Көрсөткүчтүү функциянын касиеттерин, квадраттык тамырдын, бөлчөктүү туюнтманын касиеттерин пайдаланабыз.

а) $\left(\sqrt{3-\sqrt{3}}\right)^x$ *бул даражанын негизи*

$\sqrt{3-\sqrt{3}} > 0$, *ошондуктан* $\left(\sqrt{3-\sqrt{3}}\right)^x$ *функциясынын аныкталуу областы* $D = (-\infty; +\infty)$ *болот.*

б) $5^{\sqrt{x-3}}$ *бул туюнтма мааниге ээ болуш үчүн* $x - 3 \geq 0$, $x \geq 3$ *болуш керек. Демек* $5^{\sqrt{x-3}}$ *функциясынын аныкталуу областы* $D = [3; +\infty)$ *болот.*

в) $7^{\sqrt{x^2-4}}$ *туюнтмасы мааниге ээ болуш үчүн,* $x^2 - 4 \geq 0$ *болуш керек.*

$$(x-2)(x+2) \geq 0$$

$\begin{cases} x-2 \geq 0 \\ x+2 \geq 0 \end{cases}$, $\begin{cases} x \geq 2 \\ x \geq -2 \end{cases}$, $x \geq 2$

$\begin{cases} x-2 \leq 0 \\ x+2 \leq 0 \end{cases}$, $\begin{cases} x \leq 2 \\ x \leq -2 \end{cases}$, $x \leq -2$. *Демек,* $7^{\sqrt{x^2-4}}$ *функциясынын аныкталуу областы* $D = (-\infty; -2] \cup [2; +\infty)$ *болот.*

г) $3^{\frac{5}{x-7}}$ *бул туюнтма мааниге ээ болуш үчүн* $\frac{5}{x-7}$ *бөлчөгүнүн бөлүмү* $x - 7 \neq 0$ *болуш керек.*

$x - 7 = 0$ *теңдемесин чыгарабыз*

$x = 7$. *Демек,* $3^{\frac{5}{x-7}}$ *функциясынын аныкталуу областы 7 ден башка бардык сандар, башкача айтканда*

$D = (-\infty; 7) \cup (7; +\infty)$.

2.1. Көнүгүүлөр үчүн тапшырма.

28. Төмөнкү функциялардын касиеттерин санагыла жана алардын графиктерин чийгиле:

а) $y = 4^x$; *б)* $y = 0.2^x$; *в)* $y = \left(\sqrt{3}\right)^x$; *г)* $y = \left(\frac{1}{\sqrt{3}}\right)^x$.

29. Функциялардын маанилеринин областын тапкыла:

а) $y = 1 + 2^x$; *б)* $y = -\left(\frac{1}{3}\right)^x$; *в)* $y = -5^x$; *г)* $y = \left(\frac{1}{2}\right)^x + 2$.

30. Функциялардын аныкталуу областын тапкыла:

а) $y = 2^{x-3}$; *б)* $y = 3^{\sqrt{5-x}}$; *в)* $y = 5^{\sqrt{2-x^2}}$; *г)* $y = 4^{\frac{1}{x+5}}$.

2.2. Көрсөткүчтүү теңдемелер.

Эң жөнөкөй көрсөткүчтүү теңдеме $a^x = b$ *түрүндө болот. Мында* x *- белгисиз чоңдук,* a *- бирге барабар эмес оң сан, б.а.* $a \neq 1$ *жана* $a > 0$.

a^x *ар дайым оң сан болгондуктан* $b \leq 0$ *болгондо* $a^x = b$ *теңдемеси чыгарылышка ээ болбойт.*

Көрсөткүчтүү теңдемелерге мисалдар

$2^x = 16$; $3^{x-2} = 9$; $2 \cdot 7^x + 1 = 99$.

Эми көрсөткүчтүү теңдемелерди чыгаруу ыкмалары менен таанышабыз.

1. Бирдей негизге келтирип чыгаруу.

Жогорку мисалдарды ушул ыкма менен чыгаралы.

$2^x = 16$, *16 ны 2 нин даражасы түрүндө жазып алабыз.*

$2^x = 2^4$,

$x = 4$. *Жообу:* $x = 4$.

$3^{x-2} = 9$, *9 ду 3 түн даражасы түрүндө жазып алабыз.*

$3^{x-2} = 3^2$,

$x - 2 = 2$,

$x = 2 + 2$,

$x = 4$. *Жообу:* $x = 4$.

Көрсөткүчтүү теңдемени чыгаруунун бул ыкмасы даражанын төмөнкү касиетине негизделет.

Негиздери бирге барабар болбогон бирдей негиздеги эки даража барабар болсо, алардын көрсөткүчтөрү да барабар болот.

$2 \cdot 7^x + 1 = 99$,

$2 \cdot 7^x = 99 - 1$,

$2 \cdot 7^x = 98$,

$7^x = 98 : 2$,

$7^x = 49$,

$7^x = 7^2$,

$x = 2$.

Жообу: $x = 2$.

Бул теңдемени чыгарууда, теңдемелерди чыгаруунун кадимки эле эрежелерин колдонуп, акырында бирдей негизге келтирүү ыкмасы пайдаланылды.

1-мисал. Бирдей негизге келтирип, төмөнкү көрсөткүчтүү теңдемелерди чыгаргыла:

а) $25^{x-3} = 5^{x-2}$; *б)* $3^{2x+1} = \frac{1}{27}$; *в)* $\left(\frac{3}{2}\right)^x \cdot \left(\frac{8}{9}\right)^x = \frac{16}{9}$;

г) $\left(\frac{2}{5}\right)^{5x+1} = \left(\frac{5}{2}\right)^{7-x}$; *д)* $5^{x^2-3x+2} = 1$; *е)* $\sqrt{8^{x-1}} = \sqrt[3]{4^{2-x}}$

Чыгаруу: а) $25^{x-3} = 5^{x-2}$, $25=5^2$ *түрүндө жазып алабыз.*

$5^{2(x-3)} = 5^{x-2}$,

$2x - 6 = x - 2$,

$2x - x = -2 + 6$,

$x = 4$. *Жообу:* $x = 4$.

Чыгаруу: б) $3^{2x+1} = \frac{1}{27}$,

$3^{2x+1} = 3^{-3}$,

$2x + 1 = -3$,

$2x = -3 - 1$,

$\frac{1}{27} = \left(\frac{1}{3}\right)^3 = 3^{-3}$ *деп өзгөртүп түзүп, бирдей негиздеги даражага келтиребиз.*

$$2x = -4,$$
$$x = -4:2,$$
$$x = -2.$$
Жообу: $x = -2$.

Чыгаруу: в) $\left(\frac{3}{2}\right)^x \cdot \left(\frac{8}{9}\right)^x = \frac{16}{9}$,

$$\left(\frac{3}{2}\cdot\frac{8}{9}\right)^x = \left(\frac{4}{3}\right)^2,$$
$$\left(\frac{4}{3}\right)^x = \left(\frac{4}{3}\right)^2,$$
$$x = 2.$$
Жообу: $x = 2$.

Теңдеменин сол жагын өзгөртүп түзүп алабыз. оң жагын даража түрүндө жазабыз.

Чыгаруу: г) $\left(\frac{2}{5}\right)^{5x+1} = \left(\frac{5}{2}\right)^{7-x}$, $\frac{5}{2} = \left(\frac{2}{5}\right)^{-1}$ *деп өзгөртүп түзөбүз.*

$$\left(\frac{2}{5}\right)^{5x+1} = \left(\frac{2}{5}\right)^{-(7-x)},$$
$$5x + 1 = -7 + x,$$
$$5x - x = -7 - 1,$$
$$4x = -8,$$
$$x = -8:4,$$
$$x = -2.$$
Жообу: $x = -2$.

Чыгаруу: д) $5^{x^2-3x+2} = 1$;

$$5^{x^2-3x+2} = 5^0,$$
$$x^2 - 3x + 2 = 0,$$
$$D = 9 - 4 \cdot 2 = 1,$$
$$x_{1/2} = \frac{3 \pm \sqrt{1}}{2} = \frac{3 \pm 1}{2},$$
$$x_1 = 2;\ x_2 = 1.$$
Жообу: $x_1 = 2;\ x_2 = 1$.

$1 = 5^0$ *деп алабыз, эми квадраттык теңдемени чыгарабыз.*

Чыгаруу: е) $\sqrt{8^{x-1}} = \sqrt[3]{4^{2-x}}$,

$$8^{\frac{x-1}{2}} = 4^{\frac{2-x}{3}},$$
$$2^{3\cdot\frac{x-1}{2}} = 2^{2\cdot\frac{2-x}{3}},$$

Тамырды рационал көрсөткүчтүү даража түрүндө жазып алабыз, бирдей даражага келтиребиз.

$$\frac{3x-3}{2}=\frac{4-2x}{3},$$
$$9x-9=8-4x,$$
$$9x+4x=8+9,$$
$$13x=17,$$
$$x=\frac{17}{13}.$$
Жообу: $x=\frac{17}{13}$.

2. Даражалардын касиеттерин колдонуу менен чыгарылуучу көрсөткүчтүү теңдемелер.

2-мисал. а) $3^{x+2}-3^{x+1}+3^x=21$; *б)* $5^{x+1}-5^{x-1}=24$;
в) $10^x+10^{x-1}=1{,}1$; *г)* $5\cdot 2^{\sqrt{x}}-3\cdot 2^{\sqrt{x}-1}=56$.

Чыгаруу: а) $3^{x+2}-3^{x+1}+3^x=21$; $a^m\cdot a^n=a^{m+n}$ *касиетин колдонобуз.*
$$3^2\cdot 3^x-3\cdot 3^x+3^x=21,$$
$$9\cdot 3^x-2\cdot 3^x=21,$$
$$7\cdot 3^x=21,$$
$$3^x=21:7,$$
$$3^x=3,$$
$x=1$. *Жообу:* $x=1$.

Чыгаруу: б) $5^{x+1}-5^{x-1}=24$; $\frac{a^m}{a^n}=a^{m-n}$ *касиетин колдонобуз.*
$$5\cdot 5^x-\frac{5^x}{5}=24,$$
$$25\cdot 5^x-5^x=120,$$
$$24\cdot 5^x=120,$$
$$5^x=120:24,$$
$$5^x=5,$$
$x=1$. *Жообу:* $x=1$.

Чыгаруу: в) $10^x+10^{x-1}=1{,}1$;
$$10^x+\frac{10^x}{10}=1{,}1,$$ *теңдеменин эки жагын тең 10 го көбөйтөбүз.*
$$10\cdot 10^x+10^x=11,$$
$$11\cdot 10^x=11,$$
$$10^x=11:11,$$
$$10^x=1,$$

а) $5^{\log_5 40}$; *б)* $3^{\log_3 25}$; *в)* $2^{3\log_2 3}$; *г)* $7^{2\log_7 11}$;

д) $\frac{1}{5}^{5\log_{\frac{1}{5}} 2}$; *е)* $16^{\log_4 15}$.

Чыгаруу: *а)* $5^{\log_5 40} = 40$; *б)* $3^{\log_3 25} = 25$;

в) $2^{3\log_2 3} = 2^{\log_2 3^3} = 2^{\log_2 27} = 27$;

г) $7^{2\log_7 11} = 7^{\log_7 11^2} = 7^{\log_7 121} = 121$;

д) $\frac{1}{5}^{5\log_{\frac{1}{5}} 2} = \frac{1}{5}^{\log_{\frac{1}{5}} 2^5} = \frac{1}{5}^{\log_{\frac{1}{5}} 32} = 32$;

е) $16^{\log_4 15} = 4^{2\log_4 15} = 4^{\log_4 15^2} = 4^{\log_4 225} = 225$.

3-мисал. x *санын тапкыла.*

а) $\log_7 x = 2$; *б)* $\log_3 x = 4$; *в)* $\log_{\frac{1}{5}} x = -3$;

г) $\log_x 8 = 3$; *д)* $\log_2(6 - x) = 3$; *е)* $\log_5(2x + 5) = 2$;

ж) $\log_x 49 = 2$; *з)* $\log_x \frac{1}{16} = -4$.

Бул мисалдарды чыгарууда логарималардын аныктамасын пайдаланабыз.

а) $\log_7 x = 2$; $x = 7^2$, $x = 49$.	*б)* $\log_3 x = 4$; $x = 3^4$, $x = 81$.
в) $\log_{\frac{1}{5}} x = -3$; $x = (\frac{1}{5})^{-3}$, $x = \frac{1}{(\frac{1}{5})^3} = \frac{1}{\frac{1}{125}}$, $x = 125$.	*г)* $\log_x 8 = 3$; $x^3 = 8$, $x = \sqrt[3]{8}$ $x = 2$.
д) $\log_2(6 - x) = 3$; $6 - x = 8$; $x = 6 - 8$; $x = -2$.	*е)* $\log_5(2x + 5) = 2$; $2x + 5 = 5^2$; $2x = 25 - 5$; $2x = 20$; $x = 20 : 2$; $x = 10$.
ж) $\log_x 49 = 2$; $x^2 = 49$, $x = \sqrt{49}$, $x = 7$.	*з)* $\log_x \frac{1}{16} = -4$. $x^{-4} = \frac{1}{16}$, $(\frac{1}{x})^4 = \frac{1}{16}$, $\frac{1}{x} = \sqrt[4]{\frac{1}{16}}$,

	$\frac{1}{x} = \frac{1}{2}$, $x = 2$.

4-мисал. Теңдемелерди чыгаргыла:

а) $5^x = 7$; *б)* $3^{2x-5} = 6$;

в) $5^{2x} + 2 \cdot 5^x - 8 = 0$; *г)* $4^x - 5 \cdot 2^x - 6 = 0$.

Чыгаруу: а) $5^x = 7$; $\log_5 5^x = \log_5 7$, $x \cdot \log_5 5 = \log_5 7$, $x = \log_5 7$. *Жообу:* $x = \log_5 7$.	5 *негизи боюнча эки жагын тең логарифмалайбыз.*

Чыгаруу: б) $3^{2x-5} = 6$;

$\log_3 3^{2x-5} = \log_3 6$;

$(2x-5)\log_3 3 = \log_3 6$;

$2x - 5 = \log_3 6$;

$2x = \log_3 6 + 5$;

$x = \frac{1}{2}(\log_3 6 + 5)$;

Жообу: $x = \frac{1}{2}(\log_3 6 + 5)$.

Чыгаруу: в) $5^{2x} + 2 \cdot 5^x - 8 = 0$

$5^x = t$ *жаңы өзгөрмөсүн киийребиз.*

$t^2 + 2t - 8 = 0$,

$D = 4 + 4 \cdot 8 = 36$,

$t_{1/2} = \frac{-2 \pm \sqrt{6}}{2} = \frac{-2 \pm 6}{2}$,

$t_1 = \frac{-2+6}{2} = \frac{4}{2} = 2$,

$t_2 = \frac{-2-6}{2} = \frac{-8}{2} = -4$,

$5^x = 2$,

$\log_5 5^x = \log_5 2$,

$x\log_5 5 = \log_5 2$,

$x = \log_5 2$.

Жообу: $x = \log_5 2$.

Чыгаруу: г) $4^x - 5 \cdot 2^x - 6 = 0$.

$2^{2x} - 5 \cdot 2^x - 6 = 0$.

$2^{2x} = y$ *жаңы өзгөрмөнү киийребиз.*

2.4. Сандын логарифмасы.

Аныктама.

Негизи a болгон b санынын логарифмасы деп, b санын алуу үчүн a санын көтөрүүгө керек болгон даража көрсөткүч аталат. Мында $a \neq 1$ жана $a > 0,\ b > 0$.

Ал $\log_a b$, – a *негизи боюнча b санынын логарифмасы деп окулат.*

Мисал: $\log_2 8 = 3$, *анткени* $2^3 = 8$;

$\log_3 \frac{1}{9} = -2$, *анткени* $3^{-2} = \frac{1}{9}$;

$\log_7 1 = 0$, *анткени* $7^0 = 1$.

Логарифманын аныктамасынан төмөнкүдөй барабардык жазууга болот.

$a^{\log_a b} = b$ *Бул барабардык негизги логарифмалык теңдештик деп аталат.*

Мисалы, $5^{\log_5 9} = 9$; $\frac{1}{2}^{\log_{\frac{1}{2}} 7} = 7$.

2.5. Логарифмалардын негизги касиеттери.

Ар кандай $a > 0,\ a \neq 1,\ b > 0,\ c > 0$ *жана n –анык сан үчүн төмөндөгүдөй барабардыктар орун алат.*

1^0. $\log_a 1 = 0$,

2^0. $\log_a a = 1$,

3^0. $\log_a (bc) = \log_a b + \log_a c$,

4^0. $\log_a \frac{b}{c} = \log_a b - \log_a c$,

5^0. $\log_a b^n = n \log_a b$.

Бул барабардыктар логарифмалардын негизги касиеттери деп аталат.

Бир негизден экинчи негизге өтүү формуласы төмөнкүдөй болот.

$$\log_a b = \frac{\log_c b}{\log_c a}.$$

Логарифмалар менен иштөөдө анын төмөнкү касиеттерин да эске алуу зарыл:

1. *Эгер* $a > 1$ жана $b > 1$ *болсо, анда* $log_a b > 0$, *ал эми* $0 < b < 1$ *болсо, анда* $log_a b < 0$ *болот.*
   Мисалы: $log_5 7 > 0$, $log_5 0{,}8 < 0$.
2. *Логарифманын негизи* $0 < a < 1$ *болгондо,* $b > 1$ *болсо,* $log_a b < 0$ *болот, ал эми* $0 < b < 1$ *болсо,* $log_a b > 0$ *болот.*
   Мисалы: $log_{0,2} 8 < 0$, $log_{0,2}\left(\frac{1}{5}\right) > 0$.
3. *Эгер* $a > 1$ *болсо, анда чоң санга чоң логарифма тура келет, б.а.* $b > c$ *болсо, анда* $log_a b > log_a c$ *болот.*
   Мисалы: $log_5 12 > log_5 9$.
4. *Эгер* $0 < a < 1$ *болсо, анда чоң санга кичине логарифма тура келет, б.а.* $b > c$ *болсо, анда* $log_a b < log_a c$ *болот.*
   Мисалы: $log_{\frac{1}{3}} 25 < log_{\frac{1}{3}} 12$.

1-мисал. Туюнтманын маанисин тапкыла.

а) $log_5 25$; *б)* $log_2 16$; *в)* $log_3 27$; *г)* $log_5 \frac{1}{25}$; *д)* $log_2 \frac{1}{8}$;

е) $log_3 \frac{1}{9}$; *ж)* $log_{0,5} 8$; *з)* $log_{\frac{1}{3}} 9$; *и)* $log_{\frac{1}{5}} 125$.

Бул мисалдарды чыгарууда логарифмалардын негизги касиеттерин пайдаланабыз:

Чыгаруу: а) $log_5 25 = log_5 5^2 = 2log_5 5 = 2 \cdot 1 = 2$;

б) $log_2 16 = log_2 2^4 = 4\, log_2 2 = 4 \cdot 1 = 4$;

в) $log_3 27 = log_3 3^3 = 3\, log_3 3 = 3 \cdot 1 = 3$;

г) $log_5 \frac{1}{25} = log_5 5^{-2} = -2\, log_5 5 = -2 \cdot 1 = -2$;

д) $log_2 \frac{1}{8} = log_2 2^{-3} = -3\, log_2 2 = -3 \cdot 1 = -3$;

е) $log_3 \frac{1}{9} = log_3 3^{-2} = -2\, log_3 3 = -2 \cdot 1 = -2$;

ж) $log_{0,5} 8 = log_{\frac{1}{2}} \left(\frac{1}{2}\right)^{-3} = -3\, log_{\frac{1}{2}} \left(\frac{1}{2}\right) = -3 \cdot 1 = -3$;

з) $log_{\frac{1}{3}} 9 = log_{\frac{1}{3}} \left(\frac{1}{3}\right)^{-2} = -2\, log_{\frac{1}{3}} \frac{1}{3} = -2 \cdot 1 = -2$;

и) $log_{\frac{1}{5}} 125 = log_{\frac{1}{5}} \left(\frac{1}{5}\right)^{-3} = -3\, log_{\frac{1}{5}} \frac{1}{5} = -3 \cdot 1 = -3$.

2-мисал. $a^{log_a b} = b$ *логарифмалык негизги теңдештигин пайдаланып, төмөнкү туюнтмалардын маанилерин тапкыла.*

демек, $x = 1$ *теңдеменин тамыры болот.*
Жообу: $x = 1$.
Чыгаруу:б) $3^x = \frac{1}{3}x^2$;
$y = 3^x$ *жана*
$y = \frac{1}{3}x^2$ *функцияларынын графиктерин бир эле координаталар системасына чийип алабыз.(22-сүрөт)*

Бул функциялардын графиктери $(-1;\frac{1}{3})$ *чекитинде кесилишти. Демек, теңдеменин тамыры* $x = -1$.

Жообу: $x = -1$.



22-сүрөт

2.2. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар.

31. Бирдей негизге келтирүү менен төмөнкү теңдемелерди чыгаргыла.

а) $27^{x-2} = 3^{2x-3}$, в) $(\frac{2}{3})^x \cdot (\frac{9}{8})^x = \frac{27}{64}$;

б) $\sqrt{2x} \cdot \sqrt{3^x} = 36$; г) $(\frac{1}{5})^{4x^2+2x-1} = (\frac{\sqrt{5}}{5})^2$.

32. Төмөнкү теңдемелерди чыгаргла.

а) $7^{x+2} + 2 \cdot 7^{x-1} = 345$; в) $2 \cdot 3^{x+1} - 3^x = 15$;

б) $7 \cdot 5^x + 90 = 5^{x+2}$; г) $3 - 5^{x+3} + 2 \cdot 5^{x+1} = 77$.

33. Төмөнкү теңдемени жаңы өзгөрмө киийрүү жолу менен чыгаргыла:

а) $9^x - 8 \cdot 3^x - 9 = 0$; в) $2^{2+x} - 2^{2-x} = 6$;

б) $3^{2\sqrt{x}} - 4 \cdot 3^{\sqrt{x}} + 3 = 0$; г) $9^{\sqrt{x-1}} - 3^{\sqrt{x-1}} - 3^{\sqrt{x-1}} = 72$.

34. Теңдемелердин системаларын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} 5^x - 5^y = 100, \\ x - y = 1; \end{cases}$ *в)* $\begin{cases} 2^x \cdot 7^y = 56, \\ 2^y \cdot 7^{x-2} = 14; \end{cases}$

в) $y = 3\sin x + 2\ln x$; $(u+\varphi)' = u' + \varphi'$ *формуласын пайдаланабыз.*

$$y' = (3\sin x + 2\ln x)' = (3\sin x)' + (2\ln x)' = 3cosx + \frac{2}{x};$$

г) $y' = (log_3(5x-1)^2)' = \left(2log_3(5x-1)\right)' =$

$= 2(5x-1)'\frac{1}{(5x-1)\ln 3} = 2\cdot 5\cdot\frac{1}{(5x-1)\ln 31} = \frac{10}{(5x-1)\ln 3}$;

д) $y = x^2\cdot\ln x$, $(u\cdot\vartheta)' = u'\cdot\vartheta + u\cdot\vartheta'$ *формуласын пайдаланабыз.*

$$y' = (x^2\cdot lnx)' = (x^2)'\cdot\ln x + x^2\cdot(\ln x)' = 2x\ln x + x^2\cdot\frac{1}{x} =$$
$$= 2x\ln x + x;$$

е) $y' = \left(\ln\sqrt[4]{(x^3-2)^3}\right)' =$

$$= \left(\ln\left(x^3-2\right)^{\frac{3}{4}}\right)' = \left(\frac{3}{4}\ln(x^3-2)\right)' =$$
$$= \frac{3}{4}\cdot(x^3-2)'\cdot\frac{1}{(x^3-2)} =$$
$$= \frac{3}{4}\cdot 3x^2\cdot\frac{1}{x^3-2} = \frac{\frac{9}{4}\cdot x^2}{x^3-2}.$$

Татаал функциянын туундусун табуу эрежесин колдонобуз.

2 –мисал. $f(x) = \ln(2x-e)$ *функциясынын графигинин абсциссасы* $x_0 = e$ *болгон чекитине жүргүзүлгөн жаныманын теңдемесин тапкыла.*

Чыгаруу: Жаныманын теңдемеси

$y = f(x_0) + f'(x_o)(x - x_o)$ *болот.*

$$f'(x) = (ln(2x - e))' = (2x - e)' \cdot \frac{1}{2x - e} = \frac{2}{2x - e};$$

$$f(e) = ln(2e - e) = ln\, e = 1;$$

$$f'(e) = \frac{2}{2e - e} = \frac{2}{e};$$

$$y = 1 + \frac{2}{e}(x - e) = 1 + \frac{2}{e} \cdot x - \frac{2}{e} \cdot e = 1 + \frac{2x}{e} - 2 = \frac{2x}{e} - 1;$$

Жообу: $y = \frac{2x}{e} - 1.$

3-мисал. $f(x) = e^{\frac{x}{2}} + \frac{1}{2x+1}$ *үчүн* $F(0) = 3$ *болгондогу баштапкы функциясын тапкыла:*

Чыгаруу: $(e^x)' = e^x$ *жана* $(ln\, x)' = \frac{1}{x}$ *болгондуктан*

$F(x) = \frac{1}{\frac{1}{2}} \cdot e^{\frac{x}{2}} + \frac{1}{2} ln(2x + 1) + C.$ *функциясы берилген функциянын баштапкысы болот.* $F(0) = 3$ *шартын пайдаланып* C *нын маанисин табабыз.*

$$2e^{\frac{0}{2}} + \frac{1}{2} \cdot ln(2 \cdot 0 + 1) + C = 3\,.$$

$$2 \cdot 1 + \frac{1}{2} \cdot ln\, 1 + C = 3,$$

$$2 + C = 3,\ C = 3 - 2 = 1,$$

Демек, $F(x) = 2e^{\frac{x}{2}} + \frac{1}{2} ln(2x + 1) + 1.$

Жообу: $F(x) = 2e^{\frac{x}{2}} + \frac{1}{2} ln(2x + 1) + 1.$

4-мисал. Эгер $f(x) = 2e^x \cdot ln\, x$ *болсо,* $f'(1)$ *ди тапкыла.*

Чыгаруу: $f'(x) = (2e^x \cdot ln\, x)' = (2e^x)' \cdot ln\, x + 2e^x \cdot (ln\, x)' = = 2e^x\, ln\, x + 2e^x \cdot \frac{1}{x}$

$$f'(1) = 2 \cdot e' \cdot ln\, 1 + 2 \cdot e' \cdot \frac{1}{1} = 2e \cdot 0 + 2e = 2e;$$

Жообу: $f'(1) = 2e.$

5–мисал. $\int_0^{log_2 3} 2^{3x}\, dx$ *ти эсептегиле.*

Чыгаруу: $\int_0^{log_2 3} 2^{3x}\, dx = \frac{1}{3} \cdot \frac{2^{3x}}{ln\, 2}\Big|_0^{log_2 3} = \frac{2^{3 log_2 3}}{3\, ln\, 2} - \frac{2^{3 \cdot 0}}{3\, ln\, 2} = \quad = \frac{2^{log_2 3^3}}{3\, ln\, 2} - \frac{1}{3\, ln\, 2} = \frac{27}{3\, ln\, 2} - \frac{1}{3\, ln\, 2} = \frac{26}{3\, ln\, 2}.$

Жообу: $\frac{26}{3\, ln\, 2}.$

6–мисал. $\boldsymbol{a}$ *параметринин кайсы маанисинде*

$$\int_{0,5a}^{a} e^{2x}\, dx = 1.$$

Чыгаруу: $\int_{0,5a}^{a} e^{2x} \cdot dx = \frac{1}{2} e^{2x} |_{0,5a}^{a} = \frac{1}{2} e^{2a} - \frac{1}{2} e^{a}$;

$\frac{1}{2} e^{2a} - \frac{1}{2} e^{a} = 1$ *теңдемесин чыгарабыз.*

$e^{2a} - e^{a} - 2 = 0,$

$e^{a} = t$ *жаңы өзгөрмө кийиребиз.*

$t^2 - t - 2 = 0, \quad D = 1 - 4 \cdot (-2) = 1 + 8 = 9,$

$$t_{1/2} = \frac{1 \pm \sqrt{9}}{2} = \frac{1 \pm 3}{2}; \quad t_1 = \frac{1+3}{2} = 2; \quad t_2 = \frac{1-3}{2} = \frac{-2}{2} = -1$$

Демек, $e^{a} = 2$ $\qquad$ $e^{a} = -1$ *тамырга ээ болбойт.*

$\ln e^{a} = \ln 2$

$a \cdot \ln e = \ln 2$

$a = \ln 2.$ $\qquad$ *Жообу:* $a = \ln 2$.

7 –мисал. $f(x) = 2x - \ln x$ *функциясын изилдегиле.*

Чыгаруу:

1. Аныкталуу областы $D(f) = (0; +\infty)$.

2. Функция жуп да так да эмес. Анткени $f(-x) = f(x)$ *жана* $f(-x) = -f(x)$ *барабардыктары аткарылбайт.*

3-4. $x = 0$ *болгондо функция мааниге ээ болбойт жана* $2x - \ln x = 0$ *теңдемесинин тамырлары жок. Ошондуктан функциянын графиги координаталык октор менен кесилишпейт.*

5–6. Функциянын туундусун таап, сыналуучу чекиттерди табабыз.

$f'(x) = (2x - \ln x)' = 2 - \frac{1}{x};$

$2 - \frac{1}{x} = 0, \; x \neq 0.$

$2x - 1 = 0$

$x = \frac{1}{2}$ *бул чекит сан огун төмөнкүдөй интервалдарга бөлөт.*

$\left(0; \frac{1}{2}\right)$ *интервалында* $f'(x) < 0$. *бул аралыкта функция кемийт.*



41-сүрөт

$\left(\frac{1}{2}; +\infty\right)$ *интервалында*

$f'(x) > 0$, *демек бул интервалда функция өсөт.*



42-сүрөт

$x = \frac{1}{2}$ *чекитинде туунду минустан плюска белгисин өзгөртөт, демек бул чекит минимум болот.*

$x_{min} = \frac{1}{2}$,

$f\left(\frac{1}{2}\right)_{min} = 2 \cdot \frac{1}{2} - ln\frac{1}{2} = 1 - ln\frac{1}{2}$.

Жообу: $x_{min} = \frac{1}{2}$;

$f\left(\frac{1}{2}\right)_{min} = 1 - ln\frac{1}{2}$;

$\left(0; \frac{1}{2}\right)$ *аралыгында функция кемийт,*

$\left(\frac{1}{2}; +\infty\right)$ *аралыгында функция өсөт.*

8 –мисал. Төмөнкү сызыктар менен чектелген фигуранын аянтын эсептегиле.

$$y = \frac{4}{x} + 2, \ \ y = 0, \ \ x = 2, \ \ x = 6;$$

Чыгаруу: $y = \frac{4}{x} + 2$ *функциясынын графигин түзүү үчүн таблица түзүп алабыз.*

x	1	2	4	6	8
y	6	4	3	$2\frac{2}{3}$	$2\frac{1}{2}$

43 – сүрөттөгү ийри сызыктуу трапециянын аянтын эсептейбиз.

$S = \int_2^6 \left(\frac{4}{x} + 2\right) dx =$

$= (4\,ln\,x + 2x)\,|_2^6 =$

$= 4 \cdot ln6 + 2 \cdot 6 - (4 \cdot ln2 + 2 \cdot 2) =$

$= 4 \cdot ln\,6 + 12 - 4ln2 - 4 =$

$= 4(ln\,6 - ln\,2) + 8 =$

$= 4 \cdot ln\frac{6}{2} + +8 = 4 \cdot ln\,3 + 8.$

Жообу: $S = 4 \cdot ln\,3 + 8.$



43-сүрөт

2.11.-2.12. Көрсөткүчтүү жана логарифмалык функциянын туундусу.

Көнүгүүлөр үчүн тапшырма.

59. Функциянын туундусун тапкыла:

а) $y = 5 \cdot 3^x$; *б)* $y = 3^{5x+1}$; *в)* $y = 2 \cdot e^x + 3$;

г) $y = e^x \cdot sinx + 2^{3x+5}$.

60. Функциялардын баштапкы функциялардын жалпы түрүн тапкыла:

а) $f(x) = 5e^x$; *в)* $f(x) = 2 \cdot e^{3x} - 3^{2+5x}$;

б) $f(x) = 3 \cdot 0{,}7^x - 2^{-x}$; г) $f(x) = 7 \cdot 3^{5-2x} - e^{1+3x}$.

61. Абциссасы x_o *болгон чекитте* f *функциясынын графигине жүргүзүлгөн жанымайын теңдемесин тапкыла:*

а) $f(x) = e^x$, $x_o = 0$; *б)* $f(x) = 2^x$, $x_o = 1$.

62. Интегралды эсептегиле.

а) $\int_0^1 0,2^x\,dx$; *в)* $\int_{-1}^1 5^x dx$;

б) $\int_0^1 e^{3x} dx$; *г)* $\int_1^2 3^x dx$.

63. $f(x) = xe^{-x}$ *функциясынын өсүшүн (кемишин), экстремумдарын изилдегиле.*

64. Төмөнкү сызыктар менен чектелген фигуранын аянтын тапкыла.

$$y = (\frac{1}{2})^x, \quad y = 0, \quad x = -1, \quad x = 1.$$

65. Функциялардын туундусун тапкыла.

а) $y = log_5 x$; *г)* $y = ln(5 + 2x)$;

б) $y = lg(3x + 1)$; *д)* $y = x^5\, ln\, x$;

в) $y = \frac{lg\, x}{5 - lg\, x}$; *е)* $y = lg\,\sqrt[5]{(x^3 - 1)^3}$;

66. Фнукциялардын туундусун тапкыла.

а) $f(x) = ln\sqrt[5]{\frac{3-x}{3+x}}$; *г)* $f(x) = \frac{x^2}{ln\, x}$;

б) $f(x) = x^3 \cdot log_3 x$; *д)* $f(x) = \frac{ln(3+2x)}{x^2-1}$;

в) $f(x) = \frac{2\, ln\, x}{x}$; *е)* $f(x) = \frac{log_5 x^3}{x+1}$.

67. Төмөнкү функциялардын баштапкы функцияларынын жалпы түрүн тапкыла.

а) $f(x) = \frac{5}{3x+1}$; *в)* $f(x) = \frac{7}{5x\, ln\, 3}$;

б) $f(x) = \frac{1}{x+7}$; *г)* $f(x) = \frac{3}{x+3} - \frac{1}{x}$.

68. Абсциссасы x_0 *болгон чекитте* f *функциясынын графигин жанымасынын теңдемесин жазгыла.*

$$f(x) = log_2(x-1), \quad x_o = 2.$$

69. Интегралды эсептегиле.

а) $\int_2^5 \frac{3dx}{x}$; *б)* $\int_0^2 \frac{dx}{4x+3}$;

в) $\int_2^e \frac{dx}{x+1}$; *г)* $\int_{-1}^1 \frac{dx}{5-3x}$.

70. $f(x) = \frac{lnx}{\sqrt{x}}$ *функциясынын өсүшүн, кемишин жана экстремумдарын изилдегиле.*

71. $y = \frac{8}{x}$. *жана* $y = 6 - x$ *функцияларынын графиктери аркылуу чектелген фигуранын аянтын тапкыла.*

2.12. Даражалуу функция жана анын туундусу.

Аныктама. $f(x) = x^{\propto}$ *формуласы аркылуу берилген функция, даражалуу функция деп аталат.*

$\propto$ *-бүтүн сан болсо,* $f(x) = x^{\propto}$ *даражалуу функциясы* $x < 0$ *үчүн да аныкталган.*

Даражалуу функция $\propto$ *жуп болсо жуп функция,* $\propto$ *так болсо так функция болот.*

$x > 0$ *үчүн,* $\propto < 0$ *болгон учурда даражалуу функция кемүүчү болот.*

$x = 0$ *болгондо,* $x^{\propto} = 0$ *болот.*

$x > 0$ *болгон учурда,* $\propto > 0$ *болгондо* $(0; +\infty)$ *аралыгында даражалуу функция өсөт.*

Даражалуу функциянын туундусу $(x^{\propto})' = \propto \cdot x^{\propto-1}$ *формуласы менен табылат.*

Даражалуу функциянын графиктери $\propto$ *нын ар кандай маанилери үчүн төмөндөгүдөй болот.*



44-сурот

Даражалуу функциянын маанилерин эсептөө үчүн төмөндөгүдөй жакындатылган формула пайдаланылат.

$$\boxed{(1+\Delta x)^{\alpha} = 1 + \alpha\cdot\Delta x} \qquad (1)$$

$f(x)$ *функциясы үчүн* Δx *эң кичине болгондо* x_0 *чекитинде* $f(x)$*тин жакындатылган маанисин*

$$f(x) = f(x_0) + f'(x_0)\Delta x \qquad (2)$$

формуласы боюнча эсептөөгө болот. (1) жана (2) формуланы жогорку даражалуу тамырдан чыгарууда, эсептөө жүргүзүүдө колдонгон ыңгайлуу.

$\alpha = \frac{1}{n}$ деп алсак

$$(1+\Delta x)^{\frac{1}{n}} = \sqrt[n]{1+\Delta x} = 1 + \frac{\Delta x}{n} \qquad (3)$$

1-мисал. Жакындаштырылган маанилерди тапкыла.

а) $(1{,}003)^{75}$; *б)* $(1{,}01)^{10}$; *в)* $\frac{1}{(0.998)^{40}}$; *г)* $\frac{1}{(0.996)^{50}}$.

Чыгаруу: (1) формуланы пайдаланабыз.

а) $(1{,}003)^{75} = (1+0{,}003)^{75} = 1 + 75\cdot 0{,}003 = 1 + 0{,}225 \approx 1{,}225$;

б) $(1{,}01)^{10} = (1+0{,}01)^{10} = 1 + 10\cdot 0{,}01 = 1 + 0{,}1 = 1{,}1$;

в) $\frac{1}{(0.998)^{40}} = (0.998)^{-40} = (1-0{,}002)^{-40} =$
$= 1 + (-40)\cdot(-0{,}002) = 1 + 0{,}08 = 1{,}08$;

г) $\frac{1}{(0.996)^{50}} = (0.996)^{-50} = (1-0.004)^{-50} =$
$= 1 + (-50)(-0{,}004) = 1 + 0{,}2 \approx 1{,}2$.

2-мисал. $log_3 9{,}01$ *дин жакындаштырылган маанисин тапкыла:*

Чыгаруу: $log_3(9+0{,}01)$ *жакындаштырылган эсептөөнүн* $f(x) = f(x_0) + f'(x_0)\Delta x$ *формуласын колдонобуз.*
Мисалда $x_0 = 9;\ \Delta x = 0{,}01;\ f(x_0) = log_3(x_0).$
$(log_3 x_0)' = \frac{1}{x_0 ln3};$

Демек, $log_3(9+0{,}01) = log_3 9 + \frac{0{,}01}{9\cdot ln3} = 2 + \frac{0{,}01}{9\cdot 1{,}09} \approx 2 + \frac{0{,}01}{9{,}81} \approx$
$\approx 2 + 0.001 \approx 2{,}001.$

3- мисал. Жакындатылган маанилерди эсептегиле:

а) $\sqrt{1{,}08}$; *б)* $\sqrt[5]{32{,}64}$; *в)* $\sqrt[8]{270}$; *г)* $\sqrt[4]{1{,}02}$.

Чыгаруу: а) $\sqrt{1{,}08} = \sqrt{1+0{,}08} = 1 + \frac{1}{2}\cdot 0{,}08 = 1 + 0{,}04 \approx 1{,}04$;

б) $\sqrt[5]{32{,}64} = \sqrt[5]{32+0{,}64} = \sqrt[5]{32\left(1+\frac{0{,}64}{32}\right)} = 2\sqrt[5]{1+0{,}02} =$
$= 2\left(1+\frac{1}{5}\cdot 0{,}02\right) = 2(1+0{,}004) = 2\cdot 1{,}004 = 2{,}008$;

в) $\sqrt[8]{270} = \sqrt[8]{256+14} = \sqrt[8]{256\left(1+\frac{14}{256}\right)} = 2\cdot\left(1+\frac{14}{8\cdot 256}\right) =$
$= 2(1+0{,}006) \approx 2{,}012$;

г) $\sqrt[4]{1{,}02} = (1+0{,}02)^{\frac{1}{4}} = 1 + \frac{1}{4}\cdot 0{,}02 \approx 1 + 0{,}005 \approx 1{,}005.$

4-мисал. J *аралыгында* f *функциясынын эң чоң жана эң кичине маанилерин тапкыла.*

а) $f(x) = x^{\frac{2}{5}},\quad J = [1; 32]$; *б)* $f(x) = x^{\frac{3}{4}},\quad J = \left[\frac{1}{16}; 81\right].$

Чыгаруу: а) $f(x) = x^{\frac{2}{5}}$ *бул функциянын туундусун табабыз*

$$f'(x) = \left(x^{\frac{2}{5}}\right)' = \frac{2}{5}x^{\frac{2}{5}-1} = \frac{2}{5}x^{-\frac{3}{5}}.$$

Сыналуучу чекиттерин табабыз

$\frac{2}{5}x^{-\frac{3}{5}} = 0$ *бул теңдеменин тамырлары жок.*

Демек, сыналуучу чекиттер жок. Мындай учурда функциянын маанилерин кесиндинин учтарында эсептеп коебуз.

$f(1) = 1^{\frac{2}{5}} = 1,\qquad f(32) = 32^{\frac{2}{5}} = \sqrt[5]{32^2} = \sqrt[5]{(2^5)^2} = 2^2 = 4.$

Жообу: $f(1)_{min} = 1,\ f(32)_{max} = 4.$

Чыгаруу: б) $f(x) = x^{\frac{3}{4}}$, *функциянын туундусун табабыз*

$$f'(x) = \left(x^{\frac{3}{4}}\right)' = \frac{3}{4}x^{\frac{3}{4}-1} = \frac{3}{4}x^{-\frac{1}{4}}.$$

$\frac{3}{4}x^{-\frac{1}{4}} = 0$ *теңдеменин тамырлары жок.*

Демек, сыналуучу чекиттер да жок. Кесиндинин учтарындагы функциянын маанилерин табабыз.

$$f\left(\frac{1}{16}\right) = \left(\frac{1}{16}\right)^{\frac{3}{4}} = \sqrt[4]{\left(\frac{1}{16}\right)^3} = \frac{1}{8}, \quad f(81) = (81)^{\frac{3}{4}} = \sqrt[4]{(81)^3} = 27.$$

Жообу: $f(\frac{1}{16})_{min} = \frac{1}{8}, \ f(81)_{max} = 27.$

5-мисал. Интегралды эсептегиле.

а) $\int_1^4 x^{\frac{5}{2}}\,dx;$ *б)* $\int_e^{e^2} 2x^{-1}\,dx.$

Чыгаруу: а) $\int_1^4 x^{\frac{5}{2}}\,dx = \frac{x^{\frac{5}{2}+1}}{\frac{5}{2}+1}\Big|_1^4 = \frac{2}{7}x^{\frac{2}{7}}\Big|_1^4 = \frac{2}{7}\cdot 4^{\frac{2}{7}} - \frac{2}{7}\cdot 1^{\frac{2}{7}} =$

$= \frac{2}{7}\sqrt{4^7} - \frac{2}{7}\cdot 1 = \frac{2}{7}\cdot 2^7 - \frac{2}{7} = \frac{2}{7}(128-1) = \frac{2}{7}\cdot 127 = \frac{254}{7};$

б) $\int_e^{e^2} 2x^{-1}\,dx = \int_e^{e^2}\frac{2}{x}dx = 2lnx\Big|_e^{e^2} = 2lne^2 - lne =$

$= 4lne - 1 = 4 - 1 = 3.$

2.12. Көнүгүүлөр үчүн тапшырма.

72. *а)* $25^{\frac{1}{3}}$; *б)* $\sqrt[3]{60}$; *в)* $\sqrt[5]{32{,}3}$; *г)* $\sqrt[4]{65}$; *д)* $\sqrt[4]{16{,}3}$

е) $\sqrt[3]{128}$; *ж)* $\frac{1}{1{,}005^{30}}$; *з)* $\frac{1}{2{,}024^3}$.

73. f *функциясынын графигин түзгүлө жана туундусун тапкыла.*

а) $f(x) = x^{-\frac{3}{2}}$; *б)* $f(x) = x^{\pi}$;

в) $f(x) = x^{\sqrt{3}}$; *г)* $f(x) = (3x)^{ln2}$.

74. *Функциянын баштапкы функцияларынын жалпы түрүн тапкыла.*

а) $f(x) = -\frac{1}{5}^{x^{-\sqrt{3}}}$; *б)* $f(x) = 7\cdot x^{-2}$;

в) $f(x) = x^{3\sqrt{2}}$; *г)* $f(x) = x^e$.

75. *Интегралды эсептегиле.*

а) $\int_1^4 \frac{2dx}{x^{\frac{3}{2}}}$; *б)* $\int_1^{16} 3x^{\frac{1}{4}}\,dx.$

76. *Төмөнкү сызыктар менен чектелген фигуранын аянтын тапкыла.*

а) $y = x^{\sqrt{2}}, \ y = 0, \ x = 1;$

б) $y = x^{\sqrt{3}}, \ y = \frac{1}{x}, \ x = \frac{1}{2}.$

2.13. Дифференциалдык теңдемелер жөнүндө түшүнүк.

1. Жонокой дифференциалдык теңдемелер.

Аныктама.

Белгисиз функциянын туундусун камтыган жана аргументтин өзүн байланыштырып турган туюнтма түрүндө берилген теңдемелер ***дифференциалдык теңдемелер*** *деп аталат.*

Мисалы, $y' = 2x + 5$; $y' = cosx$.

Теңдемедеги туундунун тартибине жараша 1-тартиптеги жана 2-тартиптеги дифференциалдык теңдемелер болуп болунушот.

Мисалы, $x''(t) = a(t)$, $y'' = -16y$ *булар 2-тартиптеги дифференциалдык теңдемелер.*

Дифференциалдык теңдемелер интегралдоо жолу менен чыгарылат. Анын жообу сан эмес, функция болуп эсептелет.

1-мисал. *а)* $y' = 2x + 5$; *б)*$y' = cosx$ *дифференциалдык теңдемелерин чыгаргыла:*

Чыгаруу: а) $2x + 5$ *функциясынын баштапкы функциясын табабыз.*

$y = x^2 + 5x + C$ *бул функция берилген теңдеменин чыгарылышы болот.*

б) $y' = cosx$, $y = sinx + C$.

Жообу: $y = sinx + C$.

2. Көрсөткүчтүү өсүүнүн жана көрсөткүчтүү кемүүнүн дифференциалдык теңдемелери.

Социалдык маселелерди изилдөөдө физикалык, биологиялык маселелерди чыгарууда төмөнкү

$y' = ky$ *(1) дифференциалдык теңдемени канааттандырган функцияны табуу маселеси келип чыгат.*

Бул дифференциалдык теңдеменин чыгарылышы

$y = Ce^{kx}$ *(2) функциясы болот.*

Мында С – турактуу чоңдук.

Радиоактивдүү заттардын ажыроо ылдамдыгы, жарым ажыроо мезгили аркылуу б.а. заттын жарымы калгандай ажыроо убактысы менен мүнөздөлөт.

Эгер убакыттын t учурунда радиоактивдүү заттын ажыроо ылдамдыгы $m'(t)$ болсо, анда

$$m'(t) = -km(t) \quad (3) \quad \text{болот.}$$

Мында k – заттын радиоактивдүүлүгүнө көз каранды чоңдук.

$m(t) = ce^{-kx}$ *функциясы (3) теңдеменин чыгарылышы болот.*

Убакыттын t учурунда масса m_0 болсо, анда $c = m_0$ *болот.*

Анда $\quad m(t) = m_0 e^{-kx} \quad (4)$ *болот.*

T – жарым ажыроо мезгили болсун, $t = T$ *болгон учурда (4) барабардыктан*

$$m(T) = \frac{1}{2}m_0 \quad \text{б.а.} \quad \frac{m_0}{2} = m_0 e^{-kT} \quad \text{болот}$$

$e^{-kt} = 2, \quad kT = \ln 2, \quad k = \frac{\ln 2}{T}$ *экендиги келип чыгат.*

Эгерде k нын маанисин (4) барабардыкка койсок

$$m(t) = m_0 2^{-\frac{t}{T}} \quad (5) \quad \text{формуласын алабыз.}$$

2-мисал. Массасы 1г га барабар болгон радий 10 жылдан кийин 0,999г га чейин азайган. Канча жылдан кийин ал радийдин массасы 0,5г га чейин азайат?

Чыгаруу: Радийдин массасы жарымы калганча б.а. 0,5г калганча азайып жатат. Демек, биз жарым ажыроо убактысын табышыбыз керек.

Маселенин шарты боюнча $m_0 = 1г$ $m(t) = 0{,}999г$ $t = 10$ *жыл.*

$m(t) = m_0 2^{-\frac{t}{T}}$ *формуласын пайдаланабыз.*

$$0{,}999 = 1 \cdot 2^{-\frac{10}{T}},$$

$$\left(\frac{1}{2}\right)^{\frac{10}{T}} = 0{,}999,$$

$$\ln\left(\frac{1}{2}\right)^{\frac{10}{T}} = \ln 0{,}999, \quad \frac{10}{T}\ln\left(\frac{1}{2}\right) = \ln 0{,}999,$$

$$\frac{10}{T} = \frac{\ln 0{,}999}{\ln\frac{1}{2}}, \qquad 10 \cdot \ln\frac{1}{2} = T \cdot \ln 0{,}999,$$

$$T = \frac{10 \cdot ln\frac{1}{2}}{ln\, 0{,}999} \approx 6927 \text{ жыл.}$$

Жообу: $T = 6927$ *жыл.*

3. Гармоникалын термелүүнүн дифференциалдык теңдемеси.

Берилген f *функциясынын туундусунан б.а.* f' *функциясынан алынган туунду экинчи тартиптеги туунду деп аталат жана* f'' *деп белгиленет.*

Мисалы. $y = 2x^3 + 5x^2 - 3$ *функциясынын экинчи тартиптеги туундусун табалы.*

$$y' = (2x^3 + 5x^2 - 3)' = 6x^2 + 10x;$$
$$y'' = (6x^2 + 10x)' = 12x + 10.$$

$y = sin\,x$ *жана* $y = cos\,x$ *функцияларынын экинчи тартиптеги туундуларын табабыз.*

$$y = sin\,x, \quad y' = (sin\,x)' = cos\,x,$$
$$y'' = (cos\,x)' = -sinx;$$
$$y = cos\,x, \quad y'(cos\,x)' = -sin\,x,$$
$$y''(-sin\,x)' = -cos\,x.$$

Термелүү кыймылы коштогон маятниктин, пружинанын, электр тогунун кыймыл процесстерине байланышкан көптөгөн маселелерди чечүү

$y'' = -\omega^2 y$ (6) *түрүндөгү экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелерди чыгарууга алып келет.*

(6) теңдеменин чыгарылышы

$y(x) = c, sin(\omega x + c_2)$ (7) *түрүндө болот.*

Мында – берилген оң сан,

c_1 *жана* c_2 *– коюлган шарттары менен аныктала турган турактуу чоңдуктар.*

(6) теңдеме гармоникалык термелүүнүн дифференциялык теңдемеси,

(7) барабардык гармоникалык термелүүнүн теңдемеси деп аталат.

Эгер $y(t)$ *убакыттын t учурундагы эркин термелип жаткан кылдын тең салмактуу абалынан кыйшайган чекитинин абалы болсо, анда кылдын гармоникалык термелүүсүнүн теңдемеси*

$y(t) = A\,sin(\omega t + \varphi)$ (8) *түрүндө болот.*

Мында A *–термелүүнүн амплитудасы,*

ω *–жыштыгы,*

φ — алгачкы фазасы.

4-мисал. Берилген шартты канааттандыра турган дифференциалдык теңдеменин чыгарылышын тапкыла:

а) $y' = 4x + 1, \quad y(1) = 0;$

б) $y' = 2\sin x, \quad y\left(\frac{\pi}{3}\right) = 1.$

Чыгаруу: а) $y' = 4x + 1, \quad y(1) = 0,$

$4x + 1$ функциясынын баштапкы функциясын табабыз.

$y = 2x^2 + x + c,$ $\quad y(1) = 0$ шарттын пайдаланып, с нын маанисин таба-быз.

$$y(1) = 2\cdot 1^2 + 1 + c = 0$$

$$3 + c = 0$$

$$c = -3$$

демек, дифференциалдык теңдеменин чыгарылышы

$y = 2x^2 + x - 3$ функциясы болот.

Чыгаруу: б) $y' = 2\sin x, \quad y\left(\frac{\pi}{3}\right) = 1.$

$2\sin x$ тин баштапкы функциясын табабыз.

$y = -2\cos x + c,$ $\quad y\left(\frac{\pi}{3}\right) = 1$ шартын пайдаланып С нын маанисин таап алабыз.

$$y\left(\frac{\pi}{3}\right) = -2\cos\frac{\pi}{3} + c = 1,$$

$$-2\cdot\frac{1}{2} + c = 1,$$

$$-1 + c = 1, \quad c = 2.$$

Жообу: $y = -2\cos x + 2.$

5 – мисал. Гармоникалык термелүүнүн дифференциалдык теңдемесин жазгыла:

а) $y = 3\cos\left(0{,}2x + \frac{\pi}{3}\right);$ $\qquad$ б) $y = 7\sin(2t - 5).$

Чыгаруу: а) Гармоникалык термелүүнү дифференциалдык теңдемеси 2–тартипте болгондуктан $3\cos\left(0{,}2x + \frac{\pi}{3}\right)$ функциясынын 2-тартиптеги туундусун табабыз.

$$y' = \left(3\cos\left(0{,}2x + \frac{\pi}{3}\right)\right)' = -0{,}2\cdot 3\sin\left(0{,}2x + \frac{\pi}{3}\right),$$

$$y'' = \left(-0{,}2\cdot 3\sin\left(0{,}2x + \frac{\pi}{3}\right)\right)' = -0{,}04\cdot 3\cos\left(0{,}2x + \frac{\pi}{3}\right)$$

Демек, $\quad y'' = -0{,}04y;$

Жообу: , $\quad y'' = -0{,}04y.$

Чыгаруу: б) $y = 7\sin(2t - 5),$

$y' = \left(7\sin(2t - 5)\right)' = 2\cdot 7\cos(2t - 5),$

$y''_t = \left(2 \cdot 7cos(2t-5)\right)' = -4 \cdot 7sin(2t-5)$,

Демек, $y'' = -4y$;

Жообу: , $y'' = -4y$.

6-мисал. а) $y = 2e^{5x}$ *функциясы* $y' = 5y$ *теңдемесинин;*

б) $y = 9e^{-7x}$ *функциясы* $y' = -7y$ *теңдемесинин чыгарылышы боло тургандыгын текшергиле.*

Чыгаруу: а) $y = 2e^{5x}$ *функциясынын туундусун табабыз.*

$$y' = (2e^{5x})' = (5x)' \cdot 2e^{5x} = 5 \cdot 2e^{5x} = 5y$$

Жообу: $y' = 5y$ *теңдемесинин чыгарылышы* $y = 2e^{5x}$ *функциясы болот.*

б) $y = 9e^{-7x}$,

$$y' = (9e^{-7x})' = (-7x) \cdot 9e^{-7x} = -7 \cdot 9e^{-7x} = -7y,$$

$$y' = -7y.$$

Жообу: $y = 9e^{-7x}$ *функциясы* $y' = -7y$ *теңдемесинин чыгарылышы болот.*

2.14. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар.

77. $y(t)$ *функциясы берилген дифференциалдык теңдемесинин чыгарылышы болорун текшергиле.*

а) $y(t) = 5cos\left(4t + \frac{\pi}{3}\right)$, $y'' = -16y$;

б) $y(t) = 2sin\left(\frac{1}{3}t + \frac{\pi}{6}\right)$, $y'' - \frac{1}{9}y = 0$.

78. Берилген шартты канааттандырган дифференциалдык теңдеменин чыгарылышын тапкыла.

а) $y' = -3cosx$, $y\left(\frac{\pi}{2}\right) = 3$;

б) $y' = 3x^2 + 4x - 1$, $y(1) = -2$.

79. а) $y = 3e^{-2x}$ *функциясы* $y' = -2y$ *теңдемесин,*

б) $y = 10e^{6x}$ *функциясы* $y' = 6y$ *теңдемесин канааттандыра тургандыгын текшергиле.*

80. Гармоникалык термелүүнүн дифференциалдык теңдемесин жазгыла:

а) $x = 5cos(3t-1)$; *б)* $x = 2sin(0{,}5t-7)$.

III бөлүм. Теңдемелер, барабарсыздыктар. Теңдемелердин жана барабарсыздыктардын системалары.

3.1. Теңдемелерди жана барабарсыздыктарды классификациялоо.

Теңдемелер белгисизге карата аткарылган амалдардын мүнөзүнө жараша жалпысынан 2 типке бөлүнөт:

1. Алгебралык теңдемелер;

2. Трансценденттик теңдемелер.

1-аныктама. Эгерде теңдемеде белгисизге карата кошуу, кемитүү, көбөйтүү, бөлүү, даражага көтөрүү жана тамыр чыгаруу амалдары гана катышса, анда мындай теңдемелер ***алгебралык теңдемелер*** *деп аталат.*

Мисалы: $2x + 5 = 12$, $x^2 + 7x - 3 = 0$,

$\frac{x^3+9}{x} = 12$, $\sqrt{x-3} - \sqrt{x^2+5} = -14$.

2-аныктама. Эгерде теңдемеде белгисизге карата 1-аныктамада аталган 6 амалдан башка амалдар аткарылса, анда ал теңдеме ***трансценденттик*** *деп аталат.*

Мисалы: 1) $\sin^2 x + \cos x - 1 = 0$;

2) $\lg^2 \frac{x+2}{x+1} + e^x = 5$;

3) $x^{\frac{2}{3}} + 3^{\sqrt{x}} + 7 = 0$;

4) $x^{\log_3 x - 3} = 10000$.

Алгебралык теңдемелер төмөнкүдөй үч типке бөлүнөт:

1. Бүтүн алгебралык теңдемелер. Мындай теңдемелерде белгисиздин даражасы натуралдык сандар гана болот.

Мисалы: 1) $3x^4 + 5x - 7 = 12$;

2) $(x+5)(x-2) = 4x + 2$;

3) $\sqrt{3}x^2 - \frac{2}{5}x = 3x - 7$;

4) $\frac{3}{4}x^3 + \frac{1}{3}x^2 + 1\frac{1}{7} = 3$.

2. Бөлчөк рационалдык теңдемелер. Мындай теңдемелер бүтүн алгебралык теңдемелердин катыштарын камтыйт.

Мисалы: 1) $\frac{x^2+2}{x+4} + \frac{x+1}{x-2} = 5$;

2) $\frac{x^3-1}{x+7} = 3x^2 - 1$.

3. Иррационалдык теңдемелер. Мындай теңдемелерде, белгисиз тамыр белгисинин астында камтылат, белгисиздин даражасы рационалдык сан болот.

Мисалы: $\sqrt{x^2-3}=\sqrt{x+9}$;

$x^{\frac{2}{3}}+x^{\frac{1}{3}}=6$.

Белгисиз өзгөрмөнү камтыган барабарсыздыктар да алгебралык барабарсыздыктар жана трансценденттик барабарсыздыктар болуп эки типке бөлүнүшөт.

Мисалы: 1) $x^2+3x-2>0$;

2) $\sqrt{x-1}+\sqrt{x^2-7}\geq 20$, *алгебралык барабарсыздыктар.*

3) $sinx+cosx>0$;

$2^x+log_2 x\leq 18$, *трансценденттик барабарсыздыктар.*

Силер окуп үйрөнгөн көрсөткүчтүү логарифмалык, тригонометриялык, модул ичинде белгисизи бар теңдемелер (барабарсыздыктар) трансценденттик теңдемелер (барабарсыздыктар) болушат.

Мисалы: 1) $4\cdot 3^{2x}-2\cdot 3^{x+1}-18=0$;

2) $lg\,x^2+lg\,x+3=6$;

3)$tg^2x-5tg\,x+9=0$;

4) $|x+3|-|x-2|=5$;

5) $2\cdot 5^x-5^{2x}+1<0$;

6) $cos^2x-sin\,x+2>0$.

3.2. Иррационалдык теңдемелер. Алардын негизги түрлөрү жана чыгаруу усулдары.

Аныктама. *Белгисизди тамыр белгисинин астына камтыган же белгисиздин даражасы рационалдык бөлчөк сан болгон алгебралык теңдемелер иррационалдык теңдемелер деп аталат.*

Бул бөлүмдө ар түрдүү иррационалдык теңдемелерди чыгаруу усулдары менен таанышасыңар.

Кээ бир иррационалдык теңдемелер тең күчтүү өзгөртүп түзүүлөр менен келтирилип чыгарылат. Ал эми айрым иррационалдык теңдемелерди рационалдык теңдемелерге келтирбей эле чыгарууга болот.

Иррационалдык теңдемелерди чыгарууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

1. Теңдеменин аныкталуу областын таап алуу, анткени анын аныкталуу областына тиешелүү сандар гана тамыр боло алат. Аныкталуу областын таппай эле чыгарсак да болот, мындай учурда табылган тамырларды теңдемеге коюп, текшерүү керек. Айрым учурда теңдеменин аныкталуу областын табуу мүмкүн болбой калышы да мүмкүн. Бул учурда теңдемелерди чыгарууда тең күчтүү өзгөртүп түзүүлөрдү жүргүзүп, тамырдын туура табылганын текшерип алабыз.

2. Иррационалдык теңдемелерди чыгарууда төмөндөгүлөрдү ар дайым билүү керек:

а) арифметикалык тамыр жана анын касиеттерин,

б) рационалдык көрсөткүчтүү даража жана анын касиеттерин,

в) кыскача көбөйтүүнүн формулаларын,

г) функциянын аныкталуу областын табууну,

д) рационалдык теңдемелерди чыгаруу жолдорун,

е) функиянын жуп, так жана монотондуулук касиеттерин.

<u>1. Арифметикалык тамырдын касиеттерин пайдалануу менен чыгаруучу иррационалдык теңдемелер.</u>

Мындай иррационалдык теңдемелерди чыгарууда арифметикалык тамырдын даражасынын жуп же тактыгы эске алынат.

$k \in N$ *саны жана* h *туюнтмасы үчүн:*

1) $\sqrt[2k]{h} = \begin{cases} \text{эгерде } h < 0 \text{ болсо, аныкталбайт,} \\ \text{эгерде } h = 0 \text{ болсо,} \quad 0, \\ \text{эгерде } h > 0 \text{ болсо} \quad > 0 \text{ болот.} \end{cases}$

$\sqrt[2k]{h} = q \geq 0$ *болсо,* $h = q^{2k}$. *(арифметикалык тамырдын аныктамасы боюнча)*

2) $\sqrt[2k+1]{h} = \begin{cases} \text{эгерде } h < 0 \text{ болсо, } < 0, \\ \text{эгерде } h = 0 \text{ болсо,} \quad 0, \\ \text{эгерде } h > 0 \text{ болсо } > 0. \end{cases}$

$\sqrt[2k+1]{h} = q$ *болсо,* $h = q^{2k+1}$ *(так даражалуу тамырдын касиети боюнча)*

3) Өздөрүнүн аныкталуу областарында $y = \sqrt[2k]{h}, \sqrt[2k+1]{h}$ *функциялары өсүүчү болот.*

1-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt{x-2} = 3;$$

Чыгаруу: Арифметикалык тамырдын аныктамасы боюнча $x-2\geq 0$ *үчүн* $\sqrt{x-2}\geq 0$, *демек теңдеменин сол жана оң жактары барабар. Теңдеменин эки жагын тең квадратка көтөрөбүз.*

$\left(\sqrt{x-2}\right)^2=3^2,$

$x-2=9,$

$x=9+2=11.$

Жообу: $x=11.$

2-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[4]{x^2+1}=-5;$$

Чыгаруу: Арифметикалык тамырдын аныктамасы боюнча $x^2+1\geq 0$ *үчүн* $\sqrt[4]{x^2+1}\geq 0$ *болот. Демек, теңдеменин сол жана оң жактары барабар эмес.*

Ошондуктан бул теңдеменин тамыры жок.

Жообу: $x\in\emptyset.$

3-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[3]{x+2}+\sqrt{x-5}+\sqrt[6]{10x+4}=5;$$

Чыгаруу: Бул теңдеменин аныкталуу областы $\sqrt{x-5}$ *туюнтмасынын аныкталуу областына барабар* $x-5\geq 0,\ x\geq 5.$ *Ушул аныкталуу областына тиешелүү* $x=6$ *санын тамыр катары текшерип көрөлү.*

$\sqrt[3]{6+2}+\sqrt{6-5}+\sqrt[6]{10\cdot 6+4}=2+1+2=5.$

Демек, $x=6$ *тамыр болот.*

Жообу: $x=6.$

4 – мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[4]{x(x-5)}=-7-x^2;$$

Чыгаруу: Бул теңдеменин сол жагында даражасы 4 болгон радикал, башкача айтканда $\sqrt[4]{x(x-5)}\geq 0$, *ал эми оң жагында* $-x^2-7<0$ *туюнтма. Теңдеменин оң жана сол жактары барабар эмес. Демек теңдеменин тамыры жок.*

Жообу: $x\in\emptyset.$

<u>2. Теңдеменин аныкталуу областын табуу жолу менен чыгаруу.</u>

5–мисал. $\sqrt[4]{27-x^3}-\sqrt{x-3}=\frac{x^2-x-6}{x^3+5}$ *теңдемесин чыгаргыла.*

Чыгаруу: Бул теңдеменин аныкталуу областы $27 - x^3 \geq 0$ *жана* $x - 3 \geq 0$, $x^2 - x - 6 \geq 0$ *барабарсыздыктарын канааттандырган сандар болот*

б.а. $27 - x^3 \geq 0$, $\quad x - 3 \geq 0$, $\quad x^2 - x - 6 \geq 0$,

$$-x^3 \geq -27, \qquad x \geq 3, \qquad (x+2)(x-3) \geq 0,$$

$$x^3 \leq 27, \qquad \begin{cases} x + 2 \geq 0 \\ x - 3 \geq 0 \end{cases} \quad \begin{cases} x \geq -2 \\ x \geq 3 \end{cases},$$

$$x \leq 3. \qquad x \geq 3$$

Демек, теңдеменин аныкталуу областы $x \geq 3$, $x \leq 3$ *мындан теңдеменин тамыры* $x = 3$ *экендиги келип чыгат.*

Жообу: $x = 3$.

6-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$\sqrt{x-5} - \sqrt{2-x} = 7;$$

Чыгаруу: Бул теңдеменин аныкталуу областы $x - 5 \geq 0$, $2 - x \geq 0$ *барабарсыздыктарын канааттандырган сандар башкача айтканда* $x \geq 5$, $x \leq 2$. *Бир эле учурда* x *мындай маанилерге ээ болбойт. Ошондуктан бул теңдеменин тамырлары жок.*

Жообу: $x \in \emptyset$.

3. Бир гана радикалы бар иррационалдык теңдемелерди чыгаруу.

Бир гана радикалы бар ирраионалдык теңдемелер жалпы учурда

$\sqrt[n]{g(x)} = q(x)$ *түрүндө жазылат.*

Мындай теңдемелерди чыгаруу үчүн берилген теңдеменин эки жагын тең n *– даражага көтөрүү керек. Ошондо биз төмөнкүдөй*

$g(x) = (q(x))^n$ *түрүндөгү рационалдык теңдемеге ээ болобуз.*

$\sqrt[2n]{g(x)} = q(x)$ *теңдемеси*

$\begin{cases} g(x) \geq 0 \\ g(x) = (q(x))^n \end{cases}$ *теңдемелер системасына тең күчтүү.*

7 – мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt{5x-6} = x + 2;$$

Чыгаруу: Теңдеменин сол жагында квадрат тамыр тургандыктан, анын оң жагы $x + 2 \geq 0$ *болуш керек.*

Берилген теңдеме $\begin{cases}(\sqrt{5x+6})^2 = (x+2)^2 \\ x+2 \geq 0\end{cases}$ *системасына тең күчтүү:*

$\begin{cases}5x+6 = (x+2)^2 \\ x+2 \geq 0,\end{cases}$ $\begin{cases}5x+6 = x^2+4x+4 \\ x+2 \geq 0,\end{cases}$

Натыйжада $x^2 - x - 2 = 0$ *квадраттык теңдемесине ээ болобуз.*

$D = 1 + 8 = 9 \quad x_{1/2} = \frac{1 \pm \sqrt{9}}{2} = \frac{1 \pm 3}{2}; \quad x_1 = 2, \; x_2 = -1.$

Бул эки тамыр тең теңдемени канааттандырат.

Жообу: $x_1 = 2, \; x_2 = -1.$

8-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[3]{3x^2 - 10x + 8} + x = 2;$$

Чыгаруу: Адегенде радикалды жалгыздап алабыз $\sqrt[3]{3x^2 - 10x + 8} = 2 - x$ *теңдеменин эки жагын тең кубка* $(\sqrt[3]{3x^2 - 10x + 8})^3 = (2-x)^3,$ *көтөрөбүз.*

$3x^2 - 10x + 8 = 8 - 12x + 6x^2 - x^3,$

$3x^2 - 10x + 8 - 8 + 12x - 6x^2 + x^3 = 0,$

$x^3 - 3x^2 + 2x = 0, \qquad x(x^2 - 3x + 2) = 0$

$x = 0; \quad x^2 - 3x + 2 = 0; \quad x_1 = 2; \quad x_2 = 1.$

Жообу: $x_1 = 2; \quad x_2 = 1; \quad x_3 = 0.$

4. Бирдей даражалуу эки же андан көп радикалдары бар иррационалдык теңдемелер.

А) Квадраттык радикалдарды камтыган иррационалдык теңдемелер.

9-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt{x^2+7} - \sqrt{x^2-5} = 2;$$

Чыгаруу: Бир радикалды теңдеменин сол жагына калтырып, экинчисин оң жагына алып өтөбүз.

$\sqrt{x^2+7} = 2 + \sqrt{x^2-5}$ *бул теңдеменин эки жагын тең квадратка көтөрөбүз.*

$(\sqrt{x^2+7})^2 = \left(2 + \sqrt{x^2-5}\right)^2$

$x^2 + 7 = 4 + 4\sqrt{x^2-5} + x^2 - 5$

$4\sqrt{x^2-5} = 8$

$\sqrt{x^2-5} = 2$ *бул теңдеменин да эки жагын тең квадратка көтөрөбүз.*

$x^2 - 5 = 4$

$$x^2 = 9$$
$$x_1 = -3; \ \ x_2 = 3$$
бул эки тамыр тең теңдемени канааттандырат.

Жообу: $x_1 = -3; \ \ x_2 = 3.$

10-мисал. Теңдемени чыгаргыла:
$$\sqrt{3x+16} - \sqrt{5x+1} - \sqrt{2x+9} = 0.$$
Чыгаруу: Бул теңдеменин аныкталуу областын табабыз:
$$3x + 16 \geq 0, \quad 5x + 1 \geq 0, \quad 2x + 9 \geq 0.$$
$$x \geq -\frac{16}{3}; \quad x \geq -\frac{1}{5}; \quad x \geq -\frac{9}{2}$$
Демек, $x \geq -\frac{1}{5}$ *аныкталуу област болот. Радикалдардын бирин жалгыздап алалы.*

$$\sqrt{3x+16} - \sqrt{2x+9} = \sqrt{5x+1},$$
$$\left(\sqrt{3x+16} - \sqrt{2x+9}\right)^2 = \left(\sqrt{5x+1}\right)^2.$$
Эми теңдеменин эки жагын тең квадратка көтөрөбүз

$$3x + 16 - 2\sqrt{(3x+16)(2x+9} + 2x + 9 = 5x + 1,$$
$$5x + 25 - 2\sqrt{(3x+16)(2x+9} - 5x - 1 = 0,$$
$\sqrt{(3x+16)(2x+9} = 12,$ *дагы квадратка көтөрөбүз.*
$$6x^2 + 59x + 144 = 144,$$
$$6x^2 + 59x = 0, \quad x(6x+59) = 0,$$
$$x = 0, \quad 6x + 59 = 0$$
$x = -\frac{59}{6}; \quad x = -\frac{59}{6}$ *аныкталуу областка кирбейт.*

Жообу: $x = 0.$

11-мисал. Теңдемени чыгаргыла:
$$\sqrt{2x^2+5x+3} - \sqrt{2x^2+5x-8} = 1$$
Чыгаруу: $2x^2 + 5x = t$ *жаңы өзгөрмөсүн киийребиз.*

(1) $\sqrt{t+3} - \sqrt{t-8} = 1,$ *теңдемесине ээ болобуз. Эми теңдеменин эки жагын тең анын түйүндөгүсүнө көбөйтөбүз.*
$$\left(\sqrt{t+3} - \sqrt{t-8}\right)\left(\sqrt{t+3} + \sqrt{t-8}\right) = $$
$$= \sqrt{t+3} + \sqrt{t-8},$$
$$t + 3 - t + 8 = \sqrt{t+3} + \sqrt{t-8},$$
(2) $\sqrt{t+3} + \sqrt{t-8} = 11$

(1) теңдемеге (2) теңдемени мүчөлөп кошобуз.
$$2\sqrt{t+3} = 12,$$
$\sqrt{t+3} = .6$ *теңдемесин алабыз, анын эки жагын тең*
$t + 3 = 36$ *квадратка көтөрөбүз.*

$t = 33.$

Демек, $2x^2 + 5x - 33 = 0$

$$D = 25 + 264 = 289$$

$x_{1/2} = \frac{-5\pm\sqrt{289}}{4} = \frac{-5\pm17}{4}, \quad x_1 = 3; \quad x_2 = -\frac{11}{2}$. *Бул эки тамыр тең теңдемени канааттандырат.*

Жообу: $\quad x_1 = 3; \quad x_2 = -\frac{11}{2}.$

Б) Кубдук радикалды камтыган иррационалдык теңдемелер.

12-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[3]{x+17} - \sqrt[3]{x-2} = 1.$$

Чыгаруу: Адегенде радикалдарды жалгыздап жайлаштыралы.

$\sqrt[3]{x+17} = 1 + \sqrt[3]{x-2}$ *бул теңдеменин эки жагын*

$\left(\sqrt[3]{x+17}\right)^3 = \left(1 + \sqrt[3]{x-2}\right)^3$ *тең кубка көтөрөбүз.*

$$x + 17 = 1 + 3\left(\sqrt[3]{x-2}\right)^2 + 3\sqrt[3]{x-2} + x - 2$$

$3\left(\sqrt[3]{x-2}\right)^2 + 3\sqrt[3]{x-2} - 18 = 0$ *теңдемесине ээ болобуз 3кө*

$\left(\sqrt[3]{x-2}\right)^2 + \sqrt[3]{x-2} - 6 = 0$ *бөлүп коебуз.*

$\sqrt[3]{x-2} = y$ *жаңы өзгөрмөсүн кийиребиз.*

$y^2 + y - 6 = 0, \qquad D = 1 + 24 = 25,$

$y_{1/2} = \frac{-1\pm\sqrt{25}}{2} = \frac{-1\pm5}{2}, \quad y_1 = 2; \quad y_2 = -3.$

$$\sqrt[3]{x-2} = 2, \qquad \sqrt[3]{x-2} = -3,$$

$$\left(\sqrt[3]{x-2}\right)^3 = 2^3, \qquad \left(\sqrt[3]{x-2}\right)^3 = (-3)^3,$$

$$x - 2 = 8, \qquad x - 2 = -27,$$

$$x = 10. \qquad x = -25.$$

Жообу: $\quad x_1 = 10; \quad x_2 = -25.$

13-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$\sqrt[3]{11-x} + \sqrt[3]{24+x} = 5$$

Чыгаруу: $\sqrt[3]{11-x} = u$ *жана* $\sqrt[3]{24+x} = \vartheta$ *жаңы өзгөрмөлөрүн кийиребиз.*

u *жана* ϑ *белгисиздерине карата төмөндөгүдөй теңдемелер системасын алабыз.*

$\begin{cases} u + \vartheta = 5, \\ u^3 + \vartheta^3 = 35, \end{cases} \quad \begin{cases} u = 5 - \vartheta, \\ (5-\vartheta)^3 + \vartheta^3 = 35, \end{cases}$

$125 - 75\vartheta + 15\vartheta^2 - \vartheta^3 + \vartheta^3 = 35,$

$15\vartheta^2 - 75\vartheta + 90 = 0,$

$\vartheta^2 - 5\vartheta + 6 = 0, \quad D = 25 - 24 = 1,$

$\vartheta_{1/2} = \frac{5\pm1}{2}, \quad \vartheta_1 = 3; \quad \vartheta_2 = 2.$

Демек, $u_1 = 5 - 3 = 2; \quad u_2 = 5 - 2 = 3.$

$\sqrt[3]{11-x} = 2,$	$\sqrt[3]{11-x} = 3,$	$\sqrt[3]{24+x} = 3$	$\sqrt[3]{24+x} = 2$
$11 - x = 8,$	$11 - x = 27,$	$24 + x = 27$	$24 + x = 8$
$x = 3.$	$x = -16.$	$x = 3$	$x = -16.$

Жообу: $x_1 = 3, \; x_2 = -16.$

В) Төртүнчү даражалуу радикалдары бар иррационал-дык теңдемелер.

Мындай теңдемелерди чыгарууда анын эки жагын удаа квадратка көтөрүү жана жаңы өзгөрмөнү кийирүү методдору колдонулат.

14-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[4]{14+x} + \sqrt[4]{3-x} = 3;$$

Чыгаруу: Теңдеменин эки жагын тең квадратка көтөрөбүз.

$\left(\sqrt[4]{14+x} + \sqrt[4]{3-x}\right)^2 = 3^2,$

$\sqrt{14+x} + 2\sqrt[4]{(14+x)(3-x)} + \sqrt{3-x} = 9,$

$\sqrt{14+x} + \sqrt{3-x} = 9 - 2\sqrt[4]{(14+x)(3-x)},$ *дагы квадратка*

$\left(\sqrt{14+x} + \sqrt{3-x}\right)^2 = \left(9 - 2\sqrt[4]{(14+x)(3-x)}\right)^2,$ *көтөрөбүз*

$14 + x + 2\sqrt{(14+x)(3-x)} + 3 - x =$

$= 81 - 36\sqrt[4]{(14+x)(3-x)} + 4\sqrt{(14+x)(3-x)},$

$-2\sqrt{(14+x)(3-x)} + 36\sqrt[4]{(14+x)(3-x)} - 64 = 0,$

$\sqrt{(14+x)(3-x)} - 18\sqrt[4]{(14+x)(3-x)} + 32 = 0,$

$\sqrt[4]{(14+x)(3-x)} = u$ *жаңы өзгөрмөсүн кийиребиз.*

$u^2 - 18u + 32 = 0,$ *квадраттык теңдемесин алабыз.*

$D = 324 - 128 = 196,$

$u_{1/2} = \frac{18\pm\sqrt{196}}{2} = \frac{18\pm14}{2}, \quad u_1 = 16; \quad u_2 = 2.$

Демек, $\sqrt[4]{(14+x)(3-x)} = 2$ *4-даражага көтөрөбүз.*
$(14+x)(3-x) = 16,$
$x^2 + 11x - 26 = 0,$ *квадраттык теңдемеси келип чыгат.*
$D = 121 + 104 = 225,$
$x_{1/2} = \frac{-11\pm\sqrt{225}}{2} = \frac{-11\pm15}{2},$ $x_1 = 2;$ $x_2 = -13.$ *Бул эки тамыр тең теңдемени канааттандырат.*

Жообу: $x_1 = 2;$ $x_2 = -13.$

Г) Бешинчи жана андан жогорку даражалуу радикалдары бар иррационалдык теңдемелер.

Мындай иррационалдык теңдемелердин жөнөкөйлөрүн, анын эки жагын тең бирдей даражага төтөрүү жолу менен чыгарабыз.

15-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[10]{x^2+2x} = \sqrt[10]{10-x};$$

Чыгаруу: Теңдеменин эки жагын тең 10-даражага көтөрөбүз. Аныкталуу областын табабыз.

$x^2 + 2x \geq 0$ *жана* $10 - x \geq 0$

демек $x \in (-\infty; -2) \cup [0; 10];$

$\left(\sqrt[10]{x^2+2x}\right)^{10} = \left(\sqrt[10]{10-x}\right)^{10},$
$x^2 + 2x = 10 - x,$
$x^2 + 3x - 10 = 0,$ $D = 9 + 40 = 49,$
$x_{1/2} = \frac{-3\pm\sqrt{49}}{2} = \frac{-3\pm7}{2},$ $x_1 = 2;$ $x_2 = -5$ *бул эки тамыр тең аныкталуу областка тиешелүү.*

Жообу: $x_1 = 2;$ $x_2 = -5.$

5. <u>Ар түрдүү даражадагы радикалдары бар иррационалдык теңдемелер.</u>

16-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt{x+1} = \sqrt[3]{x+5};$$

Чыгаруу: Бул теңдеменин аныкталуу областы $x \geq -1$. *Теңдеме 2- жана 3-даражадагы радикалдарды камтыгандыктан, анын* *эки жагын тең 2 менен 3 түн эң кичине бөлүнүүчүсү 6-даражага көтөрөбүз.*

$\left(\sqrt{x+1}\right)^6 = \left(\sqrt[3]{x+5}\right)^6,$

$(x+1)^3 = (x+5)^2,$

$x^3 + 3x^2 + 3x + 1 = x^2 + 10x + 25,$

$x^3 + 2x^2 - 7x - 24 = 0.$ *Виеттин теоремасы боюнча* -24 *түн бөлүүчүлөрүнүн бири бул теңдеменин тамыры болот. Ошондуктан* $x = 3$ *бул теңдеменин бир тамыры болот. Безунун теоремасы боюнча* $x^3 + 2x^2 - 7x - 24$ *көп мүчө* $x - 3$ *кө калдыксыз бөлүнөт.*

$$
\begin{array}{r|l}
-\,x^3 + 2x^2 - 7x - 24 & x - 3 \\ \cline{2-2}
\underline{x^3 - 3x^2} & x^2 + 5x + 8 \\
0 \quad -\,5x^2 - 7x & \\
\underline{5x^2 - 15x} & \\
0 \quad -\,8x - 24 & \\
\underline{8x - 24} & \\
0 &
\end{array}
$$

Демек, $x^3 + 2x^2 - 7x - 24 = (x-3)(x^2+5x+8)$

$(x-3)(x^2+5x+8) = 0$

$x - 3 = 0,\ \ x = 3;$

$x^2 + 5x + 8 = 0,\qquad D = 25 - 32 = -7 < 0$ *болгондуктан бул теңдеменин тамыры жок.*

Жообу: $x = 3.$

17-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt[6]{5-x} = \sqrt[12]{x-3};$$

Чыгаруу: Аныкталуу областын (АОну) табабыз.

$5 - x \geq 0, \qquad x - 3 \geq 0,$

$x \leq 5. \qquad\qquad x \geq 3.$

Демек, АО $3 \leq x \leq 5$ *болот.*

Эми теңдеменин эки жагын тең 6 менен 12 нин эң кичине бөлүнүүчүсү 12-даражага көтөрөбүз.

$\left(\sqrt[6]{5-x}\right)^{12} = \left(\sqrt[12]{x-3}\right)^{12},$

$(5-x)^2 = x - 3,$

$25 - 10x + x^2 = x - 3,$

$x^2 - 11x + 28 = 0, \qquad D = 121 - 112 = 9,$

$x_{1/2} = \frac{11 \pm \sqrt{9}}{2} = \frac{11 \pm 3}{2}$, $x_1 = 4$; $x_2 = 7$ *бул тамырлардын бири* $x_1 = 4$ *аныкталуу областка тиешелүү,* $x_2 = 7$ *кирбейт.*

Жообу: $x = 4$.

6. <u>Ар түрдүү туюнтмалардын көбөйтүндүсүнөн турган иррационалдык теңдемелер.</u>

Мындай теңдемелер көбөйтүүчүлөргө ажыратуу жолу менен чыгарылат. Бул төмөнкү теоремага негизделет.

Теорема 1. Эгерде $f_1(x), f_2(x), \dots f_n(x)$ *теңдемелеринин ар бири* $A \in R$ *болгон* A *көптүгүндө аныкталган болсо, анда бул көптүктө*

$f_1(x), f_2(x), \dots f_n(x) = 0, \quad n \in N$

теңдемеси, төмөнкү теңдемелердин жыйындысына тең күчтүү:

$$\left\{\begin{array}{l} f_1(x) = 0, \\ f_2(x) = 0, \\ ----, \\ f_n(x) = 0 \end{array}\right.$$

бул теңдемелердин жыйындысын төмөндөгүдөй жазсак да болот. $f_1(x) = 0$, $f_2(x) = 0, \dots, f_n(x) = 0$.

18-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$\sqrt{(x^2-4)} \cdot \sqrt{x^2-5x-6} = 0;$$

Чыгаруу: Радикалдардын алдындагы туюнтмаларды көбөйтүүчүлөргө ажыратып алабыз.

$$\sqrt{(x-2)(x+2)} \cdot \sqrt{(x+1)(x-6)} = 0$$

Аныкталуу областы табабыз

$$x-2 \geq 0, \quad x+2 \geq 0, \quad x+1 \geq 0, \quad x-6 \geq 0,$$

Мындан $x \geq 2$, $x \geq -2$, $x \geq -1$ *жана* $x \geq 6$.

Демек, аныкталуу областы $x \geq 6$, *2-учур үчүн* $x \leq -2$, *б.а.* $x \in (-\infty; -2] \cup [6; +\infty)$;

Теорема боюнча

$\sqrt{(x-2)(x+2)} = 0$,	$\sqrt{(x+1)(x-6)} = 0$,
$(x-2)(x+2) = 0$,	$(x+1)(x-6) = 0$,
$x-2=0$, $x_1 = 2$,	$x+1=0$, $x_3 = -1$,
$x+2=0$, $x_2 = -2$,	$x-6=0$, $x_4 = 6$,

Бул табылган төрт тамырдан $x = -2$, $x = 6$ гана аныкталуу областка таандык.

Жообу: $x_1 = 6$, $x_2 = -2$.

19-мисал. Тѐңдемени чыгаргыла.

$(x-1)\sqrt{x-1} - \sqrt{x^2-1} = 0;$

Чыгаруу: Бул теңдеменин $A.O.$ *сы*

$x \geq 1$ *башкача айтканда* $x \in [1; +\infty)$

Теңдемени төмөнкүдөй өзгөртүп түзөбүз:

$$(x-1)\sqrt{x-1} - \sqrt{x-1}\cdot\sqrt{x+1} = 0.$$

$$\sqrt{x-1}\left(x-1-\sqrt{x+1}\right) = 0.$$

Теорема боюнча

$\sqrt{x-1} = 0,$
$x-1 = 0,$
$x = 1.$

$-\sqrt{x+1} = 1-x,$
$x+1 = 1-2x+x^2,$
$x^2-3x = 0,$
$x(x-3) = 0,$
$x = 0,\ x-3 = 0,$
$x = 3.$

Табылган $x = 0$, $x = 1$, $x = 3$ *тамырларынын ичинен* $x = 1$, *жана* $x = 3$ *тамырлары* $A.O.$ *ка тандык.*

Жообу: $x_1 = 1$; $x_2 = 3$.

7. Иррационалдык теңдемелердин $f(f(x)) = x$ түрүндө берилиши.

Мындай иррационалдык теңдемени чыгаруу үчүн суперпозиция методу колдонулат.

Суперпозиция-татаал аргументүү, функциядан функция дегенди билдирет.

2-теорема. Эгерде $y = f(x)$ *функциясы монотон-дуу өсүүчү болсо, анда* $f(x) = x$ *жана* $f(f(x)) = x$ *теңдемелери тең күчтүү болот.*

Теңдемелерди чыгарууда ушул теореманы колдонуу, суперпозиция методу деп аталат.

20-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$\sqrt{3+\sqrt{x}} = x-3.$$

Чыгаруу: Теңдеменин аныкталуу областы $x \geq 0$ *жана* $x \geq 3$ *демек,* $A.O.$ $x \geq 3$, $x \in [3; +\infty)$.

Теңдемени чыгарууда суперпозиция методун колдонобуз. Ал үчүн $f(x) = 3 + \sqrt{x}$ *функциясынын монотондуулугун карап чыгабыз.*

$f'(x) = \left(3 + \sqrt{x}\right)' = \frac{1}{2\sqrt{x}} > 0$ *демек, функция өсүүчү. Анда* $f\left(f(x)\right) = x$ *башкача айтканда*

$f\left(f(x)\right) = 3 + \sqrt{3 + \sqrt{x}}$ *2-теореманын негизинде*

$3 + \sqrt{x} = x$ *болот.*

$x - \sqrt{x} - 3 = 0$

$\sqrt{x} = t$ *жаңы өзгөрмөсүн кийиребиз.*

$t^2 - t - 3 = 0$ *квадраттык теңдемесин алабыз.*

$D = 1 + 12 = 13,\ t_1 = \frac{1+\sqrt{13}}{2},\ t_2 = \frac{1-\sqrt{13}}{2}.$

Демек, $\sqrt{x} = \frac{1+\sqrt{13}}{2},$

$x = \left(\frac{1+\sqrt{13}}{2}\right)^2 = \frac{1+2\sqrt{13}+13}{4} = \frac{14+2\sqrt{13}}{4} = \frac{7+\sqrt{13}}{2}.$

Табылган тамыр А.О.ка тиешелүү.

Жообу: $x = \frac{7+\sqrt{13}}{2}.$

21-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$2 \cdot \sqrt{\frac{2\sqrt{x} + \sqrt[4]{x}}{3}} + \sqrt[4]{\frac{2\sqrt{x} + \sqrt[4]{x}}{3}} = 3x$$

Чыгаруу: Теңдеменин А.О.ты $x \geq 0,\ x \in [0; +\infty).$

2-теореманын негизинде

$f(x) = \frac{1}{3}\left(2\sqrt{x} + \sqrt[4]{x}\right)$ *деп алабыз.*

Демек, $\frac{1}{3}\left(2\sqrt{x} + \sqrt[4]{x}\right) = x$ *болот.*

$2\sqrt{x} + \sqrt[4]{x} = 3x,$

$3x - 2\sqrt{x} - \sqrt[4]{x} = 0,$

$\sqrt[4]{x} = t$ *жаңы өзгөрмөсүн кийиребиз.*

$3t^4 - 2t^2 - t = 0$ *теңдемесин алабыз.*

$t\left(3t^3 - 2t \quad - 1\right) = 0$ *мындан*

$t = 0$ *жана* $3t^3 - 2t \quad - 1 = 0$ *кубдук теңдемесин алабыз. Бул теңдеменин тамырын Виеттин теоремасы боюнча анын бош мүчөсүнүн бөлүүчүлөрүнүн арасынан издейбиз. Бош мүчө 1ге барабар. Анын бир гана бөлүүчүсү бар. Ал 1. Демек,* $t_2 = 1,$ $t_1 = 0$

$\sqrt[4]{x} = 1, \quad \sqrt[4]{x} = 0,$

$x = 1. \quad x = 0. \quad$ *Жообу:* $x_1 = 0, \quad x_2 = 1.$

8. Функционалдык метод жана график менен чыгарылуучу иррационалдык теңдемелер.

Функциялардын касиеттерин (монотондуулугун, так же жуптугун, чектелүүсүн) пайдаланып, берилген теңдемени чыгарууну функционалдык метод деп атайбыз.

Теңдемени график жолу менен чыгарууну силер мурда таанышкансыңар. Берилген теңдемени $f_1(x) = f_2(x)$ *түрүндө жазып,* $y = f_1(x)$ *жана* $y = f_2(x)$ *функцияларынын графиктерин чийебиз. Бул эки функциянын графиктеринин кесилишкен чекиттеринин абсциссалары берилген теңдеменин тамырлары болот. Графиктер кесилишпесе теңдеменин чыгарылышы жок болот.*

22-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$2\sqrt{x} + \sqrt[5]{27x} = 9;$$

Чыгаруу: Теңдеменин А.О.: $x \geq 0.$

Бул теңдеменин сол жагы $x \geq 0$ *маанилеринде өсүүчү функция, демек ал өзүнүн ар бир маанисин бир эле жолу алат.* $x = 9$ *берилген теңдеменин тамыры боло тургандыгын текшерип көрөлү.*

$$2\sqrt{9} + \sqrt[5]{27 \cdot 9} = 2 \cdot 3 + 3 = 9 \text{ демек } x = 9 \text{ тамыр болот.}$$

Жообу: $x = 9.$

23-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$\sqrt{x} = \frac{21}{x-2};$$

Чыгаруу: Теңдеменин А.О.ты $x > 2.$

Эгерде $f_1(x) = \sqrt{x}, \quad f_2(x) = \frac{21}{x-2}$ *бул функциялар аныкталуу областта төмөнкү теореманын шартын канааттандырат.*

3-теорема. Эгерде $f_1(x) = f_2(x)$ *теңдемесиндеги* $y = f_1(x)$ *жана* $y = f_2(x)$ *функцияларынын бири А.О.до өсүүчү, ал эми экинчиси кемүүчү болсо, анда бул теңдеменин бир гана тамыры болот, же тамыры жок болот.*

$f_1(x)$ *өсүүчү функция,* $f_2(x)$ *кемүүчү функция.*

Берилген теңдеменин тамыры $x = 9$ *экендигин текшерүү керек.*

$\sqrt{9} = 3, \quad \frac{21}{9-2} = \frac{21}{7} = 3.$

Демек, $x = 9$ *тамыр болот.*

Жообу: $x = 9$.

23. *Теңдемени графиктик жол менен чыгаргыла.*

$$3\sqrt{x} = \frac{3}{x};$$

Чыгаруу:
Теңдеменин А.О. ты $x > 0$.



15-сүрөт

Эгерде $f_1(x) = 3\sqrt{x}$, $f_2(x) = \frac{3}{x}$ *десек, анда алардын графиктерин схемалык түрдө чийип алабыз. Графиктердин кесилишкен чекитинин абсциссасы* $x = 1$.
Демек, берилген теңдеменин тамырыда 1 болот.

Жообу: $x = 1$.

9. Пропорциянын касиеттерин колдонуу методу менен чыгарылуучу иррационалдык теңдемелер.

Пропорциянын төмөнкү эки касиетин келтирели.
1) $\frac{a}{b} = \frac{c}{d}$ *пропорциясынан 2)* $\frac{a+b}{a-b} = \frac{c+d}{c-d}$ *жана 3)* $\frac{a-b}{a+b} = \frac{c-d}{c+d}$ *пропорцияларын алууга болот.*
Мында 2) жана 3) пропорциялар туунду пропорциялар деп аталат.
2) жана 3) пропорциялардын сол жана оң жактары тиешелүү түрдө өз ара тескери чоңдуктар.
2) жана 3) пропорциялар иррационалдык теңдемелерди чыгарууда көп колдонулат.
24 – мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$\frac{\sqrt{2x+3}+\sqrt{4-x}}{\sqrt{2x+3}-\sqrt{4-x}} = \frac{\sqrt{3x}+1}{\sqrt{3x}-1}.$$

Чыгаруу: Берилген теңдемесини 1) пропорция катары эсептеп, аны 2) пропорцияга келтиребиз.

$$\frac{\sqrt{2x+3}+\sqrt{4-x}+\sqrt{2x+3}-\sqrt{4-x}}{\sqrt{2x+3}+\sqrt{4-x}-\sqrt{2x+3}+\sqrt{4-x}} = \frac{\sqrt{3x}+1+\sqrt{3x}-1}{\sqrt{3x}+1-\sqrt{3x}+1},$$

$\frac{2\sqrt{2x+3}}{2\sqrt{4-x}} = \frac{2\sqrt{3x}}{2}$, $\frac{\sqrt{2x+3}}{\sqrt{4-x}} = \sqrt{3x}$ *алынган теңдеменин эки жагын тең квадратка көтөрөбүз.*

$\left(\frac{\sqrt{2x+3}}{\sqrt{4-x}}\right)^2 = (\sqrt{3x})^2$, $\quad \frac{2x+3}{4-x} = 3x.$

$2x + 3 = 3x(4 - x),$

$2x + 3 = 12x - 3x^2,$

$3x^2 - 10x + 3 = 0$, *квадраттык теңдемесине ээ болобуз.*

$D = 100 - 36 = 64$

$$x_{1/2} = \frac{10 \pm \sqrt{64}}{6} = \frac{10 \pm 8}{6};\quad x_1 = 3;\quad x_2 = \frac{1}{3}.$$

Текшерип көрсөк $x_1 = 3$ *теңдеменин тамыры болот,*

$x_2 = \frac{1}{3}$ *чет тамыр.*

Жообу: $x = 3;$

10. <u>Татаал радикалдардан турган иррационалдык теңдемелер.</u>

Мындай теңдемелерди теңдеменин эки жагын тең удааыш бир нече жолу даражага көтөрүү методу менен чыгарабыз.

25-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$\sqrt[4]{1 + \sqrt[3]{5 - \sqrt{x}}} = 1.$$

Чыгаруу: Берилген теңдеме татаал радикалдуу теңдеме. Аны удаасы менен үч жолу даражага көтөрүү методун пайдаланып чыгарабыз.

$\left(\sqrt[4]{1 + \sqrt[3]{5 - \sqrt{x}}} = 1\right)^4 = 1^4,$

$1 + \sqrt[3]{5 - \sqrt{x}} = 1 \quad \sqrt[3]{5 - \sqrt{x}} = 0,$

$\left(\sqrt[3]{5 - \sqrt{x}}\right)^3 = 0,$

$5 - \sqrt{x} = 0,\ \sqrt{x} = 5,$

$(\sqrt{x})^2 = 5^2, \quad x = 25.$

Текшерип көрсөк $x = 25$ *теңдеменин тамыры экендиги келип чыгат.*

Жообу: $x = 25.$

11. Толук квадратты бөлүп алуу менен чыгарылуучу иррационалдык теңдемелер.

Квадраттык үч мүчөдөн толук квадратты бөлүп алууну силер 9-класста үйрөнгөнсүңөр.

$$ax^2+bx+c=a\left(x^2+\frac{b}{a}x\right)+c=a\left[x^2+2\cdot\frac{b}{2a}x+\left(\frac{b}{2a}\right)^2\right]+c=$$
$$=a\left(x+\frac{b}{2a}\right)^2+c-\frac{b^2}{4a};$$

Толук квадратты бөлүп алуу методу менен иррационалдык теңдемелерди чыгарууну үйрөнөбүз.

26-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$x^4-2x^2+x-2\sqrt{x}+2=0.$$

Чыгаруу: Теңдеменин $A.O.$ *ты* $x\geq 0.$

Теңдемени төмөндөгүдөй өзгөртүп түзөбүз.

$$\left(x^4-2x^2+1\right)+\left(x-2\sqrt{x}+1\right)=0$$
$$(x^2-1)^2+(\sqrt{x}-1)^2=0.$$

Демек, $\begin{cases}(x^2-1)^2=0\\(\sqrt{x}-1)^2=0\end{cases}$, $\begin{cases}|x^2-1|=0\\|\sqrt{x}-1|=0.\end{cases}$

системасына ээ болобуз. Анын биринчи теңдемесинен

$$x^2-1=0,\quad x^2=1,\quad x_1=1,\quad x_2=-1.$$

экинчи теңдемесинен

$$\sqrt{x}-1=0,\ (\sqrt{x})^2=1^2,\qquad x=1.$$

Бул табылган үч тамырдан $x=-1$ $A.O.$ *ка кирбейт.* $x=1$ *тамыр болот.*

Жообу: $x=1.$

27 – мисал. Теңдемелерди чыгаргыла.

$$\sqrt{x^2-2x+1}+\sqrt{x^2+4x+4}=3$$

Чыгаруу: Берилген теңдемени төмөндөгүдөй жазып алабыз.

$$\sqrt{(x-1)^2}+\sqrt{(x+2)^2}=3$$

же $|x-1|+|x+2|=3$ *эки терс эмес сандын суммасы 3кө барабар болуш үчүн алардын ар бири 3 төн ашпашы керек.*

Демек, $\begin{cases}|x-1|\leq 3\\|x+2|\leq 3\end{cases}$ *модулдун дагы бир касиетин эске алабыз*

$$\begin{cases}-3\leq x-1\leq 3\\-3\leq x+2\leq 3\end{cases},\quad\begin{cases}-2\leq x\leq 4\\-5\leq x\leq 1\end{cases},\quad -2\leq x\leq 1.$$

Жообу: $x\in[-2;1].$

12. Параметрлүү иррационалдык теңдемелер.

Параметрлүү ирраионалдык теңдемелерде белгисизден башка бир же бир нече параметрлер болот.

Параметрдүү теңдемелерди чыгарууда иррационалдык теңдемелерди чыгаруунун бардык методдорун колдонууга болот. Анын чыгарылышы бар же жок экендиги теңдемедеги параметрлерге байланыштуу болот.

28-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$\frac{\sqrt{x+2a}-\sqrt{x-2a}}{\sqrt{x+2a}+\sqrt{x-2a}} = \frac{x}{2a}$;

Чыгаруу: Берилген параметрдик теңдемени пропорция катары эсептеп, пропорциянын $\frac{a+b}{a-b} = \frac{c+d}{c-d}$ *касиетин пайдалануу менен чыгарабыз. А.О.ты* $x \geq 2a,\ a \neq 0,\ a > 0$;

$$\frac{\sqrt{x+2a}-\sqrt{x-2a}+\sqrt{x+2a}+\sqrt{x-2a}}{\sqrt{x+2a}+\sqrt{x-2a}-\sqrt{x+2a}-\sqrt{x-2a}} = \frac{x+2a}{x-2a}$$

$-\frac{\sqrt{x+2a}}{\sqrt{x-2a}} = \frac{x+2a}{x-2a}$, *бул теңдеменин эки жагын тең квадратка көтөрөбүз.*

$\frac{x+2a}{x-2a} = \frac{x^2+4ax+4a^2}{x^2-4ax+4a^2}$ *рационалдык теңдемесин алабыз.*

$$x^3 - 4ax^2 + 4a^2x + 2ax^2 - 8a^2x + 4a^3 =$$
$$= x^3 + 4ax^2 + 4a^2x - 2ax^2 - 8a^2x - 8a^3,$$
$$-4ax^2 = -16a^3,$$
$$x^2 = 4a^2,$$
$$x = 2|a|.$$

Жообу: $x = 2|a|$.

13. Иррационалдык теңдемелердин системалары.

Иррационалдык теңдемелердин системаларын, рационалдык теңдемелерди чыгаруудагы колдонулган кошуу жолу, ордуна коюу жолу, жаңы өзгөрмөнү киирүү жолдорун пайдалануу менен чыгарабыз.

29-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла.

$$\begin{cases} \sqrt{x} - \sqrt{y} = 4, \\ 2\sqrt{x} + 3\sqrt{y} = 18; \end{cases}$$

Чыгаруу: Системанын 1-теңдемесинин эки жагын тең 3 кө көбөйтөбүз.

$$\begin{cases} 3\sqrt{x} - 3\sqrt{y} = 12, \\ 2\sqrt{x} + 3\sqrt{y} = 18; \end{cases}$$ *1- жана 2- теңдемени кошобуз.*

$$\begin{array}{r} -\ 3\sqrt{x} - 3\sqrt{y} = 12 \\ \underline{2\sqrt{x} + 3\sqrt{y} = 18} \\ 5\sqrt{x} = 30 \end{array}$$ *тендемесин алабыз*

$\sqrt{x} = 6,\ (\sqrt{x})^2 = 6^2,\ x = 36.$

$x = 36$ *маанисин 2-теңдемеге коюп y ти табабыз.*

$2\sqrt{36} + 3\sqrt{y} = 18,$

$3\sqrt{y} = 18 - 12,$

$3\sqrt{y} = 6,$

$\sqrt{y} = 2,\quad (\sqrt{y})^2 = 2^2,\ y = 4.$

Жообу: $x = 36,\ y = 4.$

30-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла.

$$\begin{cases} x\sqrt{y} + y\sqrt{x} = 30, \\ \sqrt{x} + \sqrt{y} = 5; \end{cases}$$

Чыгаруу: Системанын 2-теңдемеден $\sqrt{x}$ *ти* $\sqrt{y}$ *аркылуу туюнтуп алабыз.*

$$\begin{cases} x\sqrt{y} + y\sqrt{x} = 30, \\ \sqrt{x} = 5 - \sqrt{y}; \end{cases} \quad \begin{cases} \sqrt{x}\cdot\sqrt{y}(\sqrt{x} + \sqrt{y}) = 30, \\ \sqrt{x} = 5 - \sqrt{y}; \end{cases}$$

$(5 - \sqrt{y})\sqrt{y}\cdot 5 = 30,$ *ордуна коюу методун пайдаландык.*

$5\sqrt{y} - y = 6,\ \ y - 5\sqrt{y} + 6 = 0.$

$\sqrt{y} = t$ *жаңы өзгөрмөсүн кииребиз.*

$t^2 - 5t + 6 = 0;$

$t_1 = 3\ ,\quad t_2 = 2.$

$$\sqrt{y} = 3,\ y_1 = 9,\quad \sqrt{x} = 5 - 3 = 2,\ x_1 = 4;$$
$$\sqrt{y} = 2,\ y_2 = 4,\quad \sqrt{x} = 5 - 2 = 3,\ x_2 = 9;$$

Жообу: (4;9); (9;4).

31. Теңдемелер системасын чыгаргыла.

$$\begin{cases} 5\sqrt{x^2 - 3y - 1} + \sqrt{x + 6y} = 19, \\ 3\sqrt{x^2 - 3y - 1} = 1 + 2\sqrt{x + 6y}; \end{cases}$$

Чыгаруу: $\sqrt{x^2 - 3y - 1} = u,\ \ \sqrt{x + 6y} = \vartheta$ *жаңы өзгөрмөлөрүн кииребиз.*

$$\begin{cases}5u + \vartheta = 19,\\ 3u - 2\vartheta = 1,\end{cases} \quad \begin{cases}10u + 2\vartheta = 38,\\ 3u - 2\vartheta = 1,\end{cases}$$

$$\begin{cases}5u + \vartheta = 19,\\ 3u - 2\vartheta = 1,\end{cases} \quad \begin{cases}10u + 2\vartheta = 38, & \textit{1-теңдемеге}\\ 3u - 2\vartheta = 1, & \textit{2-теңдемени кошобуз}\end{cases}$$

$$13u = 39,$$
$$u = 3,$$
$$\vartheta = 19 - 5 \cdot 3 = 19 - 15 = 4. \quad \vartheta = 4.$$

$$\begin{cases}\sqrt{x^2 - 3y - 1} = 3,\\ \sqrt{x + 6y} = 4,\end{cases} \quad \begin{cases}x^2 - 3y - 1 = 9,\\ x + 6y = 16,\end{cases}$$

Экинчи теңдемеден y ти x аркылуу туюнтуп алабыз, аны 1-теңдемеге коебуз.

$$y = \frac{16 - x}{6};$$
$$x^2 - 3 \cdot \frac{16-x}{6} - 1 = 9,$$
$$2x^2 + x - 36 = 0,$$
$$x_1 = -\frac{9}{2}; \quad y_1 = \frac{41}{12},$$
$$x_2 = 4; \quad y_2 = 2.$$

Жообу: $\left(-\frac{9}{2}; \frac{41}{12}\right)$, *(4;2).*

3.3. Иррационалдык барабарсыздыктар жана аларды чыгаруу жолдору.

1-аныктама. Белгисизди тамыр астына камтыган барабарсыздыктар иррационалдык барабарсыздыктар деп аталат.

Мисалы: $\sqrt{x} + \sqrt{2x + 1} > 3x - 1; \quad \sqrt[3]{5x + 1} < \sqrt{2x - 1}$

2-аныктама. Барабарсыздыкты туура сан барабарсыздыгына же теңдештикке айландырган белгисиз чоңдуктун мааниси анын чыгарылышы деп аталат.

Барабарсыздыкты чыгаруу деп, аны канааттандырган сандардын көптүгүн табууну же чыгарылышы жок экендигин далилдөөнү айтабыз.

Иррацоналдык барабарсыздыктарды чыгарууда негизинен төмөндөгү методдор колдонулат:

1) аныкталуу областын табуу;

2) арифметикалык тамырдын касиеттерин колдонуу;
3) даражага көтөрүү;
4) жаңы өзгөрмө кийирүү;
5) толук квадратты бөлүп алуу;
6) графиктик жол менен чыгаруу.

1-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла.

$$\sqrt{x-5} > -7;$$

Чыгаруу: Бул барабарсыздыктын А.О.ты $x-5 \geq 0,\ x \geq 5$ *б.а.* $x \in [5; +\infty)$.

Арифметикалык тамырдын касиети боюнча $\sqrt{x-5} \geq 0$ *болот. Барабарсыздыктын сол жагы* $-7 < 0$ *б.а. терс сан. Ошондуктан барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү анын А.О.ты менен дал келет.*

Демек, чыгарылыш көптүгү $[5; +\infty)$ *болот.*

Жообу: $x \in [5; +\infty)$.

2-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла.

$$\sqrt[10]{7-x} + \sqrt{x+3} > \sqrt{x-7};$$

Чыгаруу: Барабарсыздыктын А.О.тын табабыз.
А.О. $7-x \geq 0,\quad x+3 \geq 0,\quad x-7 \geq 0$
барабарсыздыктардын чыгарылыш көптүгү менен дал келет.
б.а. $x \leq 7,\ x \geq -3,\quad x \geq 7$ *мындан* $x = 7$ *экендиги келип чыгат.* *Жообу:* $x = 7$.

Барабарсыздыктарды чыгарууда мындан ары төмөнкү кыскартууларды колдонобуз:
1) БАО-барабарсыздыктын аныкталуу областы;
2) БСЖ-барабарсыздыктын сол жагы;
3) БОЖ-барабарсыздыктын оң жагы;
4) СЖ-сол жагы;
5) ОЖ-оң жагы.

Жуп даражалуу иррационалдык барабарсыздыктар. Мындай барабарсыздыктар төмөнкүдөй төрт түрдө кездешет.
А) БАОдо эки жагы тең терс эмес.
Мисалы, $\sqrt[4]{x^2+1} \geq \sqrt[6]{x-5}$.
Б) БАОдо эки жагы тең терс.
Мисалы, $-\sqrt{x-3} \leq -\sqrt[4]{x+2} - \sqrt{x-1}$.
В) БАОдо барабарсыздыктын СЖнын белгиси аныкталбаган, ал эми ОЖ ≥ 0.

Мисалы, $5x \geq \sqrt{x^2 + x - 4}$.

Г) БАОдо барабарсыздыктын СЖ ≥ 0, *ал эми ОЖнын белгиси аныкталбаган.*

Мисалы, $\sqrt{x+5} \geq x - 1$.

1-теорема. *Эгерде БАОдо* $f_1(x) \geq 0$ *жана* $f_2(x) \geq 0$ *болсо, анда* $f_1(x) \geq f_2(x)$ *барабарсыздыгы* $(f_1(x))^{2x} \geq (f_2(x))^{2x}$ *барабарсыздыгына тең күчтүү болот.*

Бул теорема А) түрүндөгү барабарсыздыктарды чыгарууда колдонулат.

Б) түрү эки жагын тең (-1)ге көбөйтүү менен А) түрүнө келтирилет.

3-мисал. $\sqrt{x+3} > \sqrt{x-3}$ *барабарсыздыгын чыгаргыла.*

Чыгаруу: Арифметикалык тамырдын касиети боюнча барабарсыздыктын эки жагы тең терс эмес.

Демек, 1-теореманы колдонууга болот;

СЖнын АОты $x + 3 \geq 0$, $x \geq -3$;

ОЖнын АОты $x - 3 \geq 0$, $x \geq 3$.

Демек, БАО $x \geq 3$.

Барабарсыздыктын эки жагын тең квадратка көтөрөбүз

$$\left(\sqrt{x+3}\right)^2 > \left(\sqrt{x-3}\right)^2$$

$$x + 3 > x - 3$$

Мындан төмөнкүгө ээ болобуз.

$$\begin{cases} x \geq 3, \\ x + 3 > x - 3, \end{cases} \quad \begin{cases} x \geq 3, \\ 3 > -3, \end{cases}$$

БАОнун шарты канааттандырылды. $x \geq 3$

Жообу: $x \geq 3$.

4-мисал. Барабарсыздыкты чыгарыгыла.

$$\frac{\sqrt{x-3}}{\sqrt{x+3}} < 2;$$

Чыгаруу: 1-теореманын негизинде барабарсыздыктын эки жагын тең квадратка көтөрүп, $\frac{x-3}{x+3} < 4$ *рационалдык барабарсыздыгын алабыз.*

Интервалдар методун колдонуп, БАО $(3; +\infty)$ *көптүгү экендигин табабыз.*

Рационалдык барабарсыздыктын чыгарылышы $(-5; +\infty)$ *экендигин табабыз.*
Анда барабарсыздыктын чыгарылышы.

Жообу: $(-5; +\infty) \cap (3; +\infty) = (3; +\infty)$.

2-теорема. *Берилген* $f_1(x) \geq \sqrt[2k]{f_2(x)},\ k \in N$ *барабарсыздыгы төмөнкү рационалдык барабарсыздык-тардын системасына тең күчтүү:*

$$\begin{cases} f_1(x) \geq 0, \\ f_2(x) \geq 0, \\ (f_1(x))^{2k} \geq f_2(x). \end{cases}$$

Эскертүү: Эгерде $f_1(x) < 0$ *болсо,* $f_1(x) > \sqrt[2k]{f_2(x)}$ *барабарсыздыгынын чыгарылышы жок.*

5-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$\sqrt{3x+4} \leq x.$$

Чыгаруу: 2-теореманын негизинде төмөнкүгө ээ болобуз.

$$\begin{cases} x \geq 0, \\ 3x+4 \geq 0, \\ 3x+4 \leq x^2 \end{cases} \quad \begin{cases} x \geq 0, \\ x \geq -\dfrac{4}{3}. \\ x^2 - 3x - 4 \geq 0, \end{cases}$$

Берилген барабарсыздыкты квадратка көтөрөбүз.

$x^2 - 3x - 4 \geq 0,$

$(x+1)(x-4) \geq 0$ *интервалдар методун колдонуп, бул барабарсыздыктын чыгарылышы* $[4; +\infty)$ *экендигин табабыз.*

Жообу: $x \geq 4$.

6-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла

$$x - 2 \geq \sqrt{x^2 - 3x}.$$

Чыгаруу: 2-теореманы колдонуп, барабарсыздыкты квадратка көтөрөбүз.

$$\begin{cases} x - 2 \geq 0, \\ x^2 - 3x \geq 0, \\ (x-2)^2 \geq \left(\sqrt{x^2-3x}\right)^2, \end{cases} \quad \begin{cases} x \geq 2, \\ x \geq 0, \quad x \geq 3 \\ x^2 - 4x + 4 \geq x^2 - 3x, \ x \leq 4. \end{cases}$$

Демек, барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $3 \leq x \leq 4$ *болот.*

Жообу: $x \in [3; 4]$

3-теорема. *Берилген* $\sqrt[2x]{f_1(x)} \geq f_2(x)$ *барабарсыздыгы раионалдык барабарсыздыктардын төмөнкү жыйындысына тең күчтүү:*

а) $\begin{cases} f(x) \geq 0, \\ f_2(x) \geq 0, \\ f_1(x) = (f_2(x))^2 \end{cases}$ *жана* $\begin{cases} f_1(x) \geq 0, \\ f_2(x) \geq 0, \end{cases}$

7 – мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$\sqrt{x-6} > x;$$

Чыгаруу: 3 – теореманы колдонсок.

$$\begin{cases} x+6 \geq 0, \\ x \geq 0, \\ \left(\sqrt{x+6}\right)^2 \geq x^2, \end{cases} \quad \begin{cases} x \geq -6, \\ x \geq 0, \\ x+6 > x^2 \end{cases},$$

$x+6 > x^2$, $x^2 - x - 6 < 0$ *интервалдар методун колдонуп* $-2 < x < 3$ *экендигин табабыз. Жогорку системадагы шарттарды пайдаланып барабарсыздыктын чыгарылышы* $0 \leq x < 3$ *боло тургандыгын билебиз.*

Жообу: $x \epsilon [0; 3)$.

4-теорема. *Берилген* $f_1(x) > f_2(x)$ *барабарсыздыгы* $\sqrt[2x+1]{f_1(x)} \geq \sqrt[2x+1]{f_2(x)}$ *барабарсыздыгына тең күчтүү.*

8-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$\sqrt[3]{x^3 - 6x^2} < x - 2;$

Чыгаруу: БАО: $x \epsilon R$*,4 – теореманы колдонуп, барабарсыздыктын эки жагын тең кубка көтөрөбүз.*

$\left(\sqrt[3]{x^3 - 6x^2}\right)^3 < (x-2)^3,$

$x^3 - 6x^2 < x^3 - 6x^2 + 12x - 8,$

$-12x < -8,$

$x > \frac{2}{3};$

Жообу: $x \epsilon \left(\frac{2}{3}; +\infty\right)$.

9-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла.

$$\frac{2-x}{\sqrt{4-x}} < 1.$$

Чыгаруу: Бул барабарсыздыкты жаңы өзгөрмөнү киирүү методу менен чыгарабыз.

$\sqrt{4-x} = t$ *жаңы өзгөрмөсүн кииребиз.*

x *ти* t *аркылуу туюнтуп алабыз.*

$\left(\sqrt{4-x}\right)^2 = t^2$, $4 - x = t^2$, , $x = 4 - t^2$ *болот. Анда берилген барабарсыздык төмөнкүдөй түргө келет.*

$$\frac{2-(4-t^2)}{t} < 1, \ t > 0,$$
$$2-(4-t^2) < t,$$
$$2-4+t^2 < t, \qquad t^2 - t - 2 < 0, \quad \begin{cases}(t-2)(t+1) < 0 \\ t > 0.\end{cases}$$

интервалдар методун колдонуп $t \in (0; 2)$ *табабыз.*
анда $t^2 \in (0; 4)$ *болот.*
$x = 4 - t^2$ *экендигин эске алсак, анда* $x \in (0; 4)$ *болот.*

Жообу: $x \in (0; 4)$.

10-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$x - 5\sqrt{x} - 6 > 0.$$

Чыгаруу: $\sqrt{x} = t$ *жаңы өзгөрмөсүн киййребиз.*

$\begin{cases}t^2 - 5t - 6 > 0 \\ t \geq 0\end{cases}$, *рационалдык барабарсыздыгын алабыз.*

$\begin{cases}(t+1)(t-6) > 0 \\ t \geq 0\end{cases}$ *эми интервалдар методун колдонуп*

$t > 6$ *экендигин табабыз.*
$\sqrt{x} = t$ *демек.* $\sqrt{x} > 6, \quad x > 36;$

Жообу: $x > 36$.

Барабарсыздыктарды чыгаруу.

3.3. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар

91. Барабарсыздыктарды чыгаргыла.

а) $\sqrt[4]{x-7} > -3;$ б) $\sqrt{3x+1} + \sqrt{3x-5} \geq \sqrt{5-3x}$

92. Барабарсыздыкты чыгаргыла.

а) $\sqrt{5x+2} > \sqrt{8-x}$ б) $\sqrt{4+3x-x^2} < 2$

93. барабарсыздыктарды чыгаргыла.

а) $\sqrt[3]{3x-7} > \sqrt[3]{7x+2};$

б) $\sqrt{x+4} > \sqrt{2-\sqrt{3+x}}.$

3.4. Модул камтыган теңдемелерди жана барабарсыздыктарды чыгаруу.

Модул камтыган теңдемелерди жана барабарсыздыктарды чыгарууда модулдун аныктамасы жана интервалдар методу колдонулат.

1-аныктама. *Ар кандай x саны үчүн, анын модулу* $|x|$ *төмөнгүчө табылат:* $|x| = \begin{cases}-x, \text{эгерде } x < 0, \\ x, \text{эгерде } x \geq 0.\end{cases}$ *болсо.*

2-аныктама. *Ар кандай чыныгы* x *жана* x_o *сандары үчүн* $x - x_o$ *үчүн модулу төмөнкүчө табылат:*

$$|x - x_o| = \begin{cases} -(x - x_o) \text{ эгерде } x < x_o \\ x - x_o \text{ эгерде } x \ge x_o \end{cases},$$

3-аныктама. *Эгерде* $y = f(x)$ *чыныгы функциясы берилсе б.а.* $x \in R$ *жана* $y \in R$ *болсо, анда анын модулу* $|f(x)|$ *төмөнкүчө табылат :* $|f(x)| = \begin{cases} -f(x), \text{эгерде } f(x) < 0, \\ f(x), \text{эгерде } f(x) \ge 0 \end{cases}$

болсо.

4-аныктама. *Модул ичиндеги туюнтманын нөлү, анын критикалык (сыналуучу) чекити деп аталат.*

1-мисал. $y = |x^2 - 3x| + |x + 5|$ *функциясынын сыналуучу чекиттерин тапкыла:*

Чыгаруу: Берилген функцияда эки модул бар. Алардын ар бирөөндөгү туюнтмаларды нөлгө барабарлап:

$x^2 - 3x = 0$ *жана* $x + 5 = 0$ *теңдемелерин*

$x(x - 3) = 0,$ $x = -5;$ *алабыз.*

$x = 0,$

$x - 3 = 0,$

$x = 3.$ *Демек, теңдемелердин тамырлары* $x_1 = 0,$ $x_2 = 3$ *жана* $x_3 = -5.$ *Бул тамырлар функциянын сыналуучу чекиттери болушат.*

2-мисал. Теңдеменин сыналуучу чекиттерин тапкыла.

$$|3x + 6| - |5x - 2| + |x - 7| = 12;$$

Чыгаруу: Теңдемеде үч модул бар.

$|3x + 6|,$ $|5x - 2|$ *жана* $|x - 7|$. *Модул ичиндеги туюнтмаларды нөлгө барабарлап:*

$3x + 6 = 0,$ $3x = -6,$ $x = -6:3,$ $x = -2.$	$5x - 2 = 0,$ $5x = 2,$ $x = 2:6,$ $x = 0{,}4.$	$x - 7 = 0,$ $x = 7.$	*Теңдемелерин алабыз*

Демек, берилген теңдеменин сыналуучу чекиттери $x = -2,$ $x = 0{,}4$ *жана* $x = 7$ *болот.*

Барабарсыздыктардын да сыналуучу чекиттери ушундай эле жол менен табылат.

Модул камтыган теңдемелерди жана барабарсыздыктарды чыгарууда төмөнкү эрежелер колдонулат:

1. Сыналуучу чекиттерди табуу керек;

2. Сыналуучу чекиттер аркылуу сан огун интервалдарга бөлүп алуу керек;

3. Аныкталган ар бир интервалда модул белгиси жок теңдеме чыгарылат.

Интервалдарда табылган чыгарылыштардын көпчүлүкторүнүн биригүүсү теңдеменин чыгарылышы болот.

3-мисал. Теңдемени чыгаргыла.

$$|x+5| = 3x-1;$$

Чыгаруу: Адегенде сыналуучу чекиттерди табабыз.

$x+5=0,$

$x=-5.$ *Бул чекит сан огун* $(-\infty;-5)$ *жана* $[-5;+\infty)$ *интервалдарына бөлөт. Ар бир интервалда* $|x+5|$ *белгиси турактуу.*

Модулдун аныктамасы боюнча

$x \in (-\infty;-5)$ *же* $x < -5$ *болгондо*

$-(x+5)=3x-1,$

$-x-5=3x-1,$

$-x-3x=-1+5,$

$-4x=4,$

$x=-1.$ *Бул тамыр* $(-\infty;-5)$ *интервалына кирбейт. Демек бул интервалда теңдеменин тамыры жок.*

$x \in [-5;+\infty)$ *же* $x \geq -5$ *болгондо*

$x+5=3x-1,$

$x-3x=-1-5,$

$-2x=-6,$

$x=3.$

$x=3$ *тамыры* $[-5;+\infty)$ *интервалына таандык. Демек, ал чыгарылыш болот.*

Жообу: $x=3.$

4-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$|1-2x|+|3x+2|+|x|=5;$$

Чыгаруу: Теңдеменин АО: $x \in R.$

Сыналуучу чекиттерди табабыз:

$1-2x=0$ $x=\frac{1}{2}$	$3x+2=0$ $x=-\frac{2}{3}$	$x=0$

бул сыналуучу чекиттер сан огун төмөнкүдөй интервалдарга бөлөт.



46-сүрөт

$(-\infty;-\frac{2}{3})$, $\left[-\frac{2}{3};0\right)$, $\left[\frac{1}{2};0\right)$ *жана* $[\frac{1}{2};+\infty)$;

Ар бир интервалда модулдун ичиндеги туюнтмалардын белгилери туруктуу сакталат.

1) $x\in(-\infty;-\frac{2}{3})$ *болсо, берилген теңдемеден*

$(1-2x)-(3x+2)-x=5$ *келип чыгат.*

$1-2x-3x-2-x=5,$

$-6x=6,\ x=-1$ *бул тамыр* $\left(-\infty;-\frac{2}{3}\right)$ ге *таандык чыгарылыш болот.*

2) $x\in\left[-\frac{2}{3};0\right)$ *болсо, берилген теңдемеден*

$(1-2x)+(3x+2)-x=5$ *келип чыгат.*

$1-2x+3x+2-x=5,\quad 3\neq 5$ *теңдеменин тамыры жок.*

3) $x\in\left[\frac{1}{2};0\right)$ *болсо, берилген теңдемеден*

$(1-2x)-(3x+2)+x=5$ *келип чыгат.*

$1-2x+3x+2+x=5,$

$2x=2,\ x=1$ *бул тамыр* $\left[\frac{1}{2};0\right)$*интервалына таандык эмес, чыгарылыш болбойт.*

4) $x\in[\frac{1}{2};+\infty)$ *болсо, берилген теңдемеден*

$-(1-2x)+(3x+2)+x=5$ *келип чыгат.*

$-1+2x+3x+2+x=5,$

$6x=4,\ x=\frac{4}{6},\ x=\frac{2}{3}$ *бул тамыр* $[\frac{1}{2};+\infty)$*интервалына таандык, чыгарылыш болот.*

Жообу: $x_1=-1;\ \ x_2=\frac{2}{3}.$

5-мисал. Теңдемени чыгаргыла:

$$|x^2 + x| + 3x - 5 = 0;$$

Чыгаруу: Теңдеменин АО: $x \in R$.

Сыналуучу чекиттерди табабыз:

$x^2 + x = 0$,

$x(x + 1) = 0$,

$x = 0,\ x = -1$. *Бул сыналуучу чекиттер сан огун төмөнкүдөй интервалдарда бөлөт.*

$(-\infty; -1)$, $[-1; 0)$, $[0; +\infty)$.

1) $x \in (-\infty; -1)$ *болсо,*

$x^2 + x + 3x - 5 = 0$ *теңдемесин алабыз.*

$x^2 + 4x - 5 = 0$,

$x_1 = -5;\quad x_2 = 1$. *Бул тамырлардан* $x_1 = -5$ $(-\infty; -1)$ *интервалына таандык. Демек,* $x_1 = -5$ *чыгарылыш болот.*

2) $x \in [-1; 0)$ *болсо,*

$-(x^2 + x) + 3x - 5 = 0$ *теңдемесин алабыз.*

$-x^2 - x + 3x - 5 = 0$,

$x^2 - 2x + 5 = 0$, $D = 4 - 20 = -16 < 0$ *теңдеменин тамыры жок.*

3) $x \in$, $[0; +\infty)$ *болсо,*

$x^2 + x + 3x - 5 = 0$ *теңдемесин алабыз.*

$$x^2 + 4x - 5 = 0$$

$x_1 = -5;\quad x_2 = 1$. *Бул тамырлардан* $x_2 = 1$, $[0; +\infty)$ *интервалына таандык, ал чыгарылыш болот.*

Жообу: $\{-5; 1\}$.

Модулду камтыган барабарсыздыктар да модулдуу теңдемелерди чыгаруудагы эрежелер менен чыгарылат. Интервалдар методу колдонулат.

1-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$|x + 5| \geq 2;$$

Чыгаруу: Сыналуучу чекиттерди табабыз:

$x + 5 = 0$,

$x = -5$ *бул чекит АОну төмөнкүдөй* $(-\infty; -5)$ *жана* $[-5; +\infty)$ *интервалдарына бөлөт.*

1) $x \in (-\infty; -5)$ *болсо,*

$-(x + 5) \geq 2$ *барабарсыздыгын алабыз.*

$$-x-5 \geq 2$$
$$-x \geq 7$$
$$x \leq -7$$

$(-\infty; -7]$ *чыгарылыш болот.*

2) $x \in [-5; +\infty)$ *болсо,*

$x + 5 \geq 2$ *болот.*

$x \geq -3$ *болгондо барабарсыздык аткарылат. Барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү* $(-\infty; -7] \cup [-3; +\infty)$ *интервалдардын биригүүсү болот.*

Жообу: $(-\infty; -7] \cup [-3; +\infty)$.

2-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$|x-15| < 0;$$

Чыгаруу: $|x-15|$ *туюнтмасынын мааниси ар дайым нөлдөн чоң же барабар болот. Ошондуктан берилген барабарсыздык чыгарылышка ээ болбойт.*

Жообу: $\emptyset$.

3-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$|2x-1| - |x-2| \geq 4;$$

Чыгаруу: БАО: $x \in R$.

Сыналуучу чекитерди табабыз.

$2x-1=0,$ $2x=1,$ $x=1/2.$	$x-2=0,$ $x=2.$

$x = 1/2$, *жана* $x = 2$ *чекиттери АОну төмөнкүдөй интервалдарга бөлөт.*



47-сурот

$(-\infty; \frac{1}{2})$, $\left[\frac{1}{2}; 2\right)$ *жана* $[2; +\infty)$ *бул интервалдарда берилген барабарсыздыкты карап чыгалы.*

1) $x \in (-\infty; \frac{1}{2})$ *болсо,*

$-(2x-1) - \big(-(x-2)\big) \geq 4,$

$-2x - 1 + x - 2 \geq 4,$

$-x - 1 \geq 4,$

$-x \geq 5,$

$x \le -5$. $(-\infty; -5]$ *интервалы каралган интервалда чыгарылыш болот.*

2) $x \in \left[\frac{1}{2}; 2\right)$ *болсо,*

$2x - 1 - \left(-(x-2)\right) \ge 4,$

$2x - 1 + x - 2 \ge 4,$

$3x \ge 4 + 3,$

$x \ge \frac{7}{3},$ $\left[\frac{7}{3}; +\infty\right)$ *бул каралган интервалга тиешелүү эмес. Ошондуктан чыгарылыш болбойт.*

3) $x \in [2; +\infty)$ *болсо,*

$2x - 1 - (x-2) \ge 4.$

$2x - 1 - x + 2 \ge 4,$

$x \ge 3,$ $[3; +\infty)$ *интервалы каралган интервалга тиешелүү, чыгарылыш болот.*

Жообу: $(-\infty; -5] \cup [3; +\infty)$.

4-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$|7 - x| < 5;$$

Чыгаруу: Бул барабарсыздыкты модулдун касиетин пайдаланып чыгарабыз:

$|7 - x| < 5,$

$-5 < 7 - x < 5,$

$-5 - 7 < -x < 5 - 7,$

$-12 < -x < -2$ *(-1)ге көбөйтөбүз.*

$12 > x > 2,$ $2 < x < 12.$ *Жообу:* $2 < x < 12$.

3.4. Көнүгүүлөр үчүн тапшырма.

94. Теңдеменин сыналуучу чекиттерин тапкыла:

а) $|x - 5| + |3x - 8| = 12;$

б) $|x| + |x + 8| + |2x - 5| = 7;$

95. Барабарсыздыктын сыналуучу чекиттерин тапкыла:

а) $|x - 1| + |x^3 - 4x| > 5;$

б) $|2x - 7| - |x^3 - 9| < x^2 - 3.$

96) теңдемени чыгаргыла:

а) $|x - 3| = 2x - 8;$ *б)* $|x + 5| = |10 + x|.$

97. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

а) $|x - 7| \le 0;$ *б)* $|x - 3| + |x + 2| - x > 5.$

3.5. Алгебриалык теңдемелердин системаларын чыгаруу методдору.

Алгебралык теңдемелерди чыгаруунун төмөндөгүдөй негизги методдоруна токтолобуз.

1. Гаустун методу.

Бул метод, системаны үч бурчтук түрүнө келтирүү же белгисизди ордуна коюу методу деп да аталат.

Гаустун методу сызыктуу жана сызыктуу эмес теңдемелерден турган системаларды чыгарууда кеңири колдонулат.

1 –мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла.

$$\begin{cases} 3x - 2y = 8, \\ x + 3y = 10; \end{cases}$$

Чыгаруу: Берилген теңдемелер системасынын 2-теңдемесинен x *ти* y *аркылуу туюнтуп алып, аны 1-теңдемеге коюп* y *тин маанисин табабыз.*

$x = 10 - 3y$ *бул туюнтманы 1 – теңдемеге коёбуз.* $3(10 - 3y) - 2y = 8$

$30 - 9y - 2y = 8$

$-11y = 8 - 30$

$-11y = -22$

$y = 2$

$\begin{cases} 3x - 3y \\ y = 2 \end{cases}$ *демек, система үч бурчтук түрүнө келди* $y = 2$ *ни 1 – теңдемеге коюп* x *ти табабыз.*

$$3x - 2 \cdot 2 = 8$$
$$3x = 8 + 4$$
$$3x = 12$$
$$x = 4.$$

Жообу: $(4; 2)$.

2 – мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла.

$$\begin{cases} x^2 + y^2 = 13 \\ x^2 + y^2 = 11 \end{cases}$$

Чыгаруу: Системасынын 2 – теңдемиесинин x *ти* y *аркылуу туюндуруп алабыз жана 1 – теңдемелердеги* x *тин ордуна коебуз.*

$$x = 11 - y^2$$
$$(11 - y^2)^2 + y^2 = 13$$

$121 - 22y^2 + y^4 + y^2 = 13$

$y^4 - 21y^2 + 108 = 0$

$y^2 = t$ *жаңы өзгөрмөсүн киийребиз.*

$t^2 - 21t + 108 = 0, \quad D = 441 - 432 = 9$,

$t_{1/2} = \frac{21 \pm \sqrt{9}}{2} = \frac{21 \pm 3}{2}$; $t_1 = 12$, $t_2 = 9$.

$y^2 = 12, \qquad y^2 = 9,$

$y_1 = \sqrt{12}, \qquad y_3 = 3,$

$y_2 = -\sqrt{12}, \qquad y_4 = -3.$

y *тин табылган маанилерин* $x = 11 - y^2$ *ка коюп,* x *тин маанилерин табабыз.*

$x_1 = 11 - (\sqrt{12})^2 = 11 - 12 = -1$

$x_2 = 11 - (\sqrt{12})^2 = 11 - 12 = -1$

$x_3 = 11 - 3^2 = 11 - 9 = 2$

$x_4 = 11 - (-3)^2 = 11 - 9 = 2$

Жообу: $(-1;\ \sqrt{12}), (-1;\ -\sqrt{12}),\ (2;\ 3),\ (2; -3)$

2. Крамердин аныктагычтар методу.

Төмөнкү эки белгисиздүү теңдемелер системасын чыгарууда Крамердин методунун колдонулушун көрсөтөлү.

$$\begin{cases} a_{11}x + a_{12}y = b_1 \\ a_{21}x + a_{22}y = b_2 \end{cases} \quad (1)$$

Мында $a_{11},\ a_{12},\ a_{12}, a_{21}$ *жана* a_{12} *белгисиз өзгөрмөлөрдүн коефициенттери.* b_1, b_2 *бош мүчө.*

$b = \binom{b_1}{b_2}$ *бош мүчө вектору деп аталат.*

Аныктама.

$a_{11} \cdot a_{22} - a_{12} \cdot a_{21}$ *саны (1) системанын атыктагычы деп аталат жана ал* $\Delta = \begin{vmatrix} a_{11} & a_{12} \\ a_{21} & a_{22} \end{vmatrix}$ *деп берилет.*

Бул аныктагычтын эки жолчосу жана эки мамычасы бар. Ошондуктан ал 2-тартиптеги аныгтагыч деп аталат.

(1) системаны чыгаруу үчүн төмөндөгүдөй аныктагыч түзүлөт.

$$\Delta_1 = \begin{vmatrix} b_1 & a_{12} \\ b_2 & a_{22} \end{vmatrix}$$

системадагы x тин коэффициенттеринен түзүлгөн $\binom{a_{11}}{a_{21}}$

$$\Delta_1 = \begin{vmatrix} b_1 & a_{12} \\ b_2 & a_{22} \end{vmatrix}$$

мамычасы бош мүчө вектору менен алмашты.

$$\Delta_2 = \begin{vmatrix} a_{11} & b_1 \\ a_{21} & b_2 \end{vmatrix}$$

системадагы у тин коэффициенттеринен түзүлгөн $\begin{pmatrix} a_{21} \\ a_{22} \end{pmatrix}$ *мамычасы бош мүчө вектору менен алмашты.*

Аныктагычты төмөндөгүдөй эреже боюнча табабыз.

$$\Delta = \begin{vmatrix} a_{11} & a_{12} \\ a_{21} & a_{22} \end{vmatrix} = a_{11} \cdot a_{22} - a_{12} \cdot a_{21};$$

$$\Delta_1 = \begin{vmatrix} b_1 & a_{12} \\ b_2 & a_{22} \end{vmatrix} = b_1 \cdot a_{22} - a_{12} \cdot b_2;$$

$$\Delta_2 = \begin{vmatrix} a_{11} & b_1 \\ a_{21} & b_2 \end{vmatrix} = a_{11} \cdot b_2 - b_1 \cdot a_{21};$$

(1) Сызыктуу теңдемелер системасынын чыгарылышы $\Delta \neq 0$ *болсо, төмөндөгүдөй болот:*

$$x = \frac{\Delta_1}{\Delta}, \ y = \frac{\Delta_2}{\Delta}.$$

$\Delta = 0$ *болгондо Крамердин эрежеси колдонулбайт.*

3-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} 3x + 2y = 14, \\ 5x + 3y = 22; \end{cases}$$

Чыгаруу: *Крамердин методу менен чыгаралы.*

1) Аныктагычтарды таап алабыз.

$$\Delta = \begin{vmatrix} 3 & 2 \\ 5 & 3 \end{vmatrix} = 3 \cdot 3 - 2 \cdot 5 = 9 - 10 = -1;$$

$$\Delta_1 = \begin{vmatrix} 14 & 2 \\ 22 & 3 \end{vmatrix} = 14 \cdot 3 - 2 \cdot 22 = 42 - 44 = -2;$$

$$\Delta_2 = \begin{vmatrix} 3 & 14 \\ 5 & 22 \end{vmatrix} = 3 \cdot 22 - 14 \cdot 5 = 66 - 70 = -4.$$

2) Крамердин эрежесиз боюнча:

$$x = \frac{\Delta}{\Delta} = \frac{-2}{-1} = 2; \qquad y = \frac{\Delta_2}{\Delta} = \frac{-4}{-1} = 4.$$

Жообу:(2;4).

4-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} 2x + y = 8, \\ x + 2y = 7; \end{cases}$$

Чыгаруу: Аныктагычтардын таап алабыз:

$$\Delta = \begin{vmatrix} 2 & 1 \\ 1 & 2 \end{vmatrix} = 4 - 1 = 3,$$

$$\Delta_1 = \begin{vmatrix} 8 & 1 \\ 7 & 2 \end{vmatrix} = 16 - 7 = 9$$

$$\Delta_2 = \begin{vmatrix} 2 & 8 \\ 1 & 7 \end{vmatrix} = 14 - 8 = 6.$$

Крамердин эрежеси боюнча

$x = \frac{\Delta_1}{\Delta} = \frac{9}{3} = 3,\qquad y = \frac{\Delta_2}{\Delta} = \frac{6}{3} = 2.$

Жообу: $(3; 2)$.

3. Алгебралык кошуу жолу.

5-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} x^3 + y^3 = 9, \\ 3x^3 - 2y^3 = 22; \end{cases}$$

Чыгаруу: 1-теңдеменин эки жагын тең 2 ге көбөйтүп, аны 2 – теңдемеге кошобуз:

$$\begin{array}{r} 2x^3 + 2y^3 = 18 \\ + \\ 3x^3 - 2y^3 = 22 \\ \hline 5x^3 = 40 \end{array}$$

$$x^3 = 8$$

$\begin{cases} x^3 + y^3 = 9, \\ x^3 = 8, \end{cases}$ *теңдемелер системасын алдык* $x^3 = 8,\ x = 2$ *бул маанини 1 – теңдемеге коюп,* y *тин маанисин табабыз.*

$$2^3 + y^3 = 9,$$

$$y^3 = 9 - 8,$$

$$y^3 = 1, \quad y = 1.$$ *Жообу:* $(2; 1)$

4. Жаңы белгисизди кийирүү методу.

6-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла.

$$\begin{cases} \sqrt[3]{x} + \sqrt[3]{y} = -3 \\ xy = 8 \end{cases}$$

Чыгаруу: Системанын экинчи теңдемесинен куб тамыр чыгарып, андан кийин өзгөрмө кийиребиз.

$$\sqrt[3]{xy} = \sqrt{8}$$

$$\sqrt[3]{x}\cdot\sqrt[3]{y}=2.$$

$\sqrt[3]{x}=u$ *жана* $\sqrt[3]{y}=\vartheta$ *өзгөрмөлөрүн киййиребиз.*

Анда берилген теңдемелер системасы

$\begin{cases} u+\vartheta=-3 \\ u\cdot\vartheta=2 \end{cases}$ *түрүнө келет, эми ордуна коюу методун пайдаланабыз.*

$$\begin{cases} u=-3-\vartheta \\ (-3-\vartheta)\cdot\vartheta=2 \end{cases} \qquad -3\vartheta-\vartheta^2=2,$$

$$\vartheta^2+3\vartheta+2=0,\quad D=9-8=1\,, \qquad u_1=-3-(-1)=-2.$$

$$\vartheta_1=\frac{-3+1}{2}=-1,\quad \vartheta_2=\frac{-3-1}{2}=-2; \qquad u_2=-3-(-2)=-1.$$

Демек, $\sqrt[3]{x}=-2\quad \sqrt[3]{x}=-1,\ \sqrt[3]{y}=-1,\ \sqrt[3]{x}=-2$

$$x_1=(-2)^3,\ x_2=-1,\ y_1=-1,\ \ y_2=-8$$

$$x_1=-8$$

Жообу: $(-8;-1),\ (-1;-8)$.

5. Көбөйтүү, бөлүү жолу.

7-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} \sqrt{\frac{2x}{y}}=\sqrt{x+y}+\sqrt{x-y}, \\ \sqrt{\frac{2y}{x}}=\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}; \end{cases}$$

Чыгаруу: Системадагы эки теңдеменин эки жагын тең, алардын оң жактагы туюнтмаларынын түюндоштөрүнө көбөйтөбүз.

$$\begin{cases} \frac{\sqrt{2x}}{\sqrt{y}}\cdot\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}\right)=\left(\sqrt{x+y}+\sqrt{x-y}\right)\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-4}\right) \\ \frac{\sqrt{24}}{\sqrt{x}}=\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}\right)=\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}\right)\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}\right), \end{cases}$$

$$\begin{cases} \frac{\sqrt{2x}}{\sqrt{y}}\cdot\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}\right)=2x, \\ \frac{\sqrt{2y}}{\sqrt{x}}\cdot\left(\sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}\right)=2y, \end{cases}$$

$$\begin{cases} \sqrt{x+y}-\sqrt{x-y}=\sqrt{2xy}, \\ \sqrt{x+y}+\sqrt{x-y}=\sqrt{2xy}, \end{cases}$$

Системасынын биринчи теңдемесинен экинчи теңдемени кемитип, төмөнкү теңдемени алабыз

$$-2\sqrt{x-y}=0$$

$$x - y = 0$$

$x = y$ *бул маанини биринчи теңдемеге коебуз:*

$$\sqrt{x + x} - \sqrt{x - x} = \sqrt{2y \cdot y}$$

$$\sqrt{2x} = \sqrt{2y^2}$$

$$\sqrt{2y} - \sqrt{2y^2} = 0$$

$$\sqrt{2}y\left(1 - \sqrt{y}\right) = 0$$

$y = 0$ *бул тамыр чыгарылыш болбойт.* $1 - \sqrt{y} = 0$

$$\sqrt{y} = 1$$

$y = 1.$ *демек,* $x = 1$ *болот.*

Жообу: $(1; 1)$.

8-мисал. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} x(x + y) = 9, \\ y(x + y) = 16. \end{cases}$$

Чыгаруу: Бул теңдемелер системасынын 1-тедемесин анын 2-теңдемесине мүчөлөп бөлүп, төмөнкү теңдемелер системасына ээ болобуз

$$\begin{cases} x(x + y) = 9, \\ \dfrac{x}{y} = \dfrac{9}{16}, \end{cases} \quad \begin{cases} x^2 + xy = 9, \\ x = \dfrac{9}{16} \cdot y, \end{cases} \quad (\frac{9}{16}y)^2 + \frac{9}{16}y^2 = 9$$

$$(\frac{225}{256}y^2 = 9, \quad y^2 = 9 : \frac{225}{256} = 9 \cdot \frac{256}{225} = \frac{256}{25}.$$

Демек, $y^2 = \frac{256}{25}$; $y_1 = \frac{16}{5}$; $y_2 = -\frac{9}{5}$

Анда $x_1 = \frac{9}{16} \cdot \frac{16}{5} = \frac{9}{5}$; $x_2 = \frac{9}{16} \cdot \left(-\frac{16}{5}\right) = -\frac{9}{5}$

Жообу: $\left(\frac{9}{5} \cdot \frac{16}{5}\right)$, $\left(-\frac{9}{5}; -\frac{16}{5}\right)$.

3.6. Алгебралык барабарсыздыктардын системарын чыгаруу.

Алгебралык барабарсыздыктардын системаларында белгисиз чоңдуктардын саны бирөө, экөө же бир нече болушу мүмкүн. Анын чыгарылыштарын табуу үчүн аныкталуу обласптта системадагы ар бир барабарсыздыкты канааттандырган белгисиз чоңдуктардын маанилеринин көптүктөрүн таап жана ал көптүктөрдүн жалпы бөлүктөрүн аныктап коюш керек.

1-мисал. Барабарсыздыктар системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} x > 0, \\ (x-1)^2 \le 25. \end{cases}$$

Чыгаруу: AO: $x > 0$, б.а. $x \in (0; +\infty)$

$(x-1)^2 \le 25$ *барабарсыздыгынан*

$|x-1| \le 5$ *барабарсыздыгы келип чыгат.*

$-5 \le x-1 \le 5 \Rightarrow -4 \le x \le 6$ *демек берилген барабарсыздыктар системасынын чыгарылышы* $(0; +\infty) \cap [-4; 6] = (0; 6]$

Жообу: $x \in (0; 6]$.

2-мисал. Барабарсыздыктар системасы чыгаргыла:

$$\begin{cases} \sqrt[3]{10x} + \sqrt[4]{x-3} + \sqrt[6]{3-x} > 3, \\ \sqrt[4]{x-1} > 0. \end{cases}$$

Чыгаруу: Берилген системанын АО сун табабыз.

$x-3 \ge 0$, $3-x \ge 0$, $x-1 > 0$,

$x \ge 3$; $x \le 3$; $x > 1$; $(1; +\infty)$

$[3; +\infty) \cap (-\infty; 3] = 3$

$\{3\} \cap (1; +\infty) = 3$.

Демек, барабарсыздыктар системасы жалгыз $x = 3$ *чыгарылышына ээ болот.*

Жообу: $x = 3$

3-мисал. Барабарсыздыктар системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} \sqrt[3]{x-3} < 2 \\ \sqrt{x+1} > 2 \end{cases}$$

$AO: x+1 \ge 0;\ x \ge -1$

Чыгаруу: Системадагы биринчи барабарсыздыктын эки жагын тең кубка көтөрөбүз, экинчи барабарсыздыкты квадратка көтөрөбүз.

$\begin{cases} x-3 < 8, \\ x+1 > 4 \end{cases}$ *барабарсыздыктар системасын алабыз.*

$$\begin{cases} x-3 < 8, \\ x+1 > 4, \end{cases} \quad \begin{cases} x < 8+3, \\ x > 4-1, \end{cases} \quad \begin{cases} x < 11, \\ x > 3. \end{cases}$$

Демек, 1-барабарсыздктын чыгарылышы $(-\infty; 11)$,

2-барабарсыздыктын чыгарылышы $(3; +\infty)$.

Барабарсыздыктар ситемасыны чыгарылшы

$$(-\infty; 11) \cap (3; +\infty) = (3; 11)$$

Жообу: $x \epsilon (3; 11)$.

4-мисал. Барабарсыздыкты чыгаргыла:

$$0 < \frac{3x-1}{2x+5} < 1;$$

Чыгаруу: Барабарсыздыктын аныкталуу областын табабыз:

$2x + 5 \neq 0$

$$2x \neq -5$$

$$x \neq -\frac{5}{2};$$

Демек, АО: $x \neq -\frac{5}{2}$

Берилген барабарсыздыкты төмөнкүдөй рационалдык барабарсыздыктар системасы түрүндө жазып алабыз.

$$\begin{cases} \frac{3x-1}{2x+5} > 0, \\ \frac{3x-1}{2x+5} < 1, \end{cases} \quad \begin{cases} 3x - 1 > 0, \\ 2x + 5 > 0, \\ \frac{3x-1}{2x+5} - 1 < 0, \end{cases} \quad \begin{cases} x > \frac{1}{3}, \\ x > -\frac{5}{2}, \\ x < 6, \\ x > -\frac{5}{2}; \end{cases}$$

Демек, биринчи барабасыздыктын чыгарылыш көптүгү:

$$\left(-\frac{5}{2}; +\infty\right) \cap \left(\frac{1}{3}; +\infty\right) = \left(\frac{1}{3}; +\infty\right)$$

Экинчи барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү:

$$(-\infty; 6) \cap \left(-\frac{5}{2}; +\infty\right) = \left(-\frac{5}{2}; 6\right)$$

Барабарсыздытар системасынын чыгарылышы:

$$\left(-\frac{5}{2}; 6\right) \cap \left(\frac{1}{3}; +\infty\right) = \left(\frac{1}{3}; 6\right)$$

Жообу: $x \in \left(\frac{1}{3}; 6\right)$

Эки белгисиздүү барабарсыздыктар системаларын чыгаруу бир белгисиздүү барабарсыздыктар системаларын чыгарууга караганда татаалырак. Ошондуктан эки белгисиздүү барабарсыздыктарды чыгаруунун негизги методу график методу болуп эсептелет.

Системадагы барабарсыздыктардын графиктерин бир эле координаталар системасына чийип, графиктердин кесилишинин жалпы бөлүгүн штрихтеп, x *жана* y *тердин штрихтелген бөлүктөгү түгөйлөрүнүн көптүгү барабарсыздыктар системасынын чыгарылышы экендигин табабыз.*

5-мисал. Барабарсыздыктар системасын чыгаргыла:

$$\begin{cases} y - x - 2 \geq 0, \\ x^2 + y^2 \leq 16. \end{cases}$$

Чыгаруу: Системадагы биринчи барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү $y - x - 2 = 0$ *түз сызыгы аныктаган жарым тегиздик. Аны табуу үчүн*

$y = x + 2$

функциясынын графигин чийебиз.

x	0	1
y	2	3



47-сүрөт

47-сүрөттөгү түз сызыктын штрихтелген тарабы $y - x - 2 \geq 0$ *барабарсыздыгын канааттандырган* (x, y) *түгөйлөрүнүн көптүгү.*

$x^2 + y^2 \leq 16$

барабарсыздыгын чыгарылыш көптүгү, борбору координата башталышында жаткан радиусу 4 болгон тегеректин ичиндеги (x, y) *түгөйлөрү болот.*



48-сүрөт

Берилген барабарсыздыктын чыгарылыш көптүгү болуп 47-сүрөттөгү жарым тегиздик менен 48-сүрөттөгү тегеректин ички тегеректеринин көптүгүнүн кесилиши болот. (49-сүрөт)

Мисалы, $(-1;3)$, $(-2;2)$ түгөйлөрү барабарсыздыктар системасынын чыгарылышы болот.



49-сүрөт

3.5. – 3.6. Көнүгүүлөр үчүн тапшырмалар.

98. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} x + 2y + 3z = 8, \\ 3x + y + 2z = 7, \\ 2x + 3y + z = 9; \end{cases}$ *б)* $\begin{cases} x^2 + xy - y^2 = 11, \\ x + y = 5, \end{cases}$

99. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} 2x + 3y = 12, \\ 5x - 2y = 11; \end{cases}$ *б)* $\begin{cases} 3x + 5y = 10, \\ 2x - 4y = 14. \end{cases}$

100. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} x^4 - 3y^2 = -11, \\ 2x^2 + y^2 = 17, \end{cases}$ *б)* $\begin{cases} xy + x + y = 29, \\ xy - 2(x + y) = 2. \end{cases}$

101. Теңдемелер системасын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} x^4 - 3y^2 = -11, \\ 2x^2 + y^2 = 17, \end{cases}$ *б)* $\begin{cases} |x - 1| + |y - 5| = 1, \\ y = 5 + |x - 1|; \end{cases}$

102. Барабарсыздыктар системасын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} (x - 2)^2 \le 36, \\ x - 1 > 0; \end{cases}$ *б)* $\begin{cases} x^2 - x - 6 \ge 0, \\ x^2 - 4x < 0; \end{cases}$

103. Барабарсыздыктар системасын чыгаргыла:

а) $\begin{cases} \sqrt{4 - x} + \sqrt[3]{x + 5} - \sqrt[4]{x - 4} > 2, \\ \frac{x-5}{x+3} < 0; \end{cases}$

б) $1 \le \frac{3-x}{x+2} \le 2.$

4-глава. Көнүгүүлөр үчүн берилген тапшырмалардын чыгарылыштары жана жооптору

1.1 Баштапкы функция жана аныкталбаган интеграл.

1. Чыгаруу: F функциясы берилген аралыкта f функциясынын баштапкы функциясы болуш үчүн

$$F'(x) = f(x)$$

барабардыгы аткарылыш керек.

а) $F'(x) = (x^{10} + 3)' = (x^{10})' + 3' = 10x^9$, *демек,*

$$F' = f(x) = 10x^9;$$

б) $F'(x) = (x^{-6} + 2x)' = (x^{-6})' + (2x)' = -6x^{-7} + 2,$

$$f(x) = -6x^{-7} + 2;$$

в) $F'(x) = (3 + sinx)' = 3' + (sinx)' = cosx, \ f(x) = cosx;$

г) $F'(x) = (tgx - 4)' = (tgx)' - 4' = \frac{1}{cos^2 x}, \ f(x) = \frac{1}{cos^2 x}.$

Жообу: а)-г). F функциясы берилген аралыкта f функциясынын баштапкы функциясы болот.

2. а) Чыгаруу: Баштапкы функцияны табуунун үч эрежесин жана таблицаны пайдаланабыз.

$f(x) = 3x^2 + x - 5, F(x) = 3 \cdot \frac{x^3}{3} + \frac{x^2}{2} - 5x + c;$

б) Чыгаруу: $sin^2 x + cos^2 x = 1$ *жана* $sin2x = 2sinx \cdot cosx$ *формулаларын падаланып* $(sin\frac{x}{2} - cos\frac{x}{2})^2$ *туюнтмасын өзгөртүп түзөбүз.*

$$f(x) = (sin\frac{x}{2} - cos\frac{x}{2})^2 = sin^2\frac{x}{2} - 2\,sin\frac{x}{2}cos\frac{x}{2} + cos^2\frac{x}{2} =$$
$$= 1 - sinx;$$

$$f(x) = 1 - sinx, \quad F(x) = x + cosx + c;$$

в) Чыгаруу: $f(x) = -8x^3 + \frac{5}{x^3} + 3 \cdot x^2 - 9,$

$$F(x) = -8 \cdot \frac{x^4}{4} + 5 \cdot \frac{x^{-2}}{-2} + 3 \cdot \frac{x^3}{3} - 9x + c =$$
$$= -2x^4 - \frac{5}{2x^2} + x^3 - 9x + c;$$

г) Чыгаруу: $f(x) = \frac{4}{cos^2 x} + \frac{3}{1+x^2} - \frac{5}{\sqrt{1-x^2}},$ *бул функциянын баштапкы функциясын табууда интегралдоонун (8), (10) жана (12) формулаларынын колдонобуз.*

$F(x) = 4tgx + 3arctgx - 5arcsinx + c;$

д) Чыгаруу: $f(x) = \frac{1}{cos^2 x} + 5x^3, \ F(x) = tgx + 5 \cdot \frac{x^4}{4} + c =$

$$= tgx + \frac{5}{4}x^4 + c;$$

е) Чыгаруу: $f(x) = \frac{3}{\sqrt{x}} - 2x^{-4},\ F(x) = 3 \cdot 2\sqrt{x} - 2 \cdot \frac{x^{-3}}{-3} =$

$= 6\sqrt{x} + \frac{2}{3x^3}$ *баштапкы функцияларды табуунун таблицасын колдонобуз.*

ж) Чыгаруу: $f(x) = \frac{2}{1+4x^2} - \frac{3}{\sqrt{1-9x^2}}$, *бул функциянын оң жагын төмөндөгүдөй өзгөртүп түзөбүз.*

$f(x) = 2 \cdot \frac{1}{1+(2x)^2} - 3 \cdot \frac{1}{\sqrt{1-(3x)^2}}$, *эми (10) жана (12) интегралдоонун формулаларын пайдаланып, баштапкы функцияны табабыз.*

$$F(x) = 2 \cdot \frac{1}{2} arctg2x - 3 \cdot \frac{1}{3} arcsin3x + c =$$
$$= arctg2x - arcsin3x + c;$$

з) Чыгаруу: $f(x) = 4cos2x + 6x + \frac{4}{x^3}$;

$F(x) = 4 \cdot \frac{1}{2} sin2x + 6 \cdot \frac{x^2}{2} + +4 \cdot \frac{x^{-2}}{-2} + c = 2sin2x + 3x^2 - -2 \cdot \frac{1}{x^2} + c.$ *баштапкы функцияны табуунун 3-эрежесин жана таблицаны пайдаланабыз.*

3. *Чыгаруу:* $\vartheta(t) = t^2 + 2t - 1$ *ылдамдыгы үчүн баштапкы функция болуп* $x(t)$ *координатасы эсептелет,*

$$x(t) = \frac{t^3}{3} + t^2 - t + c,$$

$t = 0$ *до чекит координаттык башталышта болсо, б.а.* $x(0) = 0$ *шартынан туруктуу С ны табабыз*

$x(t) = \frac{0^3}{3} + 0^2 - 0 + c$ *демек,* $c = 0$ *анда чекиттин кыймылдоо закону* $x(t) = \frac{t^3}{3} + t^2 - t$ *болот.*

4. *Чыгаруу:* $a(t) = 12t^2 + 4$ *ылдамдануусунун баштапкы функциясы* $\vartheta(t)$ *чекиттин ылдамдыгы болуп эсептелет.*

$\vartheta(t) = 12\frac{t^3}{3} + 4t + c = 4t^3 + 4t + c,\ t = 1$ *моментинде* $\vartheta(1) = 10$ *см* *болгондуктан, туруктуу С ны табабыз*

$$4 \cdot 1^3 + 4 \cdot 1 + c = 10, \quad 8 + c = 10, \quad c = 2$$

Демек, $\vartheta(t) = 4t^3 + 4t + 2$

$\vartheta(t)$ *ылдамдыгы үчүн баштапкы функция болуп* $x(t)$ *координатасы эсептелет.*

Анда $x(t) = t^4 + 2t^2 + 2t + c$ *болот.*

$x(1) = 12$ *шартынан турактуу С ны табабыз*

$$1^4 + 2 \cdot 1^2 + 2 \cdot 1 + c = 12, \quad 5 + c = 12, \quad c = 7$$

Демек, чекиттин кыймылдоо закону

$$x(t) = t^4 + 2t^2 + 2t + 7 \quad \text{болот.}$$

5. Чыгаруу:

а) $\int 9dx = 9x + c;$ *интегралдоонун формуласы боюнча.*

б) $\int 5x\,dx = 5 \cdot \frac{x^2}{2} + c = \frac{5}{2}x^2 + c;$ *(3) формула пайдаланылды;*

в) $\int x^2 dx = \frac{x^3}{3} + c;$ *(3) формула боюнча;*

г) $\int \frac{1}{\sqrt{x}} dx = 2\sqrt{x} + c;$ *баштапкы функцияны табуунун таблицасы пайдаланылды;*

д) $\int 3cosx\,dx = 3\int cosx\,dx = 3sinx + c;$ *интегралдоонун 1 – эрежеси жана (6) формула боюнча.*

е) $\int \frac{1}{sin^2x} dx = -ctgx + c;$ *(9) формула боюнча;*

ж) $\int sin\left(5x + \frac{\pi}{3}\right) dx = \frac{1}{5}\left(-\cos\left(5x + \frac{\pi}{3}\right)\right) + c;$ *интегралдоонун 3 – эрежеси жана (4) формула боюнча.*

з) $\int(5x^4 - 2x^2 + 7)\,dx = \int 5x^4 dx - \int 2x^2 + \int 7dx =$
$= 5 \cdot \frac{x^5}{5} - 2\frac{x^3}{3} + 7x + c = x^5 - \frac{2}{3}x^3 + 7x + c$ *интегралдоонун 1 - 2 – эрежелери, (3) формула боюнча;*

и) $\int \frac{7x^6+3}{x^4} dx = \int\left(\frac{7x^6}{x^4} + \frac{3}{x^4}\right) dx =$ *интеграл алдындагы*
$= \int 7x^2 dx + 3\int x^{-4}\,dx =$ *туюнтманы*

$=7\frac{x^3}{3}+3\frac{x^{-3}}{-3}+c=$ *өзгөртүп түздүк, 2 – эреже,*

$=\frac{7}{3}x^3-x^{-3}+c.$ *(3) формула пайдаланылды;*

к) $\int(3x-5)^{10}dx=\frac{1}{3}\cdot\frac{(3x-5)^{11}}{11}+c=\frac{1}{33}(3x-5)^{11}+c;$

интегралдоонун 1 – эрежеси, (3) формула боюнча;

л) $\int\frac{7}{cos^2(4x+1)}\cdot dx=7\int\frac{1}{cos^2(4x+1)}\cdot dx=$ *интегралдоонун*

$=7\cdot\frac{1}{4}tg(4x+1)+c=$ *1 – эрежеси,*

$=\frac{7}{4}tg(4x+1)+c$ *(8) формула боюнча;*

м) $\int\left(\frac{2}{sin^2x}+\frac{3}{\sqrt{1-x^2}}\right)dx=2\int\frac{1}{sin^2x}dx+3\int\frac{1}{\sqrt{1-x^2}}dx=$

$=2(-ctgx)+3arcsinx+c=$ *интегралдоонун*

$=-2ctgx+3arcsinx+c$ *1 – эрежеси, (9), (10) формулалар боюнча;*

н) $\int 2x\sqrt{x}\,dx=\int 2x^{\frac{2}{3}}\,dx=2\cdot\frac{x^{\frac{2}{3}+1}}{\frac{2}{3}+1}+\text{c}=$ *интеграл*

$=2\cdot\frac{x^{2\frac{1}{2}}}{\frac{5}{2}}+\text{c}=4\cdot\frac{x^2\sqrt{x}}{5}+\text{c}$ *астындагы туюнтма өзгөртүп түзүлдү, (3) формула колдонулду;*

о) $\int\left(\frac{1}{(3x-1)^4}+\frac{4}{\sqrt[3]{x}}\right)dx=$ *интегралдоонун*

$=\int(3x-1)^{-4}dx+4\int x^{-\frac{1}{3}}dx=$ *1 – 2 –эрежеси,*

$=\frac{1}{3}\cdot\frac{(3x-1)^{-3}}{-3}+4\cdot\frac{x^{\frac{2}{3}}}{\frac{2}{3}}+c=$ *(3) формула боюнча.*

$=-\frac{1}{9(3x-1)^3}+6\sqrt[3]{x^2}+c.$

6. Чыгаруу: $a(t)$ *ылдамдануусу үчүн баштапкы, функция болуп* $\vartheta(t)$ *ылдамдыгы эсептелет, башкача айтканда* $\vartheta'(t)=a(t)$ *ошондуктан*

$\vartheta(t) = \int a(t)\,dt = \int (8t+8)\,dt = 4t^2 + 9t + c,$

Берилген $\vartheta(0) = 3$ *шартынан турактуу* c_1 *ди табабыз.* $4t^2 + 9t + c_1 = 3$, *демек* $c_1 = 3$ *болот, анда* $\vartheta(t) = 4t^2 +$ $+9t + 3$ *болот.*

$\vartheta(t)$ *ылдамдыгы үчүн баштапкы функция* $x(t)$ *чекиттин координатасы эсептелет. Бизге белгилүү* $x'(t) = \vartheta(t)$. *Ошондуктан*

$x(t) = \int \vartheta(t)\,dt = \int (4t^2 + 9t + 3)dt = \frac{4}{3}t^3 + \frac{9}{2}t^2 + 3t + c_2.$

$x(0) = 6$ *шартынан* c_2 *ни таап алабыз*

$\frac{4}{3}0^3 + \frac{9}{2}0^2 + 3 \cdot 0 + c_2 = 6,\quad c_2 = 6$ *демек, чекиттин кыймылдоо закону* $x(t) = \frac{4}{3}t^3 + \frac{9}{2}t^2 + 3t + 6$ *формуласы менен аныкталат.*

7. *Чыгаруу: Күч Ньютондун 2-закону боюнча* $F = ma$ *формуласы аркылуу туюндурулат. Бул формуладагы ылдамдануу* a *ны* F *жана* m *аркылуу туюнтуп алабыз, б.а.*

$a = \frac{F}{m}$, $F(t) = 21sint$, $m = 7$ *болгондуктан*

$a(t) = \frac{21sint}{7} = 3sint$ *экендиги келип чыгат.*

$\vartheta'(t) = a(t)$ *экендиги бизге белгилүү. Ошондуктан*

$\vartheta(t) = \int a(t)\,dt = \int 3sint\;dt = -3cost + c_1$ *болот. Берилген* $\vartheta(\pi) = 2$ *шартынан турактуу* c_1 *ди табабыз*

$$-3cos\pi + c_1 = 2,\quad -3(-1) + c_1 = 2,\quad c_1 = -1$$

Демек $\vartheta(t) = -3cost - 1$ *болот.*

$x'(t) = \vartheta(t)$ *б.а. чекиттин координатасы* $x(t)$, $\vartheta(t)$ *ылдамдыгынын баштапкы функциясы болот. б.а.* $x(t) = \int \vartheta(t)\,dt = \int(-3cost - 1)dt = -3sint - t + c_2$ *болот.* *Берилген* $x(\pi) = 3$ *шартынан турактуу* c_2 *ни табабыз.*

$$-3sin\pi - \pi + c_2 = 3,\ -3 \cdot 0 - \pi + c_2 = 3,\quad c_2 = 3 + \pi$$

Демек, $x(t) = -3sint - t + 3 + \pi$ *болот.*

8. *Чыгаруу:* $f(x) = 3x^2 - 2x + 4$, *функциясынын баштапкы функцияларын табабыз.*

$F_1(x) = 3 \cdot \frac{x^3}{3} - 2 \cdot \frac{x^2}{2} + 4 = x^3 - x^2 + 4x + c_1$, *бул функциянын графиги* $M(-1; 1)$ *чекити аркылуу өткөндүктөн* c_1 *ди таап алабыз.* $F(-1) = 1$ *демек*

$$(-1)^3-(-1)^2+4\cdot(-1)+c_1=1, \quad -1-1-4+c_1=1,$$
$$c_1=7 \text{ болот.}$$

Демек $F_1(x)=x^3-x^2+4x+7$ *болот.*

$F_2(x)=x^3-x^2+4x+c_2$ *бул функциясынын графиги* $N(0;3)$ *чекитинен өтөт, ушунун негизинде* c_2 *ни табабыз.*
$F_2(0)=3$,*демек* $0^3-0^2+4\cdot 0+c_2=1$, $c_2=1$.
$F_2=x^3-x^2+4x+1$ *болот.*
$F_1(x)-F_2(x)=x^3-x^2+4x+7-(x^3-x^2+4x+1)=6$ *болот.*
$F_1(x)$ *–функциясынын графиги ордината огун*$(0;7)$ *чекитинде,* $F_2(x)$ *– функциясынын графиги ордината огун* $(0;1)$ *чекитинде кесип өтөт. Демек,* $F_1(x)$ *функциясынын графиги жогору жайгашат.*

1.2 - 1.3. Аныкталган интегралдарга көнүгүлөр.

9. Чыгаруу: Аныкталган интегралдарды эсептөөдө, баштапкы функцияларды табуунун таблицасын, аныкталбаган интегралдарды табуунун формулаларын жана Ньютон-Лейбництин формуласын колдонобуз.

а) $\int_0^1 x^4dx=\frac{x^5}{5}\Big|_0^1=\frac{1^5}{5}-\frac{0^5}{5}=\frac{1}{5}$;

б) $\int_{-2}^4 xdx=\frac{x^2}{2}\Big|_{-2}^4=\frac{4^2}{2}-\frac{(-2)^2}{2}=\frac{16}{2}-\frac{4}{2}=8-2=6$;

в) $\int_0^{\frac{\pi}{3}} sinxdx=-\cos x\Big|_0^{\frac{\pi}{3}}=-\cos\frac{\pi}{3}-(-\cos 0)=-\frac{1}{2}+1=\frac{1}{2}$;

г) $\int_0^{\frac{\pi}{4}}\frac{dx}{\cos^2 x}=tg\, x\Big|_0^{\frac{\pi}{4}}=tg\frac{\pi}{4}-tg\, 0=1-0=1.$

10. Чыгаруу:

а) $\int_2^4 5dx=5x\Big|_2^4=5\cdot 4-5\cdot 4-5\cdot 2=20-10=10$;

б) $\int_1^2 (2x+3)dx = (x^2+3x)\Big|_1^2 = (2^2+3\cdot 2)-(1^2+3\cdot 1) =$

$= 10-4=6;$

в) $\int_{-1}^0 (x^2+2x)dx = \left(\frac{x^3}{3}+x^2\right)\Big|_{-1}^0 =$

$= \left(\frac{0^3}{3}+0^2\right)-\left(\frac{(-1)^3}{3}+(-1)^2\right) = 0-\frac{2}{3} = -\frac{2}{3};$

г) $\int_0^{\frac{\pi}{9}} cos3xdx = \frac{1}{3}sin\,3x\Big|_0^{\frac{\pi}{9}} = \frac{1}{3}sin\,3\cdot\frac{\pi}{9}-\frac{1}{3}sin\,3\cdot 0 =$

$= \frac{1}{3}sin\frac{\pi}{3}-\frac{1}{3}sin\,0 = \frac{1}{3}\cdot\frac{\sqrt{3}}{2} = \frac{\sqrt{3}}{6};$

11. Чыгаруу:

а) $\int_{-2}^5 dx = x\Big|_{-2}^5 = 5-(-2) = 5+3 = 8;$

б) $\int_0^1 (1-x)^{\frac{1}{2}}dx = -\frac{(1-x)^{\frac{3}{2}}}{\frac{3}{2}}\Big|_0^1 =$

$= -\frac{2(1-1)^{\frac{3}{2}}}{3}+\frac{2(1-0)^{\frac{3}{2}}}{3} = 0+\frac{2}{3} = \frac{2}{3};$

в) $\int_3^8 \frac{dx}{\sqrt{x+1}} = 2\sqrt{x+1}\Big|_3^8 = 2\sqrt{8+1}-2\sqrt{3+1} = 2\cdot\sqrt{9}-2\sqrt{4} =$

$= 2\cdot 3-2\cdot 2 = 6-4 = 2;$

г) $\int_0^{\pi} 3cos\frac{x}{2}dx = 3\cdot\frac{1}{\frac{1}{2}}sin\frac{x}{2}\Big|_0^{\pi} = 3\cdot 2\,sin\frac{x}{2}\Big|_0^{\pi} = 6\,sin\frac{\pi}{2}-6\,sin\,0 =$

$= 6\cdot 1-6\cdot 0 = 6;$

12. Чыгаруу:

а) $\int_{\frac{\pi}{6}}^{\frac{\pi}{4}} \frac{dx}{sin^2x} = -ctg\,x\Big|_{\frac{\pi}{6}}^{\frac{\pi}{4}} = -ctg\frac{\pi}{4}+ctg\frac{\pi}{6} = -1+\sqrt{3};$

б) $\int_0^{\frac{\pi}{2}} sin\frac{x}{2}\cdot cos\frac{x}{2}dx = \frac{1}{2}\int_0^{\frac{\pi}{2}} sin\,x\,dx = -\frac{1}{2}cos\,x\,\Big|_0^{\frac{\pi}{4}} = -\frac{1}{2}cos\frac{\pi}{2} +$

$+\frac{1}{2}cos\,0 = 0 + \frac{1}{2}\cdot 1 = \frac{1}{2}\cdot 1 = \frac{1}{2};$

в) $\int_{-\frac{\pi}{2}}^{\frac{\pi}{2}} cos^2\frac{x}{2}dx = \int_{-\frac{\pi}{2}}^{\frac{\pi}{2}}\frac{1+cos\,x}{2}dx = \int_{-\frac{\pi}{2}}^{\frac{\pi}{2}}(\frac{1}{2}+\frac{1}{2}cos\,x)dx = (\frac{1}{2}x +$

$+\frac{1}{2}sin\,x)\int_{-\frac{\pi}{2}}^{\frac{\pi}{2}} = \frac{1}{2}\cdot\frac{\pi}{2} + \frac{1}{2}sin\frac{\pi}{2} - (\frac{1}{2}\left(-\frac{\pi}{2}\right) + \frac{1}{2}sin(-\frac{\pi}{2})) = \frac{\pi}{4} +$

$+\frac{1}{2}\cdot 1 + \frac{\pi}{4} - \frac{1}{2}(-1) = \frac{\pi}{2} + \frac{1}{2} + \frac{1}{2} = \frac{\pi}{2} + 1.$

13. Чыгаруу:

а) $\int_0^{\frac{\pi}{2}} sin^2\frac{x}{2}dx = \int_0^2\frac{1-cosx}{2}dx = \int_0^2(\frac{1}{2}-\frac{1}{2}cosx)\,dx =$

$= \left(\frac{1}{2}x - \frac{1}{2}sin\right)\Big|_0^{\frac{\pi}{4}} = \frac{1}{2}\cdot\frac{\pi}{2} - \frac{1}{2}\cdot sin\frac{\pi}{2} - \left(\frac{1}{2}\cdot 0 - \frac{1}{2}sin0\right) = \frac{\pi}{4} - \frac{1}{2}\cdot 1 =$

$= \frac{\pi}{4} - \frac{1}{2} = \frac{\pi - 2}{4};$

б) $\int_1^2\frac{dx}{(2x+1)^2} = \int_1^2(2x+1)^{-2}\,dx = \frac{1}{2}\cdot\frac{(2x+1)^{-1}}{-1}\Big|_1^2 = --\frac{1}{2(2x+1)}\Big|_1^2 = =$

$-\frac{1}{2(2\cdot 2+1)} + \frac{1}{2(2\cdot 1+1)} = -\frac{1}{10} + \frac{1}{6} = \frac{-3+5}{30} = \frac{2}{30} = \frac{1}{15};$

в) $\int_{-1}^{1}(3x^2 - 4x + 5)dx = (x^3 - 2x^2 + 5x)\Big|_{-1}^{1} =$

$= (1^3 - 2\cdot 1^2 + 5\cdot 1) - ((-1)^3 - 2\cdot(-1)^2 + 5\cdot(-1)) =$

$= (1 - 2 + 5) - -(-1 - 2 - 5) = 4 + 8 = 12;$

14 . Чыгаруу:

а) $\int_0^1\sqrt[3]{x^2}dx = \int_0^1 x^{\frac{2}{3}}dx = \frac{x^{\frac{2}{3}+1}}{\frac{2}{3}+1}\Big|_0^1 = \frac{x^{\frac{5}{3}}}{\frac{5}{3}}\Big|_0^1 = \frac{3\sqrt[5]{x^3}}{5}\Big|_0^1 =$

$= \frac{3\sqrt[5]{1^3}}{5} - \frac{3\sqrt[5]{0}}{5} = \frac{3}{5} - 0 = \frac{3}{5};$

б) $\int_{\frac{1}{16}}^{\frac{1}{4}} \frac{dx}{\sqrt{x}} = 2\sqrt{x}\Big|_{\frac{1}{16}}^{\frac{1}{4}} = 2\sqrt{\frac{1}{4}} - 2\cdot\sqrt{\frac{1}{16}} = 2\cdot\frac{1}{2} - 2\cdot\frac{1}{4} = 1 - \frac{1}{2} = \frac{1}{2};$

в) $\int_0^{\pi} tg^2 x dx = \int_0^{\pi}(tg^2 x + 1 - 1)dx = \int_0^{\pi}(tg^2 x + 1)dx -$

$-\int_0^{\pi} 1\cdot dx = \int_0^{\pi}\frac{1}{cos^2 x}dx - \int_0^{\pi} dx = tg\,x\Big|_0^{\pi} - x\Big|_0^{\pi} = ;$

$= tg\,\pi - tg\,0 - -\pi + 0 = -\pi$

г) $\int_0^2 \frac{dx}{x^2+4} = \int_0^2 \frac{dx}{x^2+2^2} = \frac{1}{2}\cdot arc\,tg\frac{x}{2}\Big|_0^2 = \frac{1}{2}\cdot arc\,tg\frac{2}{2} - \frac{1}{2}arc\,tg\frac{0}{2} =$

$= \frac{1}{2}\cdot arc\,tg\,1 - \frac{1}{2}arc\,tg\,0 = \frac{1}{2}\cdot\frac{\pi}{4} - \frac{1}{2}\cdot 0 = \frac{\pi}{8};$

д) $\int_0^3 \frac{dx}{\sqrt{9-x^2}} = \int_0^3 \frac{dx}{\sqrt{3^2-x^2}} = arc\,sin\frac{x}{3}\Big|_0^3 = arc\,sin\frac{3}{3} - ars\,sin\frac{0}{3} =$

$= arc\,sin\,1 - arc\,sin\,0 = \frac{\pi}{2} - 0 = \frac{\pi}{2}.$

г) жана д) мисалдарын чыгарууда интегралдоонун (11) жана (13) формулалары колдонулду.

15. Чыгаруу: а) $F(x) = \frac{\int_0^x (S+1)dS}{x+1} = \frac{(\frac{S^2}{2}+S)\Big|_0^x}{x+1} = \frac{\frac{x^2}{2}+x-0}{x+1} = \frac{\frac{x^2}{2}+x}{x+1};$

$F'(x) = \left(\frac{\frac{x^2}{2}+x}{x+1}\right)' = \frac{\left(\frac{x^2}{2}+x\right)'(x+1) - \left(\frac{x^2}{2}+x\right)(x+1)'}{(x+1)^2} =$

$= \frac{(x+1)(x+1) - (\frac{x^2}{2}+x)\cdot 1}{(x+1)^2} = \frac{x^2+2x+1-\frac{x^2}{2}-x}{(x+1)^2} = \frac{\frac{x^2}{2}+x+1}{(x+1)^2};$

Жообу: $F'(x) = \frac{\frac{x^2}{2}+x+1}{(x+1)^2}.$

б) $F(x) = (sinx)\int_0^x sintdt = (sin\,x)(-\,cos\,t)\Big|_0^x =$

$= -\,sin\,x\cdot cos\,x + sin\,x\,cos\,0 =$

$= -\frac{1}{2}sin\,2x + sin\,x = sin\,x - \frac{1}{2}sin\,2x;$

$$F'(x) = (\sin x - \tfrac{1}{2}\sin 2x)' = \cos x - \tfrac{1}{2}\cdot 2\cdot \cos 2x =$$
$$= \cos x - \cos 2x.$$

Жообу: $F'(x) = \cos x - \cos 2x$..

16. Чыгаруу: $y = x^2 - 4x + 6, \quad y = x + 2, \ x = 1, \ x = 4$ *сызыктары менен чектелген фигуранын чиймесин сызып алабыз.*

$x^2 - 4x + 6 = x^2 - 4x + 4 + 2 = (x-2)^2 + 2, m = 2, n = 2$

Демек $y = (x-2)^2 + 2$ *функциясынын графиги чокусу (2;2) чекити болгон, тармактары жогору караган парабола болот.*

$y = x + 2$ *функциясынын графиги парабола менен (1;3) жана (4;6) чекиттеринде кесилишкен түз сызык. Парабола жана түз сызык менен чектелген фигура сүрөттө штрихтелип көрсөтүлгөн. Бул фигуранын аянтын табуу үчүн тик бурчтуу трапециянын аянтынан ийри сызыктуу трапециянын аянтын кемитип коёбуз.*



50-сүрөт

$$S = \int_1^4 (x+2)dx - \int_1^4 (x^2 - 4x + 6)dx = \left(\frac{x^2}{2} + 2x\right)\Big|_1^4 -$$
$$\left(\frac{x^3}{2} - 2x^2 + 6x\right)\Big|_1^4 = \left(\frac{4^2}{2} + 2\cdot 4\right) - \left(\frac{1^2}{2} + 2\cdot 1\right) - \left(\left(\frac{4^3}{3} - 2\cdot 4^2 + \right.\right.$$
$$\left.6\cdot 4\right) - \left(\frac{1^3}{3} - 2\cdot 1^2 + 6\cdot 1\right) = (8+8) - \left(\frac{1}{2} + 2\right) - \left(\left(\frac{64}{3} - 32 + \right.\right.$$
$$\left.\left.24\right) - \left(\frac{1}{3} - 2 + 6\right)\right) = 16 - 2\frac{1}{2} - \left(13\frac{1}{3} - 4\frac{1}{3}\right) = 13\frac{1}{2} - 9 = 4\frac{1}{2}.$$

Жообу: $S = 4\frac{1}{2}$ *кв. бирдик.*

17. Чыгаруу:
$y = x^2 + 2, \quad y = 0,$
$x = 0, x = 2$ *сызыктары менен чектелген ийри сызыктуу трапецияны сызып алабыз. Анын аянты төмөнкүгө барабар.*



51-сүрөт

$S = \int_0^2 (x^2 + 2)dx =$

$$\left(\frac{x^3}{3} + 2x\right)\Big|_0^2 = \frac{2^3}{3} + 2 \cdot 2 - \left(\frac{0^3}{3} - 2 \cdot 0\right) = \frac{8}{3} + 4 - 0 = 2\frac{2}{3} + 4 =$$

$= 6\frac{2}{3}$

Жообу: $S = 6\frac{2}{3}$ *кв. бирдик.*

18. Чыгаруу:
$y = 2 - x^3, \quad y = 1,$
$x = -1, \ x = 1$
сызыктары менен чектелген фигуранын чиймесин сызып алабыз. Бул фигуранын аянты төмөнкүгө барабар.



52-сүрөт

$$S=\int_{-1}^{1}(2-x^3)dx-\int_{-1}^{1}1\cdot dx=\left(2x-\frac{x^4}{4}\right)\Big|_{-1}^{1}-x\Big|_{-1}^{1}=\left(2\cdot 1-\frac{1^4}{4}-\right.$$

$$\left.-\left(2\cdot(-1)-\frac{(-1)^4}{4}\right)-(1-(-1))\right)=\left(2-\frac{1}{4}+2+\frac{1}{4}\right)-(1+1)=4-2=2.$$

Жообу: $S=2$ *кв. бирдик.*

19. Чыгаруу: $y=sinx,\quad x=\frac{\pi}{2},$

$x=\pi,\ \ y=0$

сызыктары менен чектелген фигураны сызып алыбыз. Чиймедеги ийри сызыктуу трапециянын аянты төмөнкүгө барабар.



53-сүрөт

$$S=\int_{\frac{\pi}{2}}^{\pi}\sin xdx=$$

$$-\cos x\Big|_{\frac{\pi}{2}}^{\pi}=-cos\pi-\left(-cos\frac{\pi}{2}\right)=-(-1)-0=1$$

Жообу: $S=1$ *кв. бирдик.*

20. Чыгаруу:

$y=x^2-4x+4,$

$y=4-x^2$, *бул функциянын графиги чокусу* $(2;0)$ *чекити болгон, тармактары жогору капаган паробола болот.*

$y=4-x^2$ *функциясынын графиги чокусу* $(0;4)$ *чекити болгон,*



54-сүрөт

тармактары төмөн караган парабола болот. Бул параболалар *менен чектелген фигуранын аянты, ал параболалар менен чектелген ийри сызыктуу тропециялардын аянттарынын айрмасы болот.*

$$S=\int_0^2(4-x^2)\,dx-\int_0^2(x^2-4x+4)dx=\left(4x-\frac{x^3}{3}\right)\Big|_0^2-\left(\frac{x^3}{3}-2x^2+\right.$$

$$\left.+4x\right)\Big|_0^2=\left(4\cdot2-\frac{2^3}{3}\right)-\left(4\cdot0-\frac{0^3}{3}\right)-\left(\frac{2^3}{3}-2\cdot2^2+4\cdot2-\right.$$

$$\left.-\left(\frac{0^3}{3}-2\cdot0^2+4\cdot0\right)\right)=8-2\frac{2}{3}-2\frac{2}{3}=8-5\frac{1}{3}=2\frac{2}{3}$$

Жообу: $S=2\frac{2}{3}$ *кв. бирдик.*

